**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**БАТКЕН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда
УДК.37:378:378:937:398.

**Нажимидинова Асылкан Элчиевна**

# ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери

13.00.02- окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы

(кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
ДИССЕРТАЦИЯ

Илимий жетекчи:
Рысбаев С.К., п.и.д., профессор

Баткен - 2021

## МАЗМУНУ

Киришүү…………………………………………………………………...............3

**I БАП. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы, аны ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы**

1.1. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну жана учурдагы маани-маңызы……………………..............................................................................12

1.2. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык өңүттө изилденишинин жана ЖОЖдордун окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы…………...................................... 30

1.3. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары………..…..................................................................... 41

Биринчи бап боюнча корутунду……...…………………………….......... 65

**II БАП.Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору**

2.1. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору...............................................68

2.2.Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтык-тары...........................................................................................................................75

Экинчи бап боюнча корутунду………………………………………...... 88

**III БАП. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору**

3.1. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары .........................................................................91

3.2. Балдар ырлары, табышмактар жана жаңылмачтары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу..101

3.3. Макал-лакаптар аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу…….......................................139

3.4. Элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу.........................…………………………………………..............154

Үчүнчү бап боюнча корутунду.......................................................................163

Жалпы корутунду жана практикалык сунуштар…………………………165

Пайдаланылган адабияттар.................…………………………...............171

Тиркемелер……………………………………………………………………184

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу -** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири – ошол сырттан келген жагымсыз көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл алып, ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурдагы жаштарда баңгичилик, ичкилик ичүү, тамеки тартуу, рэкеттик кылуу, бирөөлөрдү басынтуу сыяктуу терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мектеп – ата-эне – социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктугу кадыресе байкалат. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшыраары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго

алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» болуп отурат. [Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы // Кутбилим, 2010, 20-авг]

Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз элинин этникалык педагогикасындагы улуттук фольклордун ордун, анын идеяларын жогорку окуу жайларында окутууну өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, Я.А.Коменский, А.С.Макаренко, И.Г.Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.) окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген. Кыргыз элинин фольклордук чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар: Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, А.Аттокуров, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Т.Н.Каранова, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.О.Ормонов ж.б.; фольклористтер: А.А.Акматалиев, К.А.Артыкбаев, С.Б.Байхожоев, М.Б.Борбугулов, С.З.Закиров, С.Ж.Жигитов, Ж.М.Мукамбаев, С.З.Закиров, Т.Т.Танаев, Ж.Т.Төлөев, А.Э.Эркебаев ж.б.; балдар адабиятын изилдөөчүлөр: К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, М.С.Сулайманов, О.С.Сооронов, А.Сатарова, М.Түлөгабылов, Г.Орозова ж.б. тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы конкреттештирип, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемасына багыттадык.

Теориялык жана практикалык жактан ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери бир топ окумуштуулар жана окутуучулар тарабынан каралганы менен проблема ырааттуу изилдөөгө алынган эмес. Анын башкы себептери жана карама-каршылыктары булар болду: азыркы кезде жаш муундарды этномаданияттуу инсан катары калыптандырууда элдик тарбиялоого болгон талаптын өсүшү менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбагандыгы; кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын бай мазмуну жана аны азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга тарта албай жаткандыгыбыз; болочок мугалимдерди балдар фольклору аркылуу жогорку окуу жайында этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптоо боюнча даярдоонун илимий изилдөөгө алынбагандыгы жана окутуучулар үчүн методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы. Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүүдө изилдөөнүн **проблемасын** аныктап, темабызды **«ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери»** деп атадык.

**Изилдөөнүн алдында коюлган проблема:** Учурда ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору филологиялык гана максатта окулуп келатканы маалым. Ошондуктан, анын таалим-тарбиялык маани-маңызын туура түшүнүү жана ал аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери иштелип чыгат жана аны практикага колдонуунун проблемалары, формалары, методдору чечилет.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук

жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеяларын ишке ашыруу жана БатМУнун Табият таануу жана педагогика факультетинин Педагогикалык билим берүү кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасын теориялык жактан негиздөө жана аларды практикага киргизүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, иштелип чыккан сунуштардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмунун, таалим-тарбиялык функцияларын жана алардын азыркы ааламдашуу доорундагы маани-маңызын аныктоо;
2. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн тарыхын жана анын изилденишин талдоо;
3. Кыргыз балдар фольклорун ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окутуу процессинде студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенцияларды аныктоо;
4. Улуттук балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдүн формаларын, методдорун иштеп чыгуу, аларды практикага сунуштоо жана сунушталган методикалык ыкмалардын, жолдордун натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн божомолу:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасын өркүндөтүүгө болот. Эгерде:

- балдар фольклорун этнопедагогикалык негизге таянып окуп-үйрөнүүнүн методологиялык, педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык негиздери туура табылса;
- кыргыз балдар фольклорунун бөтөнчөлүктөрү, темалары, идеялары, поэтикасы окутууда эске алынса;
- кыргыз элинин оозеки адабиятынын балдар темасындагы чыгармалар ошол элдин башынан өткөн тарыхый шарттары, улуттук менталитети, улуттук тили, улуттук психологиясы жана педагогикасы менен байланышта каралса;
- окуп-үйрөнүү ишмердүүлүгүндө салттуулук менен жаңычылыктын катышы натыйжалуу пайдаланылса;
- ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окутуу процессинде студенттердин кызыгуулары, аймактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү эске алынса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** төмөнкүлөр менен аныкталат: ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология, дидактика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; аталган окуу жайларында балдар фольклорун окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденди.

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталды; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттары эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу процесси илимий-методикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар аталган факультеттерде «Балдар адабияты» дисциплинасын окуткан адистер тарабынан пайдаланылат. Биздин сунуштар, табылгалар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемасы өз алдынча методологиялык, методикалык негиздерге ээ жана өзүнүн тарыхый өсүш жолу, эволюциясы, өзгөчөлүктөрү бар;
- Кыргыздын балдар фольклорунун өзөгүндө элдик педагогикалык идеялар сиңирилген жана алар аркылуу учурдагы ЖОЖдордун студенттеринин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруучу мүмкүнчүлүктөр кеңири;
- Балдар фольклору аркылуу ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда окуу-усулдук комплекстеринин, окутуу методдорунун жана илимий-педагогикалык-методикалык изилдөөлөрдүн ролу чоң жана биздин изилдөөлөр, андан алынган сунуштар проблеманы чечүүгө негиз боло алат.

**Изилдөөчүнүн жекече салымы:** Изденүүчүнүн, учурдагы ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыздын балдар фольклорун филологиялык гана максатта эмес, анын өзөгүндө жаткан этнопедагогикалык

таалим-тарбия берүүнүн маани-маңызын, функциясын, анын этнопедагогикалык мүнөздөмөсүн тактоо менен, аны жүзөгө ашыруунун формаларын, методдорун, технологиясын аныктагандыгы.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы:** Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары 2013-2018-жылдардын арасында БатМУнун Табият таануу жана педагогикалык факультетиндеги жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттинин Педагогикалык факультетинде өткөрүлгөн конференцияларда, эл аралык конференцияларда, жергиликтүү илимий басылмаларда, студенттер менен өткөрүлгөн лекция-семинарларда, тегерек столдордо, сабактарда жайылтылды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы:** Изилдөөбүздүн темасы боюнча жана анын жыйынтыктары “Этнопедагогикалык сабактардын иштелмеси” жана “Бейиш энелердин таман астында” деген аталыштагы методикалык куралдар, 16 илимий макалада жарыяланды. Анын ичинен 12 республикалык жана 4 макала эл аралык басылмаларда басылып чыкты.

**Изилдөөнүн этаптары. Изилдөө иши үч этапта жүргүзүлдү.**

**Биринчи этапта** (2013-2014, 2014-2015-окуу жылдары) аныктоочу эксперимент жүргүзүлүп, изилдөө ишибизге жараша студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрү, билимдери жана турмуштук көндүмдөрү иликтөөгө алынды. Проблема айкындалып, изилдөө ишибиздин аппараты аныкталды. Ага ылайык темага байланыштуу илимий-теориялык, методикалык эмгектер үйрөнүлдү, жалпылаштырылды, изилдөөнүн баштапкы божомолу иштелип чыкты, кийинки эксперименттик иштердин планы, максат-мазмундары аныкталып, такталды.

**Экинчи этапта** (2015-2016, 2016-2017-окуу жылдары) изденүүчү эксперимент жүргүзүлдү. Бул мезгилди аныктоо экспериментинде келип чыккан проблемаларды чечүү үчүн илимий-педагогикалык, методикалык адабияттар тереңдетилип үйрөнүлдү; студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүнүн багыттары аныкталды, компетенттүүлүктөрдү

калыптандыруунун жолдору, методдору, принциптери иштелип чыкты; атайын модель түзүлүп, ага жараша иштөөнүн жолдору аныкталып, такталды. Алар изденүүчү эксперименттин кийники мезгилине сыноого коюлду.

**Үчүнчү этапта** (2017-2018, 2018-2019-окуу жылдары) сунушталган ыкмалар боюнча окутуу экспериментине өттүк. Мында биз сунуш кылган ыкмалардын туура экендигин байкадык. Алынган оң найыжалдарды талдап, корутунду чыгардык. Эксперименттик иштердин натыйжалары иликтенип, диссертациянын толук тексти иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн түзүлүшү:** Изилдөө киришүүдөн, 3 баптан жана 9 параграфтан, ар бир главанын өзүнчө корутундуларынан илимий-методикалык сунуштар жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

**Биринчи бап I БАП. “Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы, аны ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы”** деп аталат да, кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызынын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары тууралуу иликтенип, бап боюнча негизги жоболор корутундуланды.

**Экинчи бап “Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору”** деп аталуу менен изилдөөнүн материалдары, методдору, эксперименттик материалдардын мазмуну, эксперименттик методдун уюштурулушу, анын жүрүшү жана жыйынтыктары кирди.

**Үчүнчү бап “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору”** деп аталды да студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору,

балдар ырлары, калптар, табышмактар, жаңылмачтар, элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер  аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруу маселелери каралды. Андан соң, изилдөөнүн жалпы жыйынтыктары боюнча корутунду чыгарылып, аларга ылайык практикалык сунуштар берилди.

# I БАП. “Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы, аны ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы”

## 1.1. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну жана учурдагы маани-маңызы

Кыргыз эли байыртадан эле өз муунунун келечегин ойлоп, көчмөн турмушта жашаганына карабастан, аларды улуттук таалим-тарбиянын мыйзамдарына ылайык тарбиялап, адептик сапаттарды мүнөздөрүндө калыптандырып келишкен. Элибиздин мындай каада-салттарын жаштарда калыптандырып, аң-сезимине сиңирүүдө элдик оозеки чыгармачылык негизги ролду ойнойт. Анткени элдик оозеки чыгармалардын ички мазмуну, негизги идеялары элдик мүнөздө болуу менен, анда элдин үмүт-тилеги, салт-санаасы, кайгы-капасы, эртенки келечеги камтылып, бул аруу тилектер муундан муунга өткөрүлүп берилип, асыл тарбия-таалимдер келечек муунду тарбиялоочу элдик педагогикага өткөрүлүү менен бирге анын каражаты катары саналат. Бул тууралуу окумуштуулар төмөнкүдөй ойлорун айтышат. А.Алимбеков: "Элдик педагогика - бул баарынан мурда, тигил же бул улуттун социалдык турмушунун практикасы, таалим-тарбия жаатындагы предметтүү, жөрөлгөлүү иш-аракеттеринин бөтөнчө системасы. Демек, элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл-ойлордун, ишеним-идеялардын гана уюткусу эмес, ал барынан мурда, ошол идеяларды калыптандырууга багыттылган элдик педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен” [Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы 1-бөлүк. -Б.:1997.-6-7-б.] - десе; окумуштуу Н.Ишекеев: "Күнүмдүк тиричиликке, чарбалык ишке, маданиятка, этнопедагогикага байланыштуу, эмприкалык практикалык билим берүү далалат болуп, ар бир жаңы муун өзүнөн мурункулардын тажрыйбаларын өздөштүрүп, аны байытып,

өркүндөтүп, алдыга жылдырып келген" [Ишекеев А. Кыргыз адабиятын мектептерде окуутунун тарыхы. - Б.: 1994. 14-б.] - дейт. Г.Н.Волков: “Элдик педагогика-элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюн жана оюнчуктарда сакталган элдин педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму, тарбия жаатындагы элдик эмприкалык билимдери, оозеки педагогикалык чыгармачылыгы" [Волков Г.Н. Этнопедагогика. –Чебоксары, 1974] - десе, ал эми проф. И.Б.Бекбоев: "Элдик педагогика - бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, салт-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зооктордо, этнографиялык тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тарбиялык тажрыйбалардын чокусу. Демек, элдик педагогика - улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп келген. Ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген" [Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне // Эне тили, 1992, 14-апрель, №13]. Жогорудагыдай көптөгөн окумуштуулар сыяктуу эле Э.Мамбетакунов, Т.Сияевдер "Элдик педагогикалык ой-толгоолор кыргыз элинин ар түрдүү салт-сааналарында, улуттук оозеки чыгармаларында орун алып келген" [Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. - Б.: -2002. -6-бет] - деп белгилешет.

Бул көрүнүш бир гана кыргыз элинде эмес, ар кандай улуттардын элдик оозеки чыгармаларында этнопедагогикалык аспектиде илимий изилдөөлөрүн аспектисине айланып келген. Ошол эле мезгилде оозеки чыгармалардын ички мазмуунунда жаткан таалим-тарбиялык асыл баалуулуктарды илимий педагогиканын жоболору менен айкалыштырып өнүктүрүп тургандыгы менен ар дайым актуалдуу экендигин белгилесек болот. Бул маселе бүгүн эле

капыстан чыга калган жок, ал А. Берунинин, А. Рудакинин заманынан бери белгилүү. Улуу педогог Я. Коменский, швец педогогу И.Г.Песталоцци да өздөрүнүн педагогикалык жоболорун элдик педагогиканын идеялары менен жалпылаштыруу аркылуу аны өнүктүрүүнүн педагогикасын иштеп чыгышкан. Оозеки чыгармаларга негизделген элдик тарбия жаш муундарды тарбиялоодо негизги мектеп боло тургандыгын орус этнографы Т.С.Виноградов, грузин окумуштуусу-этнограф А.Д.Хинтибидзе, азербейджан А.Ш.Гашимов белгилеп көрсөтөт. Чындыгында бул көз караштан алганда элдик педагогика башкача ой-пикирлердин бир системага салынып калгандыгын "Дагестан элдик педагогикасы" (Ш. А. Мирзаев,1984), "Казакстанда элдик педагогиканы изилдөөнүн проблемалары" (Н.Кукешбаев,1974), "Түркмөн элдик педагогикасынын очерктери "(К.Перлиев), " Элдик педагогикага" (А.Э.Измайлов, 1991), "Сибирь жана Ыраакы Чыгыштын орус эмес элдеринин этнопедогогикасы" (В.Афанасьев,1979), "Кыргыз элдик педагогикасынан" (А.А.Алимбеков, 1999) байкоого болот. Ал эми Г.Н.Волков өзүнүн фундаменталдуу этнопедагогикасында өзүнө чейинки изилдөөлөргө таянуу менен бул илимди белгилүү деңгээлде философиялык, илимий педагогикалык жактан негиздеди. Демек, бул изилдөлөрүбүздө көрсөтүлгөндөй ар бир элдик өзүнө таандык байыртадан келе жаткан таалим-тарбия мыйзамдары бар экендигинин күбөсү болобуз.

Балдар адабиятынын алгачкы өнүгүп чыккан булагы - фольклор. Ал кара сөз менен айтылган терең мазмундуу, тарбиялык мааниси күчтүү не бир сонун бешик ырларынан тартып, кошок ырларына чейинки жанрдык ар түрдүүлүктөн жана тематикалык ар кылдыктан турган чыгармалар кыргыз элинин маданий мурастары балдар адабиятынын жазма түрүндө калыптанып өнүгүү башташында чоң роль ойноду. Ошол себептүү бөбөктөр үчүн жазылган алгачкы этаптардагы чыгармаларда фольклорго мүнөздүү формалар, сүрөттөө каражаттары басымдуулук кылат жана оозеки

адабиятындагы сюжеттер кеңири пайдаланылгандыгын көрүүгө болот [А.Т.Калдыбаева, Б.К.Үкүева “Элдик акындар жана тарбия”-Б., 2006. -3-б.].

Балдар фольклору дүйнө элдеринин адабиятында да фольклордун бир бөлүгү катары изилденип келе жатат. Ал эми кайсы эл болбосун өзүнүн фольклористика илиминде балдар чыгармачылыгына өзгөчө көңүл бөлүп, анын жаш өзгөчөлүгүнө, аткарган функциясына, жалпы методологиялык принцибине таянып изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Ошол ар бир улуттун балдар фольклорунда жанр, термин маселелери да илимий жактан эбак такталып калыптанган. Кыргыз балдар фольклорун изилдөөнүн жеке эле тарыхый фольклордук планда эмес, профессионалдык балдар адабиятынын теориясын, тарыхын ар тараптуу изилдөөдө да терең мааниси бар. Бүгүнкү күндө балдардын жеке чыгармачылыгына, заман талабына ылайык интеллектуалдык ой жүгүртүүсүнө көңүл буруугa мезгил жетти. Бул максатка жетүү үчүн элдик педагогиканын принциптерин, улуттун салттык мурасын, фольклорун терең үйрөнбөй туруп максатка жетүүгө болбойт. Ал эми илимий тармакка назар салып карасак «элдик педагогика» же «этнопедагогика» терминдерине педагогика илимин изилдешкен аалымдар же коомдук ишмерлер ар кандай вариантта түшүндүрмө берип келишет. Айтылуу орус этнографы Г.С.Виноградов илимге «элдик педагогика» деген түшүнүктү киргизсе, грузин элинин окумуштуусу этнограф А.Ф.Хинтибидзе элдик эпостордун, балдар жомокторунун негизинде жаткан элдик таалим-тарбия идеяларын изилдеген. Ал эми азербайжан элинин окумуштуусу А.Ш.Гашимов элдик педагогика жаш муундарды тарбиялоодо жана аларга дүйнө таанууда негизги мектеп болуп саналаарын туура баалаган. Мындай маанилүү ойлордон соң, түрдүү калктардын этнопедагогикалык жана фольклордук мурастары илимий-методикалык, педагогикалык-философиялык өңүттө атайын изилдөөнүн обьектисине алынган. Алардагы фольклордук, педагогикалык идеяларды өз алдынча изилдеп гана тим болбостон, анын негизинде жаткан таалим-тарбия жоболорунун илимий

педагогиканын жоболору менен ырааттуу, үндөштүктө колдонула тургандыгы далилденип отурат.

Элдик педагогиканын принциптерин, улуттун салттык мурастарын, фольклорун илимий педагогиканы өркүндөтүүдө пайдалануунун зарылчылыгы - өз учурунун тарбия берүү жаатындагы коомдун талабы. Баланы гармониялуу, комплексттүү, жөндөмдүү тарбиялап өстүрүү туурасындагы элдик идеялар илимий педагогиканын жоболоруна да дал келет. Жаш муундарды ошол элдик идеялардын негизинде тарбиялоо максатында кыргыз элинин педагог окумуштуулары И.Б.Бекбоев, М.Р.Рахимова, Н.Имаева, Н.Асипова, Э.Мамбетакунов жана башкалардын айткан илимий-методикалык жоболорун белгилеп кетүүгө болот. Кыргыз элинин салттуу тарбия маданияты табиятка шайкештик, тарбиялануучунун курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, баланын инсанын урматтоо менен ага коюлуучу олуттуу талаптардын биримдигине  жетишүү сыяктуу жана башка принциптерге негизделген [А.Алимбеков Кыргыз элинин билим берүү салттары. –Б., 2001. 54-б.]. Элдин түшүнүгүндө таалим-тарбиянын жемиштүүлүгү адамдын өмүр жашынын бардык баскычтарынын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн таамай так билип, ага ылайык ырааттуу камкордук көрүүдөн көз каранды. Башкача айтканда, балада анын курактык өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлине жооп берүүчү жана аны кийинки курактык мезгилге, өнүгүүнүн жогоруураак баскычына өтүүгө даярдоочу сапаттарды, касиеттерди калыптандыруу керек [А.Алимбеков Кыргыз элинин билим берүү салттары. –Б., 2001. 57-б.].

Балалык - адамдын өмүрүнүн эң маанилүү мезгили, келечектеги турмушка даярдык көрүү  эмес, чыныгы жаркыраган, өзгөчө кайталангыс өмүр. Балалык кандай өтсө, бала чакта аны ким жетелесе, анын акыл-эсине жана жүрөгүнө  айлана чөйрөдөн  эмнелер таасир кылса, бүгүнкү  күндөгү бала кандай адам болуп чыгаары мына ушуга жараша болот.  Бул өзгөчөлүк жөнүндө улуу педагог В.А.Сухомлинский минтип жазат: «Дүйнөдө адамдын

инсанынан татаал жана бай нерсе жок. Аны ар тараптан өнүктүрүү, адептүүлүгүн өркүндөтүү - тарбиянын максаты. Бул максатка жетүүнүн жолу адамдын өзү сыяктуу татаал» [Сухомлинский В.А. Тарбия жөнүндө. –Ф., Мектеп, 1985].

Ооба, бала чоңойгон сайын жашоого кызыга баштайт, чон адамдар менен карым-катнаш жасоодо аларды туурайт да адам баласына таандык болгон бардык кулк-мүнөздүн ыктарын үйрөнөт жана билет. Анын организминин жана нерв системасынын нормалдуу өсүшү, психикалык сапаттарынын жөндөмдүүлүгү өзүнөн-өзү өнүкпөйт. Алар тарбиянын жана чөйрөнүн таасири аркылуу, социалдык тажрыйбалар менен таанышат, аны өздөштүрөт. Ошентип балада таанып-билүүчүлүк, жүрүм-турумдук, баалуулук сезимдери бир кыйла түптөлө баштайт. Демек, балдардын билим көрөңгөсүн өстүрүүдө балдарга арналып жазылган фольклордук чыгармалардын таасири зор. Балдар фольклору үйдө, бала бакчада, мектепте, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылат. Балдар фольклорунун табигый өсүү генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого, аңдоого болот . Балдарга арналган фольклордук чыгармалар адам анын жашоо тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулк-мүнөз жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт. [Орозова Г. Балдар фольклору.-Б.:Шам.2002.-46.].

"Элдик" педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап окутуп, калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, жоболорун, кыргыздын улуттук педагогикалык таалим-тарбия берүүчү эрежелерин "Манас" эпосунан көрүүгө болот. Чындыгында, "Элдик педагогика улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап,

белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардан, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин ыймандык нарк-дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмприкалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы" [Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы" 1-бөлүк. -Б.: 1997. 7-бет] болгон. Демек, жогорудагы изилдөөлөрдө көрсөтүлгөндөй элдик педагогика:

1. Улут болуп калыптанганга чейинки кезден баштап эле колдонулуп келген тарбиялоо идеялары камтылат;

2. Ошол идеялар географиялык, тарыхый шарттарга ылайык, элдин керектөөлөрүнө жараша өнүгүп-өсүп, ылганып, тазаланып турат;

3. Ал идеялар муундан муундарга электен өткөрүлүп, улам кийинкилерге таберик буюмдай аздектелип, мурасталып өткөрүлүп берилет;

4. Элдик педагогикалык салттар ар дайым тарбиялоо багытын көздөйт;

5. Ал эми эмприкалык билимдерден жана практикалык иш-аракеттерден туруу менен илимий педагогикага өсүп жетпеген, бирок классикалык (илимий) педагогика менен анын каражаттары жана методдору карама-каршы келбей, тескерисинче бири-бирин толуктап турат;

6. Анын баардык табылгалары эл массасына таандык болгон жана бул же тигил жеке киши андай идеялардын автору катары өзүн көрсөтө албайт" (А.Ж.Муратов, К.КАкматов, Б.Ш.Тажикова. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-китеп -Ош, 2015. 17-бет).

Демек, А.Алимбеков айткандай: " Элдик педагогика - элдик таалим-тарбиялык идеяларын, тажрыйбаларын мүнөздөөгө карата айтылса, ал эми этнопедагогика теориялык ой жүгүртүүлөрдүн, илимдин сферасы катары таанылат. Эгер "Элдик педагогика” жана "Этнопедагогика" деп эки хрестоматиялык жыйнак түзүлө турган болсо, анда биринчисинде, элдик педагогикалык мазмуундагы оозеки чыгармалар, үрп-адат, каада-салттардын кыскача баяндамасы орун алмак, экинчисинде, ошол тарбиялык салттарды,

орошон ойлорду илимий талдоого алган эмгектерден турмак" [АлимбековА. Кыргыз этнопедагогикасы 1-бөлүк. -Б.: 1997. 8-бет] - деп белгилейт. Бирок көпчүлүк элдердин илиминде бул түшүнүктөр синоним катары колдонулуп келет. Канткен менен бул эки илимдин ортосунда диалектикалык байланыш жана айрымачылык бар экендигин И.Бекбоев жогоруда аталган макаласында белгилеп көрсөтүп, элдик педагогиканын жоболору көбүнчө конкреттүү бир элде, конкреттүү бир аймакта, конкреттүү улутта гана өз жемишин жакшы бере алат [Бекбоев И. Элдик педагогика деген эмне // Эне тили, 1992, 14-апрель, №13] дейт.

Жогорудагыдай этнопедагогикалык изилдөөлөр 19-кылымдын аягы 20-кылымдын башында жолго салына баштаган. Ал изилдөөлөрдө түздөн түз элдик оозеки чыгармалардагы педагогикалык ойлор изилденбесе да, белгилүү деңгээлде окумуштуу-педагогдор Ж.Койчуманов, А.Имаевалар Т.Сатылганов менен Тоголок Молдонун чыгармаларындагы элдик педагогикалык ойлорду системага салууга аракеттенишкен.

70-жылдары Т.Ормонов, Ж.Бейшекеев, Ж.Саипбаев, Б.Апышев, К.Кыдыралиевдер диссертацияларын жазышкан. Маселен, Т.Ормонов Педагогические воззрения древних киргизов эпос “Манас”: Автореф... дисс. дисс.канд.пед.наук. –Казан: 1972, Ж.Бешимов Народные традиции в нравственном воспитании школьников старших классов [на материале Киргизии: Автореф... дисс.канд.пед. наук. –Казан, 1975, Ж. Саипбаев Идеи воспитание подрастающего поколения в киргизской народной педагогике на материалах малых эпических форм киргизского фольклора].- Автореф... дисс.канд.пед. наук. -Ф.:1979, -с.20, Б.Апышев Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старше классников [на материалах сельских школ КиргизскойССР. Автореф... дисс.канд. пед.наук. -М.: 1974, К.Кыдыралиев Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказсках. -Ф. 1975.-185бет] андан ары бул маселени улантышкан. Ал эми 80-90-жылдары этнопедагогика илими андан ары түптөлө баштагандыгын

У.Эгембердиевдин, М.Рахимованын, А.Калдыбаеванын, Ж.Орозбаевдин, А.Исаевдин, Н.Панкованын, А.Аттокуровдун, А.Акматалиевдин, А.Алимбековдун, А.Бердиевдин, С.Байгазиевдин, Т.Үмөтовдун, С.Иптаровдордун илимий изилдөөлөрүнөн, илимий-тарбиялык концепцияларынан көрүүгө болот. Андан тышкары жалпы же кыргыз балдар фольклору ар тараптуу изилдене баштагандыгын балдар фольклорундагы ар кандай жанрларда, ар кандай мүнөздөгү теориялык эмгектер океандай улуу "Манас" эпосунан баштап, кичинекей дидактикалык чыгармаларга чейин теориялык жактан Т.Саманчин, Б.Юнусалиев, Х.Карасаев, З.Бектенов, Т.Байжиев, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, А.Акматалиев, А.Сыдыков, Б.Керимжанова, Ж.Субанбеков, М.Сулаймановдор талдап, балдар фольклорундагы тарбиялык маани-мазмундун күчтүүлүгүнө баа беришкен менен алардын ички дасмиясындагы элдик педогогикалык ойлорду, идеяларды, принциптерди, компетенттүүлүктү изилдешкен эмес. Болгону жогорудагы эмгектердин ичинен Бишкектен 1998-жылы жарык көргөн Ж.Койчумановдун "Элдик педагогиканын берметтери" деген эмгегинде дидактикалык жанрдагы макал-лакаптардын таалим-тарбиялык маанисине токтолуп, классификациялангандыгын белгилесек болот.

Ал эми 80-жылдарда А.Калдыбаеванын диссертациясында К.Акыевдин педагогикалык мурастары талданса [Калдыбаева А. Народные воспитание в творческом наследии К.Акыева и их изпользование в современный педагогический практике школ Кыргызстана: Автореф... дисс.канд. пед. наук. -Алма-Ата, 1988.; К.Акыевдин чыгармаларынын тарбиялык мааниси. -Б.1994], экинчи китебинде Орто Азия элдеринин элдик педагогикалык салттарынын ортосундагы айырма, окшоштуктарына типологиялык анализ жүргүзүлгөн.

Кыргыз этнопедагогика илиминин өнүгүшүндө М.Рахимованын салымы чоң. Анткени ал балдар бакчалары үчүн программа түзүп, анын мазмунунда балдарга арналган элдик оозеки чыгармалар (жанрлары бөтөнчө), элдик

оюндар киргизилип жаш бөбөктөрдүн руханий жан дүйнөсүнүн калыптанышына чоң көмөк көрсөткөн. Экинчиден, М.Рахимованын дагы бир чоң көмөгү анын жетекчилиги менен Т.В.Панкова “Научные педагогический основы сравнительный этнопедагогики" деген темада докторлук ишин жактаса, З.А.Жолдошбеков "Кыргыз үй-бүлөсүндө мектеп жашына чейинки балдардын карым-катнаш маданиятын калыптандыруу", Н.Түнкатарова "Кыргыздын турмуштук каада-салттары аркылуу мектеп жашына чейинки балдарды эмгекке тарбиялоо", Т.У.Рыскулова "Мектеп жашына чейинки экологиялык маданиятты калыптандыруу", Н.К.Дюшеева "Подготовка будущего учителя и изпользованию прогрессивный традиции народный педагогики в учебно-воспитательном процессе общеобразательных воспитательном процессе общеобразавательный школы" (2000), К.Жаныгулов "Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу процессинде колдону (19-20-к.)" (2009), Р.Кутанова "Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интелегенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата-Мекенди сүйүүгө тарбиялоо" (2010) сыяктуу диссертациялар корголду.

Айрыкча 2000-жылдан баштап ЖОЖдорго этнопедагогика предмет катары киргизилип, буга чейин окуу-методикалык материалдар тартыш болсо, аталган жылдардан тарта атайын педагогика адистигинде окуп жаткан студенттер үчүн окуу методикалык материалдар кеңири жарык көрө баштады. Ага М. Р Рахимова менен Т. В. Панкованын "Кыргызская народная педагогика" (1993), К.Кыдыралиевдин "Этнопедагогика-улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы" (2010), С.Иптаровдун "Кыргыз эл педагогикасы (1998), С.К.Рысбаевдин "Кыргыз башталгыч мекемелеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү" [Педагогика илимдеринин доктору Окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертация. Автореферат. -Б. 2006. -49бет], С.К.Рысбаев кыргыз балдар

фольклорунун педагогикасы (2006), С.Саипбаевдин "Идеи воспитание подрастащего пооления в киргизской народный педагогика на материалах малых эпических форм киргизского фольклора  (1979), А.Калдыбаеванын "Эл акындарынын этнопедагогикалык идеяларын жаштарды тарбиялоодо колдонуунун илимий методикалык негиздери  (2007), А. Калдыбаеванын Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар (2005) 2005-жылы жазылган монографиясы, В.Н.Волковдун жетекчилигинде А.Алимбековдун 1999-жылы "Формирование будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младщих школьников на прогрессивных традициях народный педагогики ( на материале педвузов Кир.ССР) аттуу кандидаттык диссертациясын, 2010-жылы Теория практика этнопедагогический подготовки учителя в системе высшего педагогического образования" деген темадагы докторлук диссертациясын жактады.

А.Муратовдун "Көркөм адабий тексттердеги элдик педагогикалык ойлор жана аларды окутуу прогрессинде интерпретациялоонун илимий-методикалык негиздери (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында) аттуу докторлук диссертациясынын жазылышы, ага чейин жарык көргөн А.Муратовдун ["Атэтнопедагогикасы-Ч.Айтматовдо: “Эрте келген турналар” повестинин  мисалында” [2005:54-бет], Ч.Айтматов жазуучу-этнопедагог [2006:204-бет] аттуу монографиялары, Р.Курманходжаеванын "Педагогические воззрения Чингиза Айтматова" (2002) аттуу докторлук диссертациясы, Украинада жазылып, корголгон Р.А.Абдыраимованын "Истоки духовной культуры кыргызского народа" [АПН Украины. Ин-т проблем воспитания. -К.: Довира, 1997. -167с.] монографиясы, "Воспитание детей младшего школьного возраста в семье средствами кыргызской этнопедагогики" деген темадагы докторлук диссертациясы, Х.Анаркуловдун "Кыргыз эл оюндары" (1991); [Кыргызские народные подвижные игры, физические упражнения в современность -Б.2003.-28. 4-бет] сыяктуу эмгектери, "Пути повышения эффективности учета региональных факторов и

народных подвижных игр (на материал Кыргызский ССР) (1980); Т.Уметовдун "Педогогические условия изпользование кыргызских народных развивающих игр до школьных учреждениях (1996). Игра в системе народный педагогики (1998) аттуу эмгеги; Ж.Орозбаевдин "Эстетический воспитание младших школьников на прогрессивных традициах народный педагогики (на материале кир.сер) (1988); Акимкулова Г.А. "Използование педагогической лексики как средства взаимосвязанного изучения родной (киргизской) и русской литератур. На материале эпоса "Манас" и "Слова в полку Игореве" (1998); Б.Муратбаев "Формирование у будущего учителя готовности к трудовому воспитанию младщих школьников средствами кыргызской этнопедагогики (2006); Ч.Т.Осмонова "Взаимосвязь кыргызских народных традиций и современных методов стимулирование в развитии нравстенно-трудовой активности младших школьников (2000). К.К.Турусбекова "Становление развитие народный педагогики и пути решение ее современных задач по воспитанию детей в семье средствами дисциплин общественно исторического цикла. (), К.Ж.Каракозуева "Башталгыч класстын окуучуларынын адеп маданиятын калыптандыруунун педагогикалык негиздери" (2010); Р.А.Кутамова "Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интелегенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата-Мекенди сүйүүгө тарбиялоо" (2010); Ж.Г.Байышова "Мектептердин башталгыч класстарынын сабактан тышкары иштеринде элдик салттар аркылуу экологиялык тарбиялоонун илимий негиздери" (2010); И.Даминова "Кыргыз эл педагогикасынын прогрессивдүү идеялары жана тажрыйбалары аркылуу башталгыч класс окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо" (2010); Ж.Ж.Тургунбаева "Элдик дидактикалык чыгармалар аркылуу окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоонун илимий негиздери" (2012); Т.А.Коңурбаевдин "Формирование ценностных ориентации у старших до школьников на основе кыргызских народных тардиции" (1999) жана "Психолого-педогогические условия

народных традиций детьми” (2003) аттуу монографиясы; И.К.Жаныгулов “Кыргыз эл акындарынын мурастарындагы балдардын жаш курак мезгилине байланыштуу таалим-тарбиялык ойлорун үзгүлтүксүз окуу прогрессинде колдонуу (XIX-XX)” (2009); А.Г.Абдымомунова “"Манас" эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо. -П.и.к окум. д.и.алуу үчүн жазылган дисс-нын авторефераты” (2009) жана башка ушу сыяктуу илимий иштердин жазылышы кыргыз элдик этнопедагогикасынын калыптанып кандайдыр бир деңгээлде өз нугуна түшүп калгандыгын айгинелейт.

Бирок канткен менен этнопедагогика илиминде али такталбаган, изилдөөгө зарыл маселелер арбын. Бул оюбузду бекемдөө үчүн А.Алимбековдун, А.Калдыбаеванын эмгектеринен төмөнкү пикирлерин мисалга келтиребиз. Анда: "XXI кылымдын башындагы кыргыз этнопедагогикасынын эң орчундуу проблемалары катары төмөндөгүлөрдү белгилесе:

1. Кыргыз этнопедагогикасына историграфиялык анализ керек, ошондо кайсыл изилдөөлөрдө кыргыз элинин педагогикалык салттары канчалык деңгээлде изилденгендиги, алардын кайсыл тарабы тереңирээк ачылып берилгендиги, адабият тануу, философия, этнография, социология, табият таануу жана башка илим тармактарында кыргыз элдик педагогикасындагы көрүнүштөр ачылып берилгендиги даана так көрсөтүлүп берилиши керек;

2. Кыргыз этнопедагогикасынын теориялык изилдөөлөрүндө дүйнөлүк этномаданияты менен салыштыруу, дүйнө элдеринин, коңшу элдердин элдик педагогика илимдеринин табылгалары менен салыштыруу, элибиздин тарбиялоо салттарын салыштырма-типологиялык контексттен кароо маселелери тереңдетилиши зарыл;

3. "Элдик педагогика", "Этнопедагогика", "Салттуу педагогикалык маданият", "Элдик таалим-тарбиялоо", "Калктын тарбиялоо салттары" деген түшүнүктөрдүн илимий аныктамасын толук ачып берүү милдети турат;

4. Этнопсихология, этнолингвистика, этносоциология, этномузыка таануу, этнофилософия, этно адабият таануу жана башка илимдерге таянып, элдик педагогикалык салттарды кеңири масштабда изилдеп чыгуу жагы да бышып жетилди;

5. Советтик мезгилде СССРдин курамындагы республикаларда жана Москвада жакталган диссертациялар жана жарык көргөн китептер, макалалар тоталитардык мезгилдин таламдарына ылайык марксистик-лениндик методологияга негизделип, партиялык көз караш менен түшүндүрүлүп келген, эми ошолордон тазалануунун зарылдыгы бышып жетилди;

6. "Кыргыз эл педагогикасынын байыркы башаттары, калыптануу тарыхы, жалпы түрк элдери менен тектеш кыртышы, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү; элдик педагогикадагы жетилген инсандын идеалы; элдик тарбиянын негизги түшүнүктөрү, принциптери, эрежелери, усулдары; элдик педагогиканын кенч казыналары (өзгөчө Орхон-Эне-Сай жазуулары, кенже эпостор, легендалар, жаңылмач сыяктуу дидактикалык ырлар, көөнө тарыхты жана кадимки турмушту ар тараптуу баяндаган көркөм чыгармалар), азыркы окуу-тарбия процессин этнопедагогикалык негизде кайра куруунун принциптери усулдук негиздери сыяктуу ж.б актуалдуу проблемалар алиге чейин алгылыктуу изилдене элек" [А.Алимбеков "Кыргыз этнопедагогикасы" -Б. 1998.-30-бет] - деп баса белгилейт.

7. Элдик тарбиячылардын: аксакалдар менен байбичелердин, жеңелер менен агалардын, усталар менен уздардын, устаттар менен кол башчылардын, саяпкерлер менен дастанчылардын, жомокчулар менен акындардын, санжырачылар менен бакшылардын, куудулдар менен табыптардын ар биринин тарбиялоодогу катышын аныктап, ушундай таалимчилердин арасынан чыккан тарыхый жана аты уламышка айланган инсандардын ордун белгилөө азыркы илимден көп нерселерди күтүп турат.

8. Кыргыз этнопедагогикасынын материалдарын китептер түрүндө чыгарып, жыйнактарды түзүп, дүйнөлүк тилдерге которуп, интернет

сайттарына киргизип, компакт-дисктерге аудио видео касеталарга жазып, алардын негизинде фильмдерди, фотоматериалдарды, сүрөттөрдү тартып, эл арасында пропогандалап, жалпы элге жана дүйнөлүк илимий чөйрөгө жеткирүү зарыл" [Калдабаева А."Эл акындарынын чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар. –Б.: 2005. -22-23-б.] - дейт. Чындыгында бул проблемалар этнопедагогика илиминдеги колго алына турган маселелер. Качан гана этнопедагогика илимий ар тараптуу изилдене баштаганда аталган проблеманын чечилишине мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Азыркы экономика окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн көрсөткүчтөрүнө таянат. Ийгиликтүү кесиптик ишмердүүлүктө турмуштук маселелерди туура чечүү, чет тилдерде баарлаша алуу, улуттук нукуралуулукту билүү, информациялык технологияларды колдоно алуу чеберчиликтери талап кылынууда.

Канчалаган жылдар бою советтик доордон бери билим берүү тармагында принциптерди, эрежелерди, түшүнүктөрдү сокурлук менен жаттатууга каршы күрөш жүрүп келген. Ушул күрөшүүнүн негизинде акыл эмгегинин акырындап өнүгүшү, баланы жөндөмүнө жараша окутуунун артыкчылыгы боюнча концепциялар пайда болуп, окумуштуулар тарабынан илимий изилдөө иштери жүргүзүлүүдө. Жыйынтыгында компетенттик мамилени окутуу кезектеги билим берүү тармагындагы чоң жетишкендик болоору аныкталды.

Компетенттүү мамиле менен окутуу учурдун талабы экендигине азыркы билим берүү тармагында көңүл бурулуп, ансыз реформалардын, концепциялардын, идеялардын турмушка ашырылуусу ийгиликсиз болоору белгиленүүдө.

Мурда пайдаланылып келген идеяларды, көз караштарды жана азыркы мезгилдеги актуалдуу альтернативалык мамилелер, ички көйгөйлөр талкууланып отуруп учурдагы заман талабына ылайык «компетенттүү мамиле» деген жаңы моделдин курaштырылышына негиз болду. Жогорудагы

ойлорго таянып, педагогикада компетенттүү мамиле боюнча кээ бир маанилүү элементтерди белгилейбиз:

1. Жеке адамдын же коомдун өнүгүшү компетенттик мамиленин табигый көрүнүшү экендигин далилдеген педагогикалык концепциялар, идеялар, психологиялык билим берүүлөр көбөйүүдө. Ошондуктан компетенция - дүйнө - көз караштык, интеллектуалдык, коммуникативдик, методикалык жана түрдүү билимдерди камтыган билим берүү тармагы болуп саналат.

2. Компетенттүү мамиленин категориялык базасы - максаттуу багыттагы жалпы, жогорку деңгээлдеги жөндөмгө, адатка үйрөтүү идеялары менен тыгыз байланышта болот.

Компетенттик мамиленин ичинде негизинен эки түрдүү базалык түшүнүк бар экендиги аныкталды. Алар «компетенция» жана «компетенттүүлүк». Эми бул сөздөрдүн маанилик, мазмундук түшүнүктөрү жөнүндө бир аз токтолуп өтөлү.

**Компетенттүүлүк** - латын сөзүнөн алынып - «**жөндөмдүү, чечкиндүү**» дегенди түшүндүрөт. Түрдүү маселени талашсыз пикир менен баалоочу билимге жана тажрыйбага ээ болгон адам. Ал эми « компетенция» - латын сөзүнөн алынып - «жетишем, талапка туура келемин » деген көп маанилүү сөздөрдөн турат. Бул жалаң эле окуу, колунан келүү, үйрөнүү жагы менен чектелбестен жүрүш-турушу, байкоосунун баалуулугу, адаты, тажрыйбасы жана башка ушул сыяктуу адамдын бири-бирине байланышкан сапаттарынын жыйындысы. Алар процесстер жана предметтер болгон мамилелерден белгиленет. “.... компетенттүүлүк - бул адамдын коом үчүн кандайдыр бир маанилүү маселелердин, көйгөйлөрдүн чечилишине багытталган иш-аракеттеринин эффективдүүлүгүнө, натыйжалуулугуна баа берүүнүн негизинде ага карата берилген мүнөздөмө” [А.Т.Абдырахманов, М.А.Ногаев Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле: Окуу-методикалык колдонмо. –Б.: 2013, -16-б.]

Бул айтылгандар бизде суроо жаратат.

- Кайсы учурда киши жөнүндө « Ал кандайдыр бир иште компетенттүү деп айтууга болот?»

- Ал тигил же бул маселени же көйгөйдү чече ала тургандыгын көрсөткөн учурда гана айта алабыз. Башкача айтканда, компетенттүүлүк - бул адамдын коом үчүн кандайдыр маанилүү маселелердин же көйгөйлөрдүн чечилишине багытталган иш-аркеттеринин эффективдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна баа берүүнүн негизинде ага карата берилген мүнөздөмө. Демек, адамга компетенттүү деп мүнөздөмө берүү - бул аны социалдык жактан таануу экендигине ынанабыз.

Учурдагы кыргыз коому ааламдашуунун таасиринде бир жагынан батыштык массалык маданияттын катуу таасиринде калса, экинчи жактан кылымдар бою улутубузду улут катары сактап келген улуттук маданияттын таасиринде турат. Бул эки багыт жаш муундардын адамзаттык, рухий адеп-ахлактык сапатын калыптандырууда ар дайым эле бир максатты көздөбөйт. Кыргыз элинин келечеги - мына ушул таасирлерди бир нукка буруп, элдик тарбияны өзүнө сиңирүү менен дүйнөлүк цивилизациянын оң жактарын кабыл ала билген компетенттүү инсандын тарбияланышында.

Коомдогу мындай көйгөйлүү кырдаал эң биринчи кыргыз улуттук педагогикасынын алдына адамзаттык, рухий адеп-ахлактуу, мекенчил, улуттун келечи үчүн кайдыгер карабаган, баба салты жана эне адебине суугарылган, улуттук баалуулуктарын баалай билген же этнопедагогикалык копетенттүүлүккө ээ адамды тарбиялап, өстүрүү деген чоң милдетти жүктөдү.

«Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чындоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз, тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу

жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата - Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшыраары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий адептик тарбиясын колго алуу, анын концепсиясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы болуп отурат».

Педагогика илиминин бир бутагы болгон Этнопедагогика илиминде бул муктаждыктын негизинде этномаданий компетенциялар аныкталганы маалым. Мисалы, этномаданияттык компетенциялар жана алардын инсандык сапаттар аркылуу, этнопедагогикалык компетентүүлүккө тарбиялоо максатында анын практикада колдонулуусунун төмөндөгүдөй мүнөздөгү өзгөчөлүү жана мазмуну бар экендигине күбө болобуз.

Мисалы, улуттук баалуулуктарды: улуттук тилдин нарктуулугун сактай билүүчү, каада-салтты, улуттук кийимдерди, кол өнөрчүлүктү, маданий мурастарды сактай билүүчү жана анын тарбиялык маанисин жеткире билүүчү, салттуу, нарктуу, меймандос, жагымдуу, эр жүрөктүүлүк, өз мекенин сүйө билүүчүлүк, боордоштук, намыскөйлүк, кайратмандык, максаттуулук, жаратмандык.

Ошон уменен бирге, тил улуттун маданий дөөлөтү болгондуктан, өзүбүздүн рухий маданиятыбызды, сөйлөшүү маданиятыбызды сактап, байытып, өнүктүрүү аркылуу гана өз улутубузду дүйнөгө таанытa алабыз. Кыргыз элинин педагогикалык маданиятын, тарыхый мурастарын өз ишмердүүлүгүндө пайдалана алган мугалим гана келечектеги чыныгы кыргыз атуулун тарбиялап өстүрө алат. Өз Ала-Тоо мекенин, өз элинин эгемендүүлүгүн, эркиндигин жана ички ынтымактуулугун эң жогорку кол тийгис ыйык дөөлөт деп эсептеген, элин-жерин жанындай сүйгөн ыймандуу

адам гана элине бекем тирек болуп бере алат. Тарбиячы бул сапаттарды өзүндө сиңирүү аркылуу гана мындай таасир жарата алат. Бул компетенциялар келечектеги тарбиячылардын улуттук аң-сезиминин өнүгүүсүнө өбөлгө түзө алаарына ишенебиз.

Башталгыч класстардын окуучуларынан тартып салттуу педагогикалык технологияларды өнүктүрүү жана элдик педагогиканын кылымдар бою сыналган, адамды адам кылып калыптандыруучу улуу күчкө эгедер элдик тарбиядагы баалуулуктарын, рухий маданий салттарды колдоно билүүнүн технологиясын түзүү зарыл. Мына ушундай терең рухий маданияттын «казаны» фольклор, анын «кашыгы» мектеп окуучусунун мугалиминин же алардын ата-энелеринин колунда. Рухий маданиятыбыздын өсүшү элибиздин учурдагы саясий да, экономикалык да беделине зор таасир берери белгилүү. Ал эми маданият менен экономика улуттун тагдырында куштун кош канаты сыңары түшүнүктөр.

Кыргыз элдик педагогикасынын билим жана тарбия берүү салттарын талдап үйрөнүүнүн максаттары жана милдеттери татаал. Илимге окутуунун теориясына жана практикасына «компетенция» жана «копетенттүүлүк» түшүнүктөрүнүн киргизилиши аларды таамай жана так аныктоого, дагы да тереңирээк изилдеп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк берет деп ишенебиз.

## 1.2. Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык өңүттө изилденишинин жана ЖОЖдордун окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы

"Эң байыркы элдерден болгон кыргы эли" (кытай тарыхчысы Цим Сянь) өзүнүн бир кылка өнүкпөгөн тарых жолунда эчендеген катаал турмушту башынан өткөргөн. Анткени алар да башка элдер сыяктуу өз элин "эркиндик-теңдигин сактап калуу үчүн тынымсыз күрөшүп келишкен. Бирде жеңишке,

бирде жеңилүүгө учурап, жашоонун рахаты менен капа кайгысын тартууга дуушар болушкан. Мына ушундай кыйын кездерди өз көзү менен көргөн элдин ичинен чыккан көркөм сөз чеберлери ошол каардуу кармаштарда өзүн көрсөткөн баатырларды ырга кошуп даңазалашкан. Акылмандар менен көсөмдөрү андай мезгилде жол көрсөтүп , кеп-кеңешин айтып , элдин өзүнө таандык маданияты, көркөм сөз өнөрү, дүйнөгө көз караш-түшүнүктөрү нускалуу мыкты салттары жалпы кабыл алынган үрп-адаттары жаралып, алар өз нуру менен өркүндөп өсүп отурган. Ошенткен менен көчмөн жоопкерчилик жашоо элибиздин бир нуска өсүп-өнүгүүсүнө өз салакасын тийгизип келген. Ошондуктан элибиздин рухий байлыгынын бардык түрлөрү өзү жашаган урунтуу учурларды, көрүнүктү окуяларды, айлана-чөйрөгө, жаратылышка, коломто болгон көз караш түшүнүктөрдүн оозеки түрдө оозеки түрдө өнүктүрүп келишкен. Мындай өзгөчөлүк оозеки жаралып, ооздон оозго өтүүчү үлгүлөрүнүн гүлдөп өнүгүшүнө өбөлгө болуп, көп жанрлуу, эң бай фальклордук материалдардын түзүлүшүнө алып келген. Байыртадан калыптанган элибиздин мындай материалдык жана рухий баалуулуктары кылым жаңырган сайын коомдун талабына ылайык нравалык, филологиялык, философиялык, педагогикалык жактан изилдениши заман талабына айланды. Анткени бул балуулуктар элибиздин фольклордук маданияты болуп саналат. Залкар жазуучубуз Ч. Айтматов айткандай фольклор "кыргыз рухунун туу чокус", тарыхты тана албаган сыңары эгемен элибиздин биринчи президенти А. Акаев өзүнүн "Манас" эпосунун миң жылдыгына карата өткөрүлгөн маарекеде (1995.25-27) "Ата-бабаларыбыздан калган улуу мурасыбыздын мазмуунуна, андагы тарыхый маалыматтарга, залкар ойлорго кеңири  маани берип келип, эпос: "калкыбыздын карт тарыхы каатал тагдыр таржымалык кайталангыс поэзиясынын тили менен баян эткен көөнө дастандардын эң даркан жана теңдешсиз залкары. Кылымдар кыйырынан келаткан эртеги мифологиясы, дини, салт-саанасы, тарыхы, философиясы, өнөр билими моралы, ошондуктан "Манаска" тек гана бир

теңдешсиз фольклордук чыгарма катары мамиле жасоо, чен жеткис тереңдиги менен ашкан зор маанисин ойдогудай аңдап билүүгө мүмкүндүк бербейт. Себеби "Манас" кыргыз үчүн кылымдар бою кыргызды кыргыздын өзүнө таанытып, тарыхтын кыйын кезеңдеринде элди өз айланасына баш коштуруп дем берген улуттук ураан, касиети кудурет күч сыяктуу роль ойноп келди (Үкүева Б.К. Манас таануу. -Ош.-2013-2014.24-бет) деп белгилеши да жөндөн жөн эмес. Анткени фольклордогу дидактикалык чыгарма мурунтан баштап, океандай "Манас" эпосуна чейин ар тараптуу изилдөө жүргүзүймөйүнчө, оозеки адабиятыбыз менен жазма адабиятыбыздын ортосундагы идеалык-этникалык, педагогикалык-психологиялык, нрава-этникалык, көркөмдүк, байланышы менен ашырылып тууросында сөз кылуу мүмкүн эмес. Анткени фольклордогу дидактикалык чыгармалардан баштап, океандай “Манас” эпосуна чейин ар тараптуу изилдөө жүргүзүлмөйүнчө оозеки адабиятыбыз менен жазма адабиятыбыздын ортосундагы идеялык-эстетикалык, көркөмдүк, педагогикалык-психологиялык, нраво-этикалык байланышы менен ажырымы тууросында сөз кылуу мүмүкүн эмес. Анткени элдик фольклордун баардык жанрлары элдик оозеки адабиятыбыздын тарыхы менен кошо улуттук педагогикабыздын тарыхын да калыптандырып, өнүктүрүп жүрүп отурду. М.Горький айткандай: "Эл адабияты - эл тарыхы" катары өзүнүн татаал тарыхында "этникалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын жана бир катар учурда реалдуу окуяларын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган" [Ч.Т.Айтматов. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф.: Кыргызстан,1988. 3-бет]. Ошондон улам элдин эстетикалык туюмдарынан оозеки түрдө жаралган адабиятта алардын ички руханий байлыктарынын натыйжасы, нравалык-этникалык, педагогика-психологиялык, философиялык көз караштары синтезделди. Бирок, улам ушул мезгилге чейин кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгына

филологиялык, философиялык ж.б. илимдин тармактарында көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлдү ага: А.Н Берштам, В.В.Радлов, Г.Валиханов, М.Ауэзов, В.М.Жирмунский, П.Б.Берков, К.Рахматуллин, С. М.Абдрамзон, А.А.Петросян, Е.Д.Поливанов, М.Багданова, Г.Алмаши, К.Тыныстанов, С.Закиров, Б.Керимжанова, А.Акматалиев, С.Мусаев, Ж.Койчуманов, Э.Калдымолдаева, Г.Жамгырыевалардын эмгегинде дидактикалык чыгармалардан баштап кыргыз элинин энциклопедиясы болгон, "Манас" эпосуна чейин илимий пикирлери билдирилди. Тоголок Молдо, А.Тыныбеков, И.Арабаев, К.Мифтяков, Ы.Абдырахманов, К.Карасаев, К.Рахматулаин, Ж.Мусаева, Ж.Мукамбаев, А.Токомбаева, П.Ирисов, О.Сооронов, Т.Танаев, Т.Орозовалар эл оозунан фольклордук чыгармаларды жыйноо менен аларды басмадан чыгарып эл алдына тартуулашты.

Бирок, жогорудагыдай иш-аракеттер элдик оозеки чыгармачылыкты жыйноо менен бирге аларды классификациялоо, жанрдык өзгөчөлүктөрүнө мүнөздөмө берүү, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүктөрүнө токтолуу менен чектелип, анын ичинен балдар фольклорун мектепте окуп үйрөнүү менен бирге алардагы элдик таалим-тарбиянын маани-маңызы, дүйнө-таануучулук каражаты катары анча эле маани берилген эмес. Балким, бул демократиялык коомубузга чейинки саясаттан улам элдик таалим-тарбиялык метод, принциптерди, илимий педагогика тарабынан унутта калтырылганы менен окуу китептеринде белгилеп, адабий үлгүлөрдө маани-маңызы унутта калтырылбагандыгын мектеп программасына киргизилген макал-лакап, табышмак, жаңылмач, жөө жомок, улуу "Манас" эпосунунан кирген үзүндүлөрдүн идеалык-тематикасынан көрүүгө болот. Анткени менен ушул жерде эскерте кетүүчү жагдай 19-кылымдын экинчи жарымынан баштап изилдене баштаган элдик оозеки чыгармалар адабият таанууда, философиялык, тарыхый эмгектерде этнографиялык булак катары гана каралса, 20-кылымдын орто ченинен башатап элдик оозеки чыгармалар, элдик таалим-тарбиянын үлгүсү этнопедагогикалык каражат катары

изилдөөнүн объектисине айлангандыгын алгачкылардан болуп, элдик оозеки чыгармачылыкты жыйноону К. Рахматуллин,Ы. Абдырахманов, Т. Байжиев, З.Бектенов, Х.Карасаев, К.Юдахин, Ж.Ашуубаев, С.Чекменов, Ж.Таштемиров, Б.Керимжанова, М.Багданова, М.Мамыров, С. Закиров, Ш.Усупбеков, Ж.Төлөев, Ж.Мамбеталиевдер болсо, кийин ушул көчтү улантып, элдик фольклорго теориялык изилдөөлөрдү жүргүзүнү алгачкылардан болуп жүргүзгөндөрдөн К.Тыныстанов менен Х.Карасаев, П.Поливанов, Б.Юнусалиевдер болсо, андан кийин Т.Саманчин, С.Мусаев, Ж.Таштемиров, Ж.Субанбеков, М.Мамыров, А.Сыдыков, С.Жигитов, А.Эркебаев, А.Акматалиев, М.Түлөгабылов, М. Сулаймановдор болушту.

Ал эми мектептеги окуу китептерине фольклордук чыгармаларды киргизип, алардын идеалык, таалим-тарбиялык маңызын ачып, изилдөөгө салым кошкондорго: К.Тыныстанов, И. Арабаев, Х.Карасаев, Ж.Койчуманов, М.Түлөгабылов, М.Сулайманов, К.Сартбаев, Б.Алымов, А.Ишекеев, Р.Курманкожоева, Б.Оторбаев, Д.Салиева, З. Маразыкова, жана башка илимий илимпоз окумуштуу методисттер болду. Ошонун ичинен улуттук фольклордогу педгогикалык идеялардын таалим-тарбиялык маңызын изилдеген окумуштууларга: З.Бектенов, Т.Байжиев, Ж.Койчуманов, Б.Апышев, Ж.Бешимов, Б.Ирисов, Ж.Мукамбаев, М.Рахимова, А.Алибеков, С.Иптаров, Р.Рысбаев, Т.Карановаларды кошууга болот. Аталган окумуштуулардын илимиий методикалык жана окуу китеп, монографияларында "балдар фольклорунун этнопедагогикалык маанисин, анын илимий-педагогикалык жалпы категориялары менен карым-катышы, илимий педагогиканын тарбия-таалимин берүү принциптерин, методдорун, тарбиянын түрлөрүн байытууга элдик-педагогикалык идеялардын баалуу салымы туралуу идеяларды көтөрүп чыгышты" [С.Рысбаев Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. -Б.: 2014.-25-бет]. Демек, элдик фольклор-кылым карыткан кыргыз коомунда өзүнөн кийинки муунду эзелки тарыхый тажрыйбасына таянып, таза дүйнөнү таанытуучу улуу муундун

этнопедагогикалык каражаты болуп саналат десек болот. Ага далил кыргыз пайда болгондон баштап, өзүлөрүнүн дүйнө таануучулук-философиялык , көз караштарын элдик оозеки чыгармаларда билдиришип, ал элибиздин идеологиясы, антологиясы катары милдет аткарып кеткендигин балдарга арналган С.Закировдун "Кыргыз эл макал - лакаптары" (1972) деген эмгегинен көрүүгө болот. Анда окумуштуу бул адабий мурастын элдик турмуш тажрыйбасынын жыйынтыгынан келип чыккандыгын, элдик көркөм ойлоосунун материалдык дүйнө менен болгон карым-катышынын объективтердин синтези экендигин белгилөө менен макал менен лакапты бөлүп карап мазмуунуна жараша төрткө бөлүп карашат:

Б.Керимжанова түзгөн “Кыргыз эл макал-ылакаптарында" (1979-ж.) макал-лакаптарды 16 дан ашык идеалык-тематикалык багыттарга бөлүп караган менен анын таалим-тарбиялык маңызына көңүл бурулбаган. Мындай көрүнүш Ш.Усупбековдун "Кыргыз элинин макал-ылакаптардын педагогикалык жагына эмес, идеялык-тематикалык, идеалогиялык жана каармандык табиятына көңүл бургандыгын байкайбыз. Анткени ошол мезгилдин саясий талабына ылайык баардык окуу китептердеги эл оозеки чыгармаларда элдик ишенимдерге каршы тарбиялоо өкүм сүргөн. Ошондон улам "Бай мактанса табылат, кедей мактанса чабылат", “Бай менен куда болсоң-чиренет, жарды менен куда болсоң-тиленет", "Байлыктуу - баатыр, байлыксыз - жалтак" деген сыяктуу макал-ылакаптарда жогорку накыл кептердин нравалык-этникалык маңызын жоопко чыгаруу менен таптык нравалык маанини көкөлөтүүгө кылган аракеттерди көрөбүз. Элдик фольклордук чыгармаларды окуутудагы мындай саясий таптык мамиле биринчиден билим берүү системасындагы мындай тарбия жаш муундардын элдик казынабызды жерип, ааламдашуу процессиндеги сырткы маданий маалыматтарды тез кабыл алуусуна өбөлгө болсо, экинчиден элибиздин асыл баалуулуктарынын, ошонун ичинде элдик этнопедагогикабыздын солгундоосуна алып келди. Ошондон улам элдик оозеки чыгармачылыгыбыз

адабият таанууда изилденген менен этнопедагогикалык жактан айрым макалалар гана жарык көргөн [С.Рысбаев. Элдик накыл кептерде кыз-келиндерге адеп ахлактык тарбия берүү жолу.  Эл аралык конференциянын материалдары. -Б., 1996; Элдик накыл кептерин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү (Педагогика в Кыргызстане. Б.2001] Ал эми ушул эле мезгилде башка орус, татар, азербейжан, казак, польша ж.б элдердин оозеки адабияты этнопедагогикалык жактан изилденген болуучу. Ага орус этнографы Г.С.Виноградовдун “Элдик педагогика" термининин илимге киргизилгендиги  да мисал болот [Виноградов Г.С.Народная педагогика.  – Иркутск, 1926].

Грузин окумушту этнографы А.Хинтибидзе элдик балдар жомок, эпосторунун негизинде жаткан таалим-тарбияны белгилесе, татар Я.И.Ханбиков татар элдик этнопедагогикасынын түптөлүп өнүгүшүнө салым кошкон. Азербейжан А. Ш. Гашимов өз элинин фольклору жаш муундарды гумандуулукка тарбиялоодо негизги булак болоорун белгилеген. Ушундай идеялык көз караштар, дагестандык Ш.А.Мирзаевдин "Дагестан элдик педагогикасы” (1984), казак А.К.Кукешбаевдин "Казакстанда элдик педагогиканы изилдөөнүн проблемалары" (1971), түркмөн К.Перлиев "Түрмөн элдик педагогиканын очерктери”, В.Аранасьев "Сибирь жана ыраакы Чыгыштын орус эмес элдеринин этнопедагогикасы" (1979), А.Алимбековдун "Кыргыздын элдик педагогикасы " (1999) сыяктуу эмгектер жазылып бизге методикалык жардам болду. Бирок, ошондой болсо да эмдигиче кыргыз элдик педагогикасы өз ордун таап илимий изилдөөнүн объектисине алына электеги чындык. 1920-1930-жылдары эле элдик оозеки адабиятыбызга этнопедагогикалык мааниде мамиле жасоо менен эзелтеден келе жаткан улутубуздагы элдик педагогикалык идеялар таалим-тарбиянын негизи болуусу керектигин белгиленүү менен алгач ал идеяларды И.Арабаев "Кыргыз алиппеси” (1924), К.Тыныстановдун "Эне тилибиз" аттуу окуу китептеринде далилдешкендигин белгилөөгө милдетүүбүз. Бирок бул окуу

китептери ал кездин саясий көз караш, талабына жооп бербейт" деген жарлык менен окуулуктан алынып салынган. Кайра 40-жылдын аяк ченинен баштап элдик оозеки чыгармаларды мектептерге окутууга көңүл бурулуп баштагандан улам З. Бектенов, Т.Бажиевдин "Кыргыз адабияты” (8-класс үчүн окуу китеби, 1-басмасы, -Ф.: Окуу пед.мамбасы. 1949-жылы) чыгат. Анын негизги мазмуунунда элдик оозеки чыгармаларга көп орун берилип, анын мазмууну, классификациясы, мификалык, дидактикалык, эпикалык чыгармалардан үзүндүлөр киргизилген биринчи окуу китеби болгон. Авторлор бул окуу китебинде таалим-тарбия берүүдө биринчи иретте фольклордун ролу чоң экендигин белгилеп көрсөтүшөт. Муну менен кыргыз педагогикасында "Этнопедагогика" термин илим катары калыптана баштагандыгына жогоруда биз атын атап өткөн окумуштуу, педагог, методисттердин салымы чоң. Өзгөчө 70-жылдардан тартып Кыргызстанда да этнопедагогика илими катары калыптануу жолуна түшкөндүгүн Т.Ормоновдун "Манас" эпосунун мисалында жазган "Байыркы кыргыздардын педагогикалык көз карашы" деген кандидаттык диссертациясы жана жазган макалаларында (Мудрые заповеди народа // Семья и школа (1977), Педагогические панософия киргизского народа //Советская педагогика (1978) жаш өспүрүмдөрдү кантип кайраттуулукка, адамгерчиликке, гумандуулукка тарбиялоо керектиги улуу "Манас" эпосунун мисалында талдоого алынган. 1974-жылы Б.Апышев, айыл мектебинде балдарды элдик каада-салттарды колдонуу аркылуу кантип тарбиялоо керек, 1975-жылы Ж.Бешимов жогорку класстарда элдик салттарды пайдалануу менен адептик мүнөзүн калыптандырууга боло тургандыгын көрсөткөн диссертацияларын коргогон. Андан кийин 80-жылдары Ж.Койчуманов Тоголок Молдонун чыгармачылыгы тарбиялык идеялар, А.Имаева,Т.Сатылгановдун чыгармачылыгы элдик педагогика туралуу өзүлөрүнүн илимий иштерин жазып, кандидаттык диссертацияларын коргошуп монографияларын чыгарышкан. Акындар поэзиясындагы таалим-

тарбия маселеси Б.Байеркеевдин, К.Кыдыралиевдин, А.Калдыбаеванын илимий иштеринде атайын иликтөөгө алынды. Акырындап этнопедагогика илим катары өнүгүү жолунда түшүп педагогикалык, ЖОЖдордо атайын предмет катары киргизилип окутула баштады. Атайын окуу куралы катары 1993-жылы М.Р.Рахимова менен Т.В.Панкованын "Кыргыз эл педагогикасы", 1997-жылы жазылган А.Алимбековдун "Кыргыз этнопедагогикасы" бир топтон кийин жарык көргөн. А.Муратов, Б.Тажикова, К.Акматовдун "Кыргыз этнопедагогикасы". Педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайларынын студентери, магистрлери үчүн окуу китептери (2015) 1-бөлүк, жарык көрдү. Канткен менен аталган эмгектер толук кандуу ЖОЖдордун студенттерине жетишсиз. Дагы ар тараптуу жагдайда элдик педагогика иштелип чыгыш керек жана бала-бакчадан баштап, Кыргызстандын баардык ЖОЖдоруна атайын дисциплина катары киргизүүлүсү зарыл. Анткени коомубуз ааламдашуу прогрессин башынан өткөрүп жаткан мезгилде жаш муундар жаңы технологиялардын кулу болуп, кыргыз элинин менталитетине туура келбеген маданиятты руханий жан дүйнөлөрүнө сиңирип, ошондон улам өлкөбүздү криминал дүйнө бийлеп, ыймансыз жоруктар өкүм сүрүп, адеп-ахалактын куру жалак калган жаш муундар кыргыз элинин салт-санаасын, адеп-ахлагынан тыш мыйзамсыз кылмыштарды жасап кыргыз түрмөлөрүн толтурууда. Ошондуктан тез аранын ичинде бул маселе колго толук кандуу алууну эң зарыл жана эң актуалдуу маслелерден. Бул маселеге таптакыр көңүл кош мамиле жасалып жатат дегенден алыспыз. Анткени жогоруда белгилеп өткөн А.Муратов, Б.Тажикова, А.Акматовдордун "кыргыз этнопедагогикасынын (Ош-2015.264-бет) 1-китебинин 7-бетинде: "аталган дисциплинанын окуу прграммасын түзүүнүн тарыхы бар: адегенде Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда башталган, кийин И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасында аудиториялык 34, анын ичинен 20 саат дарс, 14 саат практикалык жана өз алдынча иш 36 саат, жалпы 70 саат бөлүнгөн программа А.Калдыбаева жана А. Муратов тарабынан түзүлүп,

2010-жылы китепче катары чыгып, практикага сунушталды. 2012-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин профессору А.Алимбеков "Кыргыз этнопедагогикасы курсунун программасын түзүп, аны Ж. Баласагын атындагы ККУнун Социалдык-гуманитардык факультетинин окумуштуулар кеңеши колдонууга сунуштап, китепче катары жарыкка чыкты. Ага удаа ушул программага карата методикалык колдонмо жарык көрдү. Бирок бул прграммалар баардык ЖОЖдордо окулуп жатат деш кыйын".

Ошол мезгилде бул дисциплина Казакстандын ЖОЖдорунда 105 саат окулуп жаткандыгын белгилөөгө тийишпиз. Ал эми биздин педагогикалык ЖОЖдор бул маселеге канчалык деңгээлде көңүл буруп жатат. Балдар фольклорундагы этнопедагогикалык маселелер окуу программаларында кандай абалда окуп үйрөтүлүп жаткандыгын анализге алып көрөлү. Филологиялык адистиктерде атайын " Элдик оозеки чыгармачылык" деген дисциплина окулуп өтүлөт. Жалпы сааты 70, анын ичинен лекцияга-20, прктикалык сабакка -12, СӨАИтерге – 28 саат бөлүнгөн. Ал эми атайын педагогикалык адистиктеринде 1983-жылы М.Сулайманов түзгөн программада "Балдар адабиятына" -110 саат берилип, анын ичинен 70 сааты лекцияга, 40 сааты прктикалык сабакка бөлүнгөн ошонун ичинен атайын **дидактикалык** түрдөгү:

1.Табышмактар.

2. Бат айтмалар.

3. Жаңылмачтар.

4. Чечен сөздөр:алардын окуп үйрөнүнүн максаты, милдеттери ,курулуш өзгөчөлүктөрү.

5. Элдик санат,насыят, терме ырлары, алардагы акыл, насаат айтуу, терме ырларындагы балдарды тарбиялоонун идеялык тереңдиги.

**Лирикалык** түрлөрү:

Алардын бөлүнүштөрүндө балдарды турмуш-тиричиликке, каада-салтка, үй-бүлөнүн ордуна, достукка, эмгекке тарбиялоо идеялары камтылган.

**Эпикалык түрлөрү**:

1.Мифтер легендалар.

2. Жөө жомоктор.

3. Жомокторду таанып билүүчүлүк, тарбиялык мааниси.

4. СССР жана чет эл жомокторунун идеялык-тематикалык жана интернационалдык маанисине токтолгон.

Кыргыздын баатырдык эпосторунун жанрдык өзгөчөлүктөрү алардын ички мазмунундагы эл тарыхы, каада-салттарына тиешелүү белгилердин балдарды тарбиялоодогу ролу туралуу сөз болот.

"Манас", "Семетей", "Сейтек" үч илтигиндеги ата журттун сүйүү, аны коргоо, алар үчүн ар намыстын, акыл-эстин, абийирдин буйругуна айланышы эпостун идеялык-эстетикалык маңызы экендигин студенттерге жеткирүү алардын билим, билгичтиктери аркылуу мектеп окуучуларын адеп-ахлакка, руханий асыл балуулуктарга тарбиялоого көңүл бурулган. Ошондой эле баатырдык мифологиялык эпос "Эр Төштүк" кенже эпос, "Курманбек”, “Эр Табылды", "Жаңыл Мырза", "Кожожаш", турмуштук "Кедейкан" эпостору программага кирүү менен студенттердин бул чыгармаларды үйрөнүүсү аркылуу балдарды тарбиялоодогу орду көрсөтүлгөн.

Ал эми 1991-жылы түзгөн М.Түлөгабыловдун "Кыргыз балдар адабиятынын программасында" өтүлүүчү жалпы дисциплинага -60 саат берилип, анын 32 сааты-лекцияга, 28 саатты-практикалык сабакка, студенттердин өз алдынча ишине -60 саат берилген. Ошонун ичинен балдар фольклоруна 8 саат бөлүнгөн. Ал эми 8 саат окуу планынын улам жаңы стандарттарына ылайыкталып отуруп 4 саатка түшкөн, акыркы стандарттык окуу планына карап ал 2 саатты түзүп калган. Бул филологиялык адистиктердеги "Балдар адабиятынын" абалы. Ал эми педагогикалык факультеттерде абал мындан да начар. Анткени жалпы фольклордук адабиятка 17 саат бөлүнүп, лекцияга- 6 саат, практикалык саатка -3 саат, өз алдын иштерге -8 саат бөлүнүп, улам окуу прогресси кредиттик бакалаврга

өткөн сайын окуу пландары кыскарып фольклордун этнопедагогикалык мааниси өз ордун таппай бара жаткандыгын ачык айтууга туура келет. Албетте бул көрүнүш өтө өкүнүчтүү, 9саатын ичинде студенттерге учу көрүнбөгөн элдик оозеки чыгармаларыбыздын тарбиялык маани-маңызынын кайсынысын жеткирип, кайсынысынын идеялык-тематикалык-эстетикалык өзгөчөлүгүн окуп таанытабыз. Акыл калчай турган иш. Эгерде ЖОЖдордогу балдар фольклорун окутуу ушул темп менен кете турган болсо анда, биз келечектеги муундарыбыздын ички руханий байлыгын асыл балуулуктарыбыздан, агрессиялык мүнөздүк сапаттарга ээ болгон чыныгы манкурттарды өстүрүп калабызбы. Андай элдин эртеңки келечеги жок экендиги айдан ачык.

## 1.3. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары.

Мезгил талабына ылайык ЖОЖдордон кыргыз фольклорун окууда студенттер билим билгичтиктерин мамлекеттик стандарттын талабына ылайык жүргүзүүдө. Студенттер ээ болуучу компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функцияларын жолго коюу актуалдуу маселелерден болууда. Анткени ЖОЖдун студенттеринин алган билим, билгичтиктери мамлекеттин стандарттык илим мазмунуна шайкеш келип коюлган талабына ылайык келбесе, студенттин этнопедагокикалык компотенциясы, анын денгээли тууралуу айтууга мүмкүн эмес. Ошондуктан адегенде компетенция термини тууралуу түшүндүрмө берүүгө туура келет. Компетенция деген термин латын тилинен алынып, «compotens» - бизче которгондо – «билгичтик», «жөндөмдүүлүк», «ишкердик», «шайкештик» деген түшүнүк берет. Демек, бул жерде биз

белгилүү денгээлде кандайдыр бир тармак боюнча өзүнүн ар тараптуу терең билими, тажрыйбасы, интеллектуалдык деңгээли, этномаданияты жогору, айлана чөйрөсүндөгү адамдардан ушул мүнөздүк касиеттери менен айырмаланган инсанды айтабыз. Анын мүнөздүк айырмачылыгы кандай кырдаалда болбосун өзүнүн иш билгилиги, кесипкөйлүгү менен татаал ситуациялардан чыгып кетүүгө жөндөмдүү келгендиги. Атуулдук – коомдук иш билгилиги менен өзүн ар дайым өркүндөтүп, теориялык алган билимдерин өзүнүн профессионалдык адистигинде тажрыйбадан өткөрүп ал тажрыйбасынын канчалык денгээлде ишке ашырып жаткандыгын анализдеп, жаманын өзүмдүк иш принцибинен алып таштап, жакшысын колдонуп жетишпеген жагын толуктап, себептерин издеп ар дайым өзүнө сын көз менен карап билип, өзүн жогорудагы асыл сапаттарга тарбиялаган адам «компетенттүү» адам деген статуска ээ болот. Башкача айтканда «компетенттүүлүк – бул жумуштун майын чыгара иштеген, өтөсүнөн чыккан, натыйжалуу эмгектенүү үчүн, үзүрлүү ишмердүүлүкө өбөлгө түзүүгө зарыл деп эсептелинген билим, ыкма, билгичтиктердин көндүмдөрүн, жөндөмдүн, тажрыйбанын болуусу, турмушта туура кадам таштоо үчүн адамдын толук кандуу өсүп жетилүүсү». Педагогика илимдеринин доктору, профессор В.И.Мусаева - Компетенттүүлүк деген эмне дегенге жооп айтуу менен эне тилин окутуунун тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөрүн чечмелеп, сунуштоо аркылуу салттуу окутуу менен компотенттүүлүккө багытталган окутуунун артыкчылыктарын белгилесе, ал эми Рамазан Түркмен (ALATOOACADEMICstudies. 2016 №4) «компетенттүүлүк – бул когнитивдик, предметтик – практикалык мамиле менен жеке тажрыйбанын синтези». Компетенттүүлүк индивиддин жеке касиети катары түрдүү формаларда кездешет:


- $\frac{3}{4}$ жеке өзүн – өзүн өркүндөтүү ыкмалары (көнүмүш адат, жашоо ишмердигинин ыкмалары, бир нерсеге кызыгуу);

- $\frac{3}{4}$ индивиддик өзүн – өзү өркүндөтүүсүндөгү кандайдыр бир жыйынтык, жеке жөндөмдүүлүгүн билдирүү.

- Компетенттүүлүктүн табияты окутуунун продуктусу катары, индивиддин өзүн-өзү өркүндөтүүсүнөн келип чыгат да, технологияга караганда инсандык өсүү менен ишмердүүлүктүн жалпылыгынан көбүрөөк пайда болот. Ошентип, компетенттүүлүк – бул инсандын өзүн-өзү өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүчү билим, билгичтик жана өндүмдөрдүн тажрыйба жүзүндөгү ыкмасы. Ал – таанып – билүүчүлүк окуучунун дүйнөдө өз ордун табылышына таасир этүүчү эң чоң күч катары инсандын потенциалдык жогорку денгээлде таланаттуулугун жана айланадагылар тарабынан таанылуу маанилүүлүгүн аныктайт. Белгилөөчү нерсе бүгүнкү күнгө чейин компетенттүүлүк термини кесиптик билим берүү чөйрөсүнө байланыштуу каралып келгендиги. Ал эми мезгилдин талабына ылайык бүгүнкү күндө компетенттүүлүк – билим берүү системасынын улуттук дидактикасында жаны көрүнүш катары туруктуу колдонууга аракет жасалууда.

Муну менен биз “компетенттүүлүк” термини билим берүүдөн мурда колдонулбай келген деген сөздөн алыспыз. Анткени салттык билим берүүдө көбүнчө теорияга басым жасалса, ал эми кийинки инновациялык билим берүүдө билимде чыгармачылык тажрыйбаны өркүндөтүүгө негизги көңүл бурулгандыгында. Ал эми билим жана билгичтикти айкалыштыра билүүнүн бул эки жолун ишке ашыруучу дидактикалык жана таалим-тарбиялык функциялардын орду болгон этнопедагокикалык компетенциялардын ишке ашыруусу жогоруда белиленгендей ишке ашырылууда. Жогорку педагогикалык окуу жайларда балдар адабиятындагы фольклордук чыгармаларды окутуунун түпкү максаты - болочок мугалимдердин этнопедагогикалык даярдыгын камсыз кылуу жана этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүнү калыптандыруу милдетин кошо камтыйт десек жаңылышпайбыз.

Ошондуктан, этнопедагогикалык компетенттүүлүк - бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жөндөмдүүлүгү жогору, өзүнүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туюмдары жана реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму десек туура болчудай. Ал эми студенттердин этнопедагогикалык даярдыгы - бир тараптан инсандын этномаданий нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсүнө багытталуусу зарыл [Алимбеков А. Жогорку педагогикалык окуу жайларда этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмунун иштеп чыгуунун теориялык негиздери. –Б.: 2002.1-б]. Балдар фольклорундагы чыгармалардын түпкү атасы – эл [М.Сулайманов Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. –Ош, 1992. 3-б.]. Мына ошол эл тарабынан жаралган балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалардын мазмунундагы этнопедагогикалык компетенттүүлүктү калыптандырууга ылайык билимдерди тандап-иргеп алууда, эң оболу ошол билимдер болочок мугалимдин инсандыгын даярдоого, этномаданий таалим-тарбиянын милдеттерин ишке ашырууга байланыштуу кесиптик жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, канчалык деңгээлде салым кошо алат деген маселе көңүл борборунда болушу шарт. Ошондуктан, балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалар аркылуу студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга ылайык буга чейинки тажрыйбабызга карап төмөндөгүдөй системаны түзүп көрдүк.




Байкалып тургандай, бул системанын мазмунунда мына булар чагылдырылды, т.а. системанын түзүлүшү жана компоненттери төмөндөгүлөрдөн турмакчы: биринчиси - балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалардын мазмуну; экинчиси - ал чыгармаларды

окутуунун формалары; үчүнчүсү - этномаданий түшүнүктөрүн калыптандыруунун методдору; төртүнчүсү - этномаданий билимдерин өнүктүрүүнүн каражаттары. Булардын баарынын ортосунда студент турат. Анткени, студент – тарбиянын борборунда болуу менен, тарбиянын предмети бала – экендигинин далили – дегенди түшүндүрүп турат деген ойдобуз [Каранова Т.Н. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүү жолдору. –Б.:2012. 114-б.].

Студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун бул системасын иштеп чыгуу процессинде, этномаданий таалим-тарбияга негиз болгон фольклордук чыгармалардын мазмунундагы этнопедагогикалык компетенциялар менен, аны жүзөгө ашыруу үчүн интерактивдүү методдор жана усулдук иштелмелердин, дидактикалык адабияттардын, тарбиялык сааттардын, дидактикалык материалдардын, сүрөттөрдүн өз ара эриш-аркак биримдигин камсыз кылышыбыз керек.

Ошондой эле мындай системанын ишке ашышы үчүн, окуу процессинин натыйжалуу сапаттуу болушу, ар бир предметтеги маалыматтардын студенттерге жетишине, аны терең кабыл ала билүүсүнө жараша болот. Ал үчүн ЖОЖдун окуу пландарына көңүл буруубуз зарыл. Окуу планы боюнча педагогика адистигине тандоо курсу катары коюлуп, анын жумушчу программалары этномаданияттык мазмунда болушу керек. Сапаттуу түзүлгөн жумушчу программанын негизинде студенттерге татыктуу билим бере алабыз.

Болочок мугалимдердин этнопедагогикалык компетенттүүлүккө даярдоо ишинде балдар адабиятындагы илимий маалыматтардын көптүгүнө эмес, эң оболу алар балдардын ишенимдерин, нарк-нускаларын өнүктүрүүгө, өзгөртүүгө таасир көрсөтүүчү мүмкүнчүлүктөрүнө көбүрөөк көз каранды экендигин байкайбыз. Ошондуктан, мына ушул жогоруда айтылган пикирлерден улам этнопедагогикалык компетенция жана этнопедагогикалык

компетенттүүлүк деген категориялык түшүнүктөрдү өз-өзүнчө белгилеп алсак. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда компетенциялардын өзөгүндө миңдеген муундардын акыл дарамети аркылуу нечен ирет алымчаланып-кошумчаланып, асылдандырылып, нечен кылымдык сыноолордон өтүп олтуруп азыркы абалга жеткен түптүү элдик гуманисттик идеялар жатышы зарыл. Башка улуттар сыяктуу эле кыргыздарда да адам инсанынын моделин чагылдырган түптүү түшүнүктөр арбын. Сырт турпаты менен рухий көрөңгөсү шайкеш төгөрөгү төп инсанды "чыныгы адам", "адамдын асылы", "адамдын адамы" деп сыпатташкан.

Ата-бабалардын "чыныгы адам", "адам маңызы" жөнүндөгү ой толгоолору өзгөчө фольклордук чыгармаларда кеңири чагылдырылат. Алсак, уламыш, аңыз-аңгеме, жомоктордогу Акыл Карачач, Жээренче чечен, Алдар көсө, Асан кайгы эпостордогу Манас, Семетей, Сейтек, Ак Балта сыяктуу элдин сүймөнчүлүгүнө айланган каармандардын образдарына этнопедагогикалык талдоо жүргүзүү, кыргыз элинин "чыныгы адам" жөнүндөгү түшүнүктөрүн ар тараптуу аңдап түшүнүүгө жардам берет.

Кыргыз элинде "Адам болуу" түшүнүгү тарбияга ээ болгон адамдын турмуш-тиричиликке даяр болушун өз ичине камтыйт.

Ошондуктан элибиздин бүт күч аракети жаш муундарыбыздын "адам болуусуна" жетишүүгө багытталган. Эмесе ошол идеалдуу адамды тарбиялоого ылайык жакшы сапаттарды же этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн критерийлерин жазып чыгабыз. Алсак:

- Улуттук тилдин нарктуулугун сактай билүүчү;
- Каада-салттарды, үрп-адаттарды өнүктүрүүчү;
- Улуттук кийимдерди барктоочу;
- Кол өнөрчүлүктү, маданий мурастарды сактай билүүчү;
- Салттуу, нарктуу, меймандос, жагымдуу;
- Эр жүрөк, мекенчил, намыскөй;

- Кайраттуу, жаратман, боордош, максаттуу;
- Гумандуу, ынтымактуу, нускалуу. ж.б. у.с.

Ушул идеяларга байланыштуу п.и.д., профессор А.Муратовдун “Аталар сөзү-Акылдын көзү” китебиндеги, тарбиялоо жөнүндөгү элдик билимдер жана А. Сариевдин “Кыргыздын улуттук каада - салты, үрп-адаты” жөнүндөгү китептеринин мазмуну аркылуу этопедагогикалык компетенцияларды белгилеп көрөлү.

Анда “Адамдын адамдыгы мамилелерде - деген биринчи бөлүмдө бир канча элдик билимдер баяндалган. Мисалы:

-Энеге мамиле, - Жан-жаныбарга мамиле,
-Атага мамиле, - Тилге мамиле,
-Кошунага мамиле, - Тарыхый мурастарга мамиле,
-Балага мамиле, - Илимге мамиле,
-Кыз-балага мамиле, - Бирөөнүн акысына мамиле,
- Улуу-кичүүгө мамиле, - Мусапырга жана конокко мамиле,
-Адамга мамиле, - Өмүргө мамиле,
-Устатка мамиле, - Өлүмгө мамиле.

“Адам көркү - адепте” деген экинчи бөлүмдө адептүүлүк жөнүндөгү элдик билимдер жазылган. Мисалы:

- Конок күтүү адеби,
-Саламдашуу адеби, - Үй-бүлө адеби,
-Коштошуу адеби, - Кийим адеби,
-Сүйлөшүү адеби, - Дос күтүү адеби,
-Угузуу адеби, - Акыл- парасаттуу болуу адеби,
-Дене-бойду чыңоо адеби, - Оорулууну көрүү адеби,
-Аманатка кыянат кылбоо адеби, - Адалды арамдан айырмалаш адеби.

“Адам болуу - аста-аста, акмак болуу-бир паста” деген үчүнчү бөлүмдө ар бир кыргыз жаштарына керектүү баа жеткис сапаттар, идеялар, билимдер жазылган. Мисалы:

- Кичипейилдик,
- Боорукердик,
- Сабырдуулук,
- Иштемчилдик,

- Тооба кылуу,
- Ачууга алдырбоо,
- Сүткорлук,
- Араккорлук,
- Убал.

Ал эми жазуучу А.Сариевдин “Кыргыздын улуттук каада - салты, үрп адаты” деген китебинде элдик каада-салт, үрп-адаттар топтолгон. Алсак, элдин арасында кеңири тараган тарбиялык насыяттар, алкыштар жана бири-биринен кечирим суроо , ата-энелердин балдарына карата айтылчу тилектер. Ошону менен бирге, балага ат коюу, бешикке салуу, тушоосун кесүү эрежелери жазылган. Андан кийин кудайга ар кайсы маселелер боюнча кайрылуучу сөздөр, адам каза тапканда зыйнатын кантип өткөрүү керектиги, адамдардын бири-бирине болгон милдеттери жөнүндө автордун алгылыктуу ойлору берилген.

Ошентип, бул түшүнүктөрдү жан дүйнөсүндө алып жүргөн жана күндөлүк турмуш практикасында колдонуп жашаган адам, албетте, этнопедагогикалык компетенттүү адам деп аталат. Демек, компетенция, компетенттүүлүк туурасындагы жогорудагы ойлордон улам, кыргыз элинин жашоо философиясындагы улуттук ыйык идеялар, жашоо принциптери кыргыз элинин каада-салттарында, үрп-адаттарында болгондуктан аны өнүктүрүп, жайылтуучу болочок мугалимдин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүнүн мазмуну булар менен аныкталарын байкайбыз:

- жаш муундардын элдик педагогикалык рухий-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө, жана жайылтууга ынтызарлыгын андан нары өнүктүргөн;

- элдин жашоо турмушун, улуттун кулк-мүнөзү, менталдык-психологиялык сапаттары, педагогикалык көз-караштары, тарбия-тажрыйбалары, адептик-этикалык салттары жөнүндөгү илимий билимдерин иретке салган, кемчилигин толуктаган;

- элдик педагогикалык дөөлөттөрдү тынымсыз өнүгүү абалында түшүнүү жана этномаданий таалим-тарбия жумуштарын долбоорлоодо эски менен жаңынын элементтерин дайыма терең талдап кылдат эске алууга умтулган;

- этномаданий таалим-тарбия жаатындагы программалык, дидактикалык материалдарды түзө билүү боюнча тажрыйбалуу.

Азыркы учурда жогорку билимдүү адистерди даярдоо жөнүндө сөз болгондо "компетенттүүлүк" жана "компетенция" деген түшүнүктөр кеңири колдонулууда. Эмесе алардын маани-маңызын карап көрөлү ."**Компетенция**" термини латын тилинен алынып "**competentia**" **- жетүү, дал келүү, туура келүү** дегенди түшүндүрөт. Ал эми энциклопедиялардагы түшүндүрмө сөздүктөрдө, профессионалдык билим берүү боюнча сөздүктөрдө компетенцияга төмөндөгүдөй аныктамалар берилет:

а) кимдир бирөөлөрдүн кайсы бир суроолордун тегерегинде жакшы кабардар болушу;

б) тигил же бул тармактагы терең билимдер жана тажрыйбалар;

в) кайсы бир кызматтагы адамдын ыйгарым укуктары деп жазылса. С.И.Ожеговдун орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "компетенция"- кимдир бирөөлөрдүн кайсы бир суроолордун тегерегинде жакшы кабардар болушу, кимдир бирөөлөрдүн мүмкүнчүлүктөрүнүн, укуктарынын чеги [сайт: Festival. Iseptember.].

Ал эми компетенция түшүнүгү TUNING проектине ылайык төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- Билүү жана түшүнүү (теориялык билим жана билүү,түшүнүү) жөндөмдүүлүктөрү;

- Кандай иш-аракет кылууну билүү (билимдерди конкреттүү, профессионалдык кырдаалдарда колдоно билүү);

- Эмне кылууну билүү (баалуулуктар, кабыл алуунун жана социалдык тиричиликтин бир бөлүгү катары) [Зимняя И.А. Социальные

компетентности выпусников вузов в контексте государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования и проекта TUNING/ //Высшее образование сегодня. 2007. -№11. –С.22-27].

Эми компетенттүүлүк терминине токтолсок мындай: компетенттүүлүк аныкталган социалдык, профессионалдык статустагы адамдын билими, билгичтик жана тажрыйбаларынын ал аткарып жаткан маселелердин татаалдык деңгээлине туура келүү өлчөмү [Даутов К. Сөз өнөрүнүн эстетикасы.-Ф.:Кыргызстан 1984.-192б.№43.]. Демек, компетенттүүлүк - бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик абалы. Ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларды кандайча колдоно алаары менен аныкталат [Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу теориясы жана практикасы. –Б., Турар, 2013. 61-б.]. Ал эми, Россиялык окумуштуу А.В.Хуторской “компетенттүүлүк” жана “компетенция” түшүнүктөрүн бир аз өзгөчөрөөк бөлүштүрөт. “Компетенция” латын тилинен (“kometentia) которгондо адам таанып билүүгө жана тажрыйбага ээ болгон маалыматы бар суроолордун чөйрөсүн түшүндүрөт. “Компетенттүүлүк”- бул адамдын ишмердүүлүк предметине жана ага болгон мамилесин камтыган тийиштүү компетенцияга ээ болуусу [А.Т.Абдырахманов, М.А.Ногаев Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле: Окуу-методикалык колдонмо. –Б.: 2013, -17-18-б. -128-б.]. Ошону менен бирге түйүндүү компетенциянын жети тобун да бөлүп караган. Алар:

1. Баалуулук-маанилик компетенциялар.
2. Жалпы маданий компетенциялар.
3. Окуп-таанып билүүчүлүк компетенциялар.
4. Маалыматтык компетенциялар.
5. Коммуникативдик компетенциялар.
6. Социалдык-эмгектик компетенциялар.

7. Инсандын өзүн-өзү жакшыртуу компетенциялары [Хуторской, 2002:128].

Аталган компетенциялардын ичинен улуттук жана жалпы адамзаттык маданияттан кабардар болууну камсыз кылуучу, адамдын руханий-маданий жашоосунун жана үй-бүлөлүк, социалдык, адам турмушундагы илим жана диндин ролу менен байланышкан, салттардын өзөгүн түзүүчү жалпы маданий компетенция жаштардын этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзөт десек болчудай.

Мындай компетенцияларга ээ болуу, башка адистер сыяктуу эле башталгыч билим берүүнүн усулчусу адистигине ээ болгон жаштардан да талап кылына турган принциптерден болууда.

Ошентип этнопедагогикалык компетенция жана этнопедагогикалык компетенттүүлүк деген категориялык түшүнүктөр, учурда зарылдыгы жана нравалык категория катары кабыл алынышы керек. Адамзатка белгилүү ар бир этномаданий нарк дөөлөттөр педагогикалык максатта колдонууга арзыйт. биз учурда педагогикалык ЖОЖдордо балдар адабиятын окутуу процессинде жалпы эле компетенция жана компетенттүүлүк маселелерине таянуу менен, болочок мугалимдерди даярдоодо мына ушундай багыттарды кармануубуз керек. Ал багыттар жогоруда айтылган системада көрсөтүлдү.

Ушулардан улам, ЖОЖдордо кыргыз фольклору боюнча лекция окуу же программалардын текстин окутуу менен чектелбестен, практикалык сабактарда берилген фольклордук чыгармалардын идеялык мазмунун терең билүү, турмуштук жашоосунда колдонууга жетиштирүү, ар бир чыгарманын таалим-тарбиялык маңызын жан дүйнөсүнө сиңирип калыптандырууга жетиштирүү бүгүнкү кесипкөй педагогдордун милдети. Анткени компетенттүүлүк психолог А.В.Зимняя белигилегендей «адамдын социалдык-профессионалдык турмуштук ишмердүүлүгүндө интеллектуалдык жана инсандык тажрыйбасына алып келүүчү билим”.

«Компетенттүүлүктүн» мааниси:

1. Адамдын билими, таанып билүүсү, тажрыйбасы, жогорку бир жетишкендикке жетүүсү: талапка дал келүүсү, тажрыйбасы жогорку бир жетишкендикке дал келүүсү, талаптын денгээлинде болуусу;

2. Кызмат адамынын адистиги белгилүү бир багыттагы ишкердүүлүгүнүн талабынын деңгээлине жетишүүсү” [Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. -Б.:2014, 94-бет].

Мындай багыттар окутуунун (же билим берүүнүн) манызы – компетенттүүлүккө багытталган окутуу (же билим берүү, тарбиялоо) болуп саналат. Мунун өзү билим, билгичтик, машыккандык, жазуу, ооз эки иш жүргүзүү ж.б.у.с. Билим берүү иш-аракеттеринин натыйжаларынын интеграциясын камтып турат [Ш. Курманбеков Система компетенции – новая пардагма ревультат образования. Эл агартуу. 2008. 28-бет]; демек, окум.С.Рысбаев айткандай: “ал идея эмес, ал - практикалык зарылдык” [Рысбаев С. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. -Б.: 2014, 94-бет]. Андай болсо ЖОЖдордо ар бир адистик боюнча берилген билим ал - кандай предмет болбосун - теориялык - практикалык колдонуучулук, таалим-тарбиялык негизине барып такалат. Анткени ЖОЖдордо өтүлгөн лекция же практикалык сабактын эффективдүүлүгү студент менен окутуучунун ортосундагы:

1. Тилдин коммуникативдүүлүгүнө;

1. Коммуникативдик компетенттүүлүгүнө;

2. Когнитивдик – лингвоэтномаданий – компетенттүүлүгүнө байланыштуу болуп саналуу менен, студенттин билимге компетенттүү мамиле жасаган педагогикалык дидактикалык функциялары ишке ашырылат. Мунун өзү студенттин окуу процессине мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн окуу программа киргизилишине компетенттүү мамиле кылуусун негизиндеген милдеттеринин жүзөгө ашуусун айгинелейт. Жогорудагы маалыматтарга таянуу менен студенттердин этномаданият чөйрөсүндөгү көп

кырдуу көрсөткүчтөрүнүн ичинен төмөндөгүлөрдү өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот:

- **Когнитивдик (таанымдык) компонент;**
- **Көз караштык дөөлөттүк компонент;**
- **Жүрүм-турумдук компонент.**

**Когнитивдик (таанымдык) компонент**. Когнитивдик (таанымдык) компонент окуучулардын этномаданий идеяларга жана идеалдарга негизделген түшүнүктөрүнүн, билимдеринин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт. Ал студентте төмөнкүдөй сапаттардын калыптанышын талап кылат:

- өз үй-бүлөсүнүн генеологиясын (жети ата), тарыхын, ата-бабаларынын мекенди, улутту өнүктүрүүдөгү өрнөктүү иштерин жеткилең билүү;
- эне тилинин дараметин оозеки жана жазуу кебинде жеткилең колдоно алуу;
- Ата-Мекенинин, өз элинин тарыхый жактан өнүгүшүнүн бардык этаптарын жакшы билүү;
- этникалык маданиятка, этнографияга, фольклорго тиешелүү түйүндүү түшүнүктөрдүн маанисин, адептик-ыймандык көтөргөн жүгүн билүү;
- күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп келе жаткан каада-салттардын, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдүн, түшүнүктөрдүн дурус-буруш жактарын туура аңдап, айырмалай билүү;
- элдин тарыхый-маданий тажрыйбасы, адептик-этикалык салттары жөнүндө жетиштүү билимге ээ болуу;
- элдик оозеки чыгармаларды бир гана көркөм сөз үлгүсү эмес, өткөндөн калган осуят-насыяттардын казынасы катары түшүнүү жана талдай билүү;
- кичинекей кыргыз калкынын башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпей, эл-журт катары сакталып калышында, анын улуттук аң-

сезиминин кыйын мезгилинде өчпөй, жанып турушундагы «Манастын» ордун, маанисин билүү;

• мекенчил болуунун түпкү маани-маңызын түшүнүү менен бирдикте «улуттук” «менменсинүү», «толеранттуулук» сыяктуу түшүнүктөрдүн айырмалуу жактарын жеткилең аңдоо.

**Көз караштык дөөлөттүк компонент**. Көз караштык дөөлөттүк компонент студенттердин этномаданий дөөлөттөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт:

• Ата-Мекен жана аны түзгөн тарых, эне тил, маданият, санжыра, элдик өнөр сыяктуу дөөлөттөр менен өзүнүн ортосундагы ажырагыс биримдикти, байланышты тереңдетүүгө, өркүндөтүүгө тынымсыз умтулуу;

• Өз элинин рухий-маданий мурастары менен сыймыктануу;

• элдик өрнөктүү каада-салт, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдү урматтоо, барктоо, аларды өзүнүн жашоо-турмушунун эреже-мыйзамына айландырууга умтулуу;

• элдик адептик жана руханий-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана жайылтууга ынтызар болуу;

• элдин рухий асыл нарктары аркылуу өзүн өзү көрүү, өзүн өзү таануу, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү тарбиялоого карата чыныгы ыклас;

• өз элинин, мамлекетинин турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөр үчүн тарыхый жоопкерчиликти туюу.

**Жүрүм-турумдук компонент**:

• муундар аралык руханий-ыймандык жана маданий-тарыхый уланмалуулукту бекемдөөгө, ата мекен тарыхын, эне тилди, элдик салттарды сактоого изгилик жана күйүмдүүлүк;

•улуттук ыйык дөөлөттөрдү жана символдорду сыйлоо, коомго жана мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга чын ыкластуу иш-аракет;

• «Манас» эпосун жана анын мазмунуна ширетилген даанышман осуят-насыяттарды, инсандык өрнөктөрдү окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүгө карата жигердүү аракет;

• Ата Мекенди, эне тилди, ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалардын калыптангандыгы;

• Ата Журттун гүлдөп-өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил, жыргал турмушу үчүн патриоттук иш-аракеттердин субьекти катары социалдык активдүүлүгү;

«Этноцентризм» илдеттеринен четте болуу, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымакта жашай билүү, ар кандай кырдаалда өзүнүн эмоционалдык маанайын башкара билүү». [Алимбеков А. Мектеп окуучусунун этномаданий компетенциялары // Шоокум. - 2012. - №2. -26-б.]

Ошентип илимий булактарга негизденип жыйынтыктаганда этнопедагогикалык компетенттүүлүк төмөнкүдөй сапаттарга жетишүүсү зарыл:

• интеграцияланган (ар тараптуулуктардын биримдигинен түзүлгөн) сапаты;

• өз элинин өткөн маданиятын түшүнүү, сыйлоо, башкаларга жеткирүүгө даяр туруу сапаты;

• этнопедагогикалык идеяларды жана азыркы педагогикалык теорияларды айкалыштырууну ишке ашырууга жөндөмдүү болуу сапаты;

• көп этникалык чөйрөдө башка маданияттарга толеранттуу мамиле кылуу сапаты ж.б.

Бул сапаттар студенттердин таанып-билүү, руханий-тажрыйбалык татаал процессинде анын инсандыгынын когнитивдик, адептик-эрктик, ишмердүүлүк, эмоционалдык жактары аркылуу калыптанат. Ал калыптануунун деңгээли социалдык, маданий, психологиялык, педагогикалык шарттарга байланыштуу болот. Этнопедагогикалык компетенттүүлүк татаал жекелик-адистик билим берүү болуп, ал адистик

теориялык билимдерди, тажрыйбалык ыктарды, машыгууларды, көндүмдөрдү, этномаданий баалуулуктарды жана аларды ишке ашыруунун жолдорун камтыйт.

Демек, ЖОЖдун студенттери «Балдар адабиятынан» балдар фольклору боюнча билим алып жатып, фольклордун табияты, проблематикасы, классификациясы балдар фольклорундагы дидактикалуулук жана көркөмдүүлүгүнүн карым-катнашы. Балдар фольклорунун жанрлык формаларынын эволюциясы аркылуу өсүп келе жаткан муунду ар тараптуу тарбиялоо жана турмуш, коом, адамдар менен тааныштыруу менен бүгүңкү жана эртенки күнгө татыктуу компетенттүү инсандардын жаралышына таасир берүү жана компетентүүлүккө тарбиялоо негизи ал предметтин максаты болуп саналат. Анткени эртенки болочок мугалимдердин мындай компетенттүүлүккө ээ болушу, студенттин өзү барып иштеген мектептин ар бир окуучусунун билим, билгичтиктигинин мазмуунун этнопедагокикалык жактан терендешине өбөлгө түзөт. Себеби окуучунун мугалим тарабынан берилген тарбиясы, эртенки коомго, келечекке даяр жана керектүү инсан болуп тарбияланышындагы коомдук эн негизги маселелердин бири. Кайсыл улут өзүнүн жаш муунун келечекке ылайыктуу кылып тарбиялай алган болсо, кайсы коом өзүнүн жаш муунун улуттук жана дүйнөлүк баалууктар менен жуурулуштуруп, дүйнөнүн баалуулуктары менен сугарып, жат душманга эмес, өзүнө ишенгидей тарбиялап, билим берсе, ошол улут бактылуу жана эртенки келечеги айкын болуп саналат.

Мындай тарбияланып чыккан муун, өз элинин келечегине кызмат кылып, жүгүн көтөрө билет. Эгерде өз өлкөсүндө өзгөчө билим берүү системасында «адам фактору» анын келечектүүлүгү чечилген мамлекет ал күчтүү мамлекет болот. Ал үчүн ЖОЖдордо балдар фольклорун окутууда студенттерди дидактикалык талаптардан болгон адабий – теориялык, эстетикалык – рухий компетенттүүлүгүн өркүндөтүшүбүз зарыл. Ал үчүн биринчиден: адабий – теориялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө элдик

фольклордун бардык жанрлары башкача айтканда дидактикалык, лирикалык, эпикалык жанрлары боюнча теориялык терең билимдерге ээ кылуубуз керек; Экинчиден: студенттер окуган жанрлардагы чыгармалар боюнча рухий – эстетикалык, идеялык коммуникативдүүлүккө ээ кылуубуз керек. Ал үчүн адегенде аларга ал чыгармалардын идеялык – тематикалык табиятын чыгарманын идеялык – эстетикалык, мазмундук өзгөчөлүгүн ачууга негиз болгон андагы образдар системасынын руханий табиятын билдирүү керек. Үчүнчүдөн, ошол образдардын ички мүнөздүк дасмиясы аркылуу элибиздин ички жан дүйнөсүндөгү философиялык көз карашын, улуттук психологиясын, нравалык идеялардын, улутубузга тиешелүү менталитетин билүүгө үйрөтүүменен ага тарбиялашыбыз зарыл маселелерден. Төртүнчүдөн; аталган жанрдагы чыгармалардын ички мазмунундагы образдар аркылуу, алардын мүнөзүндөгү он жана терс касиеттерин талдап, анализдеп, алардын мүнөздөрүнөн этнопедагогикалык тарбиялык көрөңгүнү өздүк жан дүйнөлөрүнө сиңирип, калыптандырууга үйрөтүүнү көбүнчө практикалык сабактардар ишке ашыруу эффективдүү натыйжа берет. Муну менен балдар фольклорун окуу менен студенттердин компетенттүүлүккө ээ болуусу, демек, алардын практикалык сабактарда өздөрүнүн лекцияда алган билимдерин иш-аракеттери аркылуу жүзөгө ашырууга аракеттенген ишмердиктеринин натыйжасы болуп гана кала берет. Албетте, алардын сабакта жараткан ийгиликтери – студенттин билим билгичтик, ккөндүмдөрүн иш жүзүндө тажрыйбалоосунун натыйжасы болуп эсептелет. Мунун өзү – студенттердин билиминин окуу стандарттарынын негизинде, окуу програмамасына ылайык милдеттерди талапка ылайык жөндөмдүүлүктө ишке ашыруусу болуп эсептелет. Бул оюбузду бир практикалык сабактын мисалы аркылуу мектеп программасында окулган «Акыл Карачач» жөө жомогун алып көрөлү.

**Сабактын темасы**: «Акыл Карачач»

**Сабактын максаты**:

**Билим**: Жөө жомоктун идеялык идеялык – эстетикалык – мазмундук сюжети тууралуу түшүнүк берүү.

**Билгичтик -** жөө жомоктун идеялык – мазмунун билишет

– Жаныбек хандын амалынын маңызын түшүнүштү.

– Кара чачтын акылдуулугун окуялар аркылуу далилдей алышат.

– Жаныбектин ач көздүгүнүн акыры эмне аяктагандыгын түшүнүшөт

–Акылдуулуктун маңызы кандай натыйжа берерин билишет.

–Ынтымактын үзүрүн сезишет.

**Көндүм мамилелер – күтүлүүчү натыйжалар**:

– Ач көздүүлүктүн зыянын сезишет андан арылууга тарбияланышат.

–Акылдуу болуу үчүн билимдүү болуу керектигин үйрөнүшөт.

– Ынтымактуу болууга уйрөнүшөт.

– Эл үчүн кызмат кылууну парзым деп эсептешкенде калыптанышат

– Өз эне тилдеринде оюн, ооз эки, жазуу түрүндө логикалык жактан далилдөө менен так, даана бере алышат.

– Жамаатта иштей билишет.

– Чыгарманын мазмунуна сын көз менен карап анализдеп алышат.

– өзүнүн – чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүшөт, кемчилдиктерин оңдой билишет.

– Акылмандыкка, сабырдуулукка, тапкычтыкка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаны материалды окуп үйрөнүү сабагы

**Сабактын формасы:** Өз алдынча жана топ менен иштөө

**Колдонулган ыкма:** Тыным менен окуу.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу процесси бүткөндөн кийин, окутуучу студенттерге өтүлгөн материалдар боюнча бир сыйра эске салуу менен түшүнүк берип, доскага ватман илет. Анда чакыруу иретиндеги төмөнкү суроолор болот:

➢ -Жээренче чечен менен  Акыл Карачач, бул аттар эмнелерди эсинерге салат?

- ➢ - Жээренче чечен жөнүндөгу жомок эмне жөнүндө болушу мүмкүн?
- ➢ - Турмушта Жээренче чечендей адамдар кездешеби?
- ➢ - Акыл карачач деген атттын турмушта көп кездешүүсүнө эмне себеп деп ойлойсунар? Окутуучу студенттен бул суроолорго оз ойлорун билдирген жооп алгандан кийин жөө жомокту тыным менен окууга көрсөтмө берет. Башкача айтканда, китептен атайын тыным менен өтүлүүчү жерлерди чыгарманын ичинен белгилеп көрсөтөт да, ар бир тыным окулгандан кийин алган билимдер жөнүндө талкуу жүрөт. Анда окутуучу: окуя мындан кийин кантип уланышы мүмкүн? деген суроону коёт. Окуучулар өз ойлорун айтышат. Окутуучу ар бир тыным окула электе айткан студенттин болжолдуу ойлорунун канчалык денгээлде тастыкталгандыгын аудитория менен бөлүшөт. Ошондон кийин экинчи тыным улантылат. Андан кийин дагы жогорку процесске кайталанат – деп окутуучу тыным мене окуунун эрежеси менен тааныштырат да жаңы темага киришет.

1 – тыным: Өткөн ар бир заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче чечен деген киши болуп, анын *Төлөмырза деген уулу болгон экен. «Өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала» деген сөздү Жээренче чечен күн сайын элден угуучу болду деген сүйлөмдөн* баштап, «*Аттаа, жанын чыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай эсим кетпедиби, мындан кийин адам болом десен, калп айтпа. Калп айтсан, өмүрүн менен ырысына зыян келет», - деп жалгыз баласын тынчы жок, сөзүндө чыны жок, жаман бала чыгып калганына капаланды* деген жерге чейин окулуп бүткөн соң окутуучу окуучулардан жомоктун мазмунун сурап, андан ары жомок кандай уланат деп ойлойсунар? Деген суроо менен кайрылат студенттер өз ойлорун айттып. Окутуучу алардын талкуусу эч тосколдуксуз угуп турат. Болжолдуу жооптор айтылгандан соң кийинки тынымда окуя кандай болушу мүмкүн? Деген суроо коюлат, жооп алгандан кийин кийинки тыным окулат.

2 – тыным: *Бир куну баласын ээрчитип жолдо келе жатып: «Ат жалына ас», - деди. Төлөмырза түшө калып, аттын жалына от коюп,*

*өрттөп жиберди деген сүйлөмдөн баштап, «Ушул сиздин баланызга көнүлүм түштү, кудай буюруп куда болсом, балам экоонүн бактысы ачылса деген тилегим турат. Эгер силерге бул созум эп болсо»,* -деди дегенге чейин окулуп бүтүп, дагы талкуу уланып, окуучулардын ой пикирлери айтылат.

3 – тыным: Кыздын ата – энеси*: «Сиздин айтканыныз жакшы кеп, биз өзүбүз бечара адамбыз, бир жаман жалгыз кызыбыз бар, сиз айтылуу Жээренче чечен деген Жаныбек кандын чечени болсонуз, баланыз Төлөмырза элден – журттан кыз жактырбай тандап жүрсө, менин кызым көңүлүнө жакпас бекен? Буга жоопту кызым өзү билип берсин»,* - деди дегенде. «*Каным менен тапканым ушу, сиздин укканыныз ушу», - деди канды карап, бир аз ойлонуп туруп, Акыл Карачач басып кетти. Кан Жаныбек арданып үйүнө кайтты»* дегенге чейин окулуп, адаттагыдай жомоктун мазмуну тууралуу студенттин ой-пикирлери угулат.

4 – тыным окулат: *Кан Жаныбек Карачачты алууну ойлонуп, каарын төгүп түрдүү кыстоо салмакчы болуп, Жээренче чеченге Желдет жиберди* деген суйлөмдөн «*Бул сөзгө Жээренче чечен өтө ыраазы болуп « бир өлүмдөн калдым деп кубанды. Дагы тынчып калбады алар. Эртеси кандын дагы бир жигити келди* дегенге чейин окулуп адаттагыдай талкуу жүрүп, мугалим чыгарманын мындан ары кантип улана тургандыгын текшерип, окуучулардын чыгармачылык ойлоосун өстүрө турган компетенттүүлүгүн жогорулата турган сууролорду берип ага жооп алып андан кийинки тыным уланат.

5 – тыным: Ал *«Бул буйругу эки эмес, отуз күндүн ичинде, таштан тарамыш кылып, кумдан өтүк тигип берсин»,* дегенден башталып *«Акыл Карачач үйүнө келип Жээренче чеченге окуяны айтып берди. Жээренче чечен Акыл Карачачтын акылына ыраазы болуп, «Кайрылуу жакшы өмүр сүргүн, канча бир өөум ажалдан алып калдын», - деп ага ак батасын берди*. Дегенге чейин окулат. Дагы процесс кайталанат.

6 – тыным: «*Бирок камынып турган Жаныбек аны менен токтоп калбады, Жээренче чечендин колун байлап, Алтай тоосундагы Каракалмакка айдатты* дегенден баштап,

*Толубайдай сынчыны айт,*

*Жээренчедей чеченди айт,*

*Алдар көсө кесепти айт,* - *деген сөз сакталып калган экен "*дегенге чейин окулат.

Талкуу улана жүрүп отуруп студенттер жалпылап, ойлорун жыйынтыкташат талкуу окутуучунун көзөмөлүндө өтөт. Активдүү катышкан окуучулар бааланат. Мугалим сабактын максатына жеткендиги тууралуу студенттердин ой-пикирин анализге алуу менен жалпылап жыйынтыктайт.

Демек бул сабактын үлгүсү менен студенттер – алган билимин , билгичтиктери аркылуу кайтарымын иш – аракет мамилелери менен бергенге тарбияланышат. Сабактын максатындагы көндүм, мамилелердеги белгилеп өткөн этнопедагокикалык компетенцияларга тарбиялоого аракеттендик. Анткени студент бул чыгарманы ЖОЖдо окуп үйрөнүү менен өздүк мүнөздөрүндө аларды калыптандырып мектепке баргандан кийин өз билимдерин окуткан окуучуларына өткөрүп берүүгө жөндөмдүү болушат. Анткени, студент каначалык денгээлде билимге ээ болсо, билгичтик, көндүм мамилелеринин денгээли ошончолук жогору болот бул натыйжанын канчалык чындыгын төмөнкү аныктама менен далилдейли студенттин:

-Теориялык материялдар боюнча билимдерге ээ болуусу – окуучунун теориялык компетенттүүлүгүн аныктайт;

-Теориялык материялдарды, практикалык тапшырмаларды жүзөгө ашырууда пайдалана алуу жөндөмү – коммуникативдик компетенттүүлүгүн мүнөздөйт;

-Тил аркылуу элдин жан дүйнөсүн, салт-санаасын, тарыхын билүүсү окуучунун рухий компетенттүүлүгүн тастыктайт. Демек, бул жерде студенттер бир сабактын ичинде дидактикалык-теориялык,

коммуникативдик, рухий компетенттүүлүккө ээ болуу менен бирге сабактын максатынын терендешине төмөнкү күтүлүүчү натыйжалардагы этномаданияты өбөлгө болду:

– Чыгарманы толук билишкендиги.

– Же маданияттарынын сабырдуулугу.

–Өздөштүргөн материялын толук түшүндүрө алуулары.

– Жаны теманы презентациялоо иш-аракеттеринин эстетикасы: Этикасы. Баалуулугу

– Топтун активдүүлүгү.

–Топтун чыгармачылыгы.

–Алтын эрежелерди сактай билүүсү.

– Аудиторияны ынандыра алуулары.

– Топтун этикалык нормативдүүлүгүн сактай билүүлөрү.

–Топтун жана ар бир студенттин билим денгээлинин даражасы.

–Чыгарманы үйрөнүп жаткан элибиздин маданий байлыктарын үйрөнүштөрү.

– Сөзгө маани жана баа берүүлөрү.

Бул натыйжалардын бардыгы студенттердин компетенттүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат. Демек, ЖОЖдордо фольклордук чыгармаларды дидактикалык талаптар аркылуу окутуу менен бүгүнкү студенттин – эртенки келечегиндеги мугалимдин компетенттүүлүгүн калыптандырып өнүктүрүүгө боло тургандыгына ынанууга туура келет. Ошентип аталган чыгарманын идеялык сюжети менен таанышуу аркылуу студент рухий – этномаданиятты, жалпылап айтканда улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанып билүү, аны турмуштук практикада колдоно билгенге үйрөнүшөт. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттик этнопедагокикалык компетенттүүлүктөрүн жогорулатууда негизги роль окутуучу менен студенттин ортосундагы коммуникативдик ыкма саналат. Анткени коммуникативдик ыкма – окуу процессиндеги студент менен окутуучунун

ортосундагы аткарылуучу ар тараптуу мүнөздөгү коомдук психологиялык процесс болуп саналат. Ал процесс «Анткени 21 – кылымдагы билим берүү системасы келечектеги адистерди эң жогорку адеп-ахлактуулугун, нравалуулугун, этномаданиятын, жалпы билиминин сапаттуулугун, кесиптик иш-аракеттүүлүгүн камсыз кылат» [Б.Үкүева. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаны технологияларын колдонуунун илимий – педагокикалык негиздери. Монография –Ош – 2012. 150-бет]. Аталган максаттан алганда келечектеги адистердин «Кыргыз балдар фольклору» боюнча этнопедагогикалык компетенттүүлүккө калыптандыруу үчүн жасалып жаткан иш-аракеттердин маныз-мазмунун бүгүнкү күндө реформалоо зарыл. Анткени билим берүүнү этнопедагогикалык жактан модернизациялоо багытынын бири өндүрүштү жогорку кесипкөй компетенттүү педагог адистер менен камсыз кылуу кесиптик академиянын эн негизги милдеттеринен болуп эсептелет. Белгилөөчү нерсе бул милдет методологиялык ориентир катары бул аспект эң керектүү бойдон калып, кесиптик ийгилик билим берүүнү системалуу түрдө жүзөгө ашыруу эмес, машыгуучу ыкмалар аркылуу билимдин өнүгүшү шартталгандыктан, бул маселе эки жогорку эки системанын биримдигинен түзүлгөн инсандык компетенттүүлүк катары таанылууда. «Ишкердик профессионализми –субъектин эмгекке сапаттуу мүнөздүк катышы» [Дергач А.А Акмеология – личностные и профессиональное развитие человека –М. - 2000].

Ошентип, студенттин компетенттүүлүгү анын өз кесиби боюнча квалификациялуу профессионалдуулугу, машыгуучулугу, алган билиминен алуучу негизги чыгармачалык чечимдери, ар бир балдар фольклору боюнча алган жаны алгоритмдерди үйрөнүүнү кесипкөйлүк денгээлде чечүүсү, аны эң жогорку стабилдүү, жемиштүү ишмердикте жүзөгө ашыруусунун негизи болуп саналат. Ошондуктан студенттин компетенттүүлүгүн өркүндөтүүдө адегенде инсандык дүйнө таанынымына кошуп, өздүк билимдеринин

өркүндөтүүсүнө, өзүн-өзүн ар кандай кырдаалдарда андай билүүлөрүнө адис катары калыптануусуна жакындан жардам, өбөлгө булак болгон этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруусунда ишке ашыруу зарыл.

## Биринчи бап боюнча корутунду

**“Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы” деген аталыштагы биринчи бапта к**ыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, андагы этнопедагогикалык билимдер жана алардын азыркы шарттагы маани-маңызы тастыкталып, кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызынын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы иликтенилди. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгына филологиялык, философиялык, ж.б. илимдин тармактарындагы А.Н.Берштам, В.В.Радлов, Г.Валиханов, М.Ауэзов, В.М.Жирмунский, П.Б.Берков, К.Рахматуллин, С.М.Абдрамзон, А.А.Петросян, Е.Д.Поливанов, М.Багданова, Г.Алмаши, К.Тыныстанов, С.Закиров, Б.Керимжанова, А.Акматалиев, С.Мусаев, Ж.Койчуманов, Э.Калдымолдаева, Г.Жамгырчиевалардын эмгегинде дидактикалык чыгармалардан баштап кыргыз элинин энциклопедиясы болгон, "Манас" эпосуна чейин илимий пикирлери белгиленди. Т. Молдо, А.Тыныбеков, И. Арабаев, К.Мифтяков, Ы.Абдырахманов, К.Карасаев, К.Рахматуллин, Ж.Мусаева, Ж.Мукамбаев, А.Токомбаева, П.Ирисов, О.Сооронов, Т.Танаев, Т.Орозовалар эл оозунан фольклорлук чыгармаларды жыйноо менен аларды басмадан чыгарып эл алдына тартуулашкандыгы белгилүү. Жаш муундарды элдик идеялардын негизинде тарбиялоо максатында кыргыз элинин педагог окумуштуулары

И.Б.Бекбоев, М.Р.Рахимова, Н.Имаева, Н.Асипова, Э.Мамбетакунов, А.Алимбеков жана башкалардын айткан илимий-методикалык жоболорун белгилеп кетүүгө болот.

Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары катары дидактикалык талаптардан болгон адабий-теориялык, эстетикалык-рухий компетенттүүлүгүн өркүндөтүшүбүз зарыл. *Биринчиден,* адабий-теориялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө элдик фольклордун бардык жанрлары башкача айтканда дидактикалык, лирикалык, эпикалык жанрлары боюнча теориялык терең билимдерге ээ кылуубуз керек. *Экинчиден,* студенттер окуган жанрлардагы чыгармалар боюнча рухий – эстетикалык, идеялык коммуникативдүүлүккө ээ кылуубуз керек. Ал үчүн адегенде аларга ал чыгармалардын идеялык-тематикалык табиятын чыгарманын идеялык-эстетикалык, мазмундук өзгөчөлүгүн ачууга негиз болгон андагы образдар системасынын руханий табиятын билдирүү керек. *Үчүнчүдөн,* ошол образдардын ички мүнөздүк дасмиясы аркылуу элибиздин ички жан дүйнөсүндөгү философиялык көз карашын, улуттук психологиясын, нравалык идеялардын, улутубузга тиешелүү менталитетин билүүгө үйрөтүү менен ага тарбиялашыбыз зарыл маселелерден. *Төртүнчүдөн,* аталган жанрдагы чыгармалардын ички мазмунундагы образдар аркылуу, алардын мүнөзүндөгү он жана терс касиеттерин талдап, анализдеп, алардын мүнөздөрүнөн этнопедогокикалык тарбиялык көрөңгөнү өздүк жан дүйнөлөрүнө сиңирип калыптандырууга үйрөтүүнү көбүнчө практикалык сабактардар ишке ашыруу эффективдүү натыйжа берет. Муну менен балдар фольклорун окуу менен студенттердин компетенттүүлүккө ээ болуусу, демек алардын практикалык сабактарда өздөрүнүн лекцияда алган билимдерин иш-аракеттери аркылуу жүзөгө ашырууга аракеттенген ишмердиктеринин натыйжасы болуп гана кала берет. Албетте алардын сабакта жараткан ийгиликтери – студенттин билим

билгичтик, көндүмдөрүн иш жүзүндө тажрыйбалоосунун натыйжасы болуп эсептелет. Мунун өзү – студенттердин билиминин окуу стандарттарынын негизинде, окуу програмамасына ылайык милдеттерди талапка ылайык жөндөмдүүлүктө ишке ашыруусу болуп эсептелет.

# II БАП. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору

## 2.1. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору

Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн **изилдөөнүн обьектиси жана предмети** төмөнкүдөй аныкталды:

**Изилдөөнүн объектиси** - жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү процесси болгондуктан буга байланышкан илимий-теориялык, илимий-методикалык адабияттарды окуп-үйрөнүү, байкоо, талдоо, салыштыруу, анализ жасоо, синтездөө, алдыңкы иш тажрыйбаларды жалпылаштыруу жана педагогикалык эксперимент методдорунун жардамы аркасында илимий-изилдөө ишке ашырылды.

**Изилдөөнүн предмети** - жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу болгондуктан кыргыз балдар фольклорун окутуу менен студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык проблемалары илимий изилдөөнүн негизги материалдары болуп саналат.

Этнопедагогика бул - тигил же бул улутка, этноско тиешелүү болгон, ошол улуттун, этностун тээ байыртадан бери карай, кылымдардан кылымдарды карытып, чогултуп-жыйнап келген макал-ылакап, табышмак,

жаңылмач, акыйнек, элдик ырлар, элдик жомоктордон баштап, элдик эпосторго, дастандарга чейинки элдик оозеки чыгармачылыгынын, алдыңкы үрп-адат, каада-салттарынын, таалим-тарбиялык маанидеги улуттук адабий-рухий дөөлөттөрүнүн системасы деп айтсак болот. Этнопедагогика термин катары илимий чөйрөдө, болжол менен, 1960-1970-жылдардан баштап колдонула баштады десек болот. Анткени ошол мезгилде академик Г.Н.Волковдун бул жаатта бир катар илимий эмгектери жарык көрүп, кеңири жайылган эле.

Этнопедагогиканын өзү бул – элдик педагогика болуп саналат. Бекеринен, академик Г.Н.Волков "Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика – элдик педагогика , ал эми тарбиячылардын мыктысы – эл" деп айтпагандыр. Кыргыз этнопедагогу, п.и.д., профессор А.Акматалиев белгилегендей "... элдик фольклор өзүнүн интеллектуалдык, этикалык, эстетикалык баалуулугу менен ошол элдин рухий керектөөлөрүн канааттандырат жана инсандын өз улутуна карата сыймыктануу сезимин калыптандырат [А.Алымбеков Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. Окуу куралы. –Б.: 1996. -69-б. 9-бет]. Изилдөө обьектилеринин жакындыгы жагынан этнопедагогикага эң жакын илим бул элдик оозеки чыгармачылык, фольклор таануу илими экендигин окумуштуулар тастыкташат. Жаш муундардын туюну, кабылдоо сезимине жалпы элдик сапатты ыйман-ынсапты, адептүүлүктү, боорукердикти, адилеттүүлүктү калыптандыруу менен аларды алдыңкы, үлгүлүү идеалдарга тарбиялап келгендиги боюнча элдик оозеки чыгармачылык бул – нукура элдик педагогика болуп саналаарын айтышат. Буга байланыштуу элдик оозеки чыгармалардын мисалында, алардын үлгү-мисалдарына таянуу аркылуу, албетте, этнопедагогикалык билим берүү ишке ашырылмакчы.

Бул маселе боюнча бир катар дүйнө элдерине, айрым чет өлкөлүк окумуштуу, педагогдордун эмгектерине саресеп салсак, аларда эбак эле жолго коюлгандыгын дагы да белгилөөгө болот. Орус элинин улуу

педагогдору К.Д.Ушинский, Н.К.Крупская, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, жазуучу Л.Н.Толстой ж.б. элдик педагогиканын барк-баасын баса белгилеп, ага таянуу менен бир катар эмгектерин тартуулашкан.

Мисалга алсак, тээ 1970-жылдары эле бул багытта венгер элинин окумуштуулары атайын концепцияларды иштеп чыгышкандыгы белгилүү. Венгер окумуштуулары С.Стоян менен П.Александрдын "Педагогика жана фольклор", Педагогическая мысль народа, отраженная в пословицах и поговорках" аттуу илимий эмгектери 1978-жылы эле Бухаресттен жарык көргөн. Ал эми чехиялык педагог, окумуштуу Ян Амос Коменский элдик педагогикалык идеяларды жыйнап, изилдеп гана койбостон, аларга таянуу менен окутуу жана тарбиялоонун "Энелер мектеби" аттуу бүтүндөй системасын түзүп, мектепке чейинки балдарды тарбиялоодо кадимки эле элеттик энелердин тажрыйбаларына таянган.

Швейцариялык окумуштуу, педагог И.Г.Песталоцци жөнөкөй, карапайым үй-бүлөдөгү балдар зээндүү, эмгекчил, акыл-эстүү болоорун аныктап, алардагы таалим-тарбиянын тажрыйбаларын мисал катары алып "Энелер үчүн китеп" аттуу эмгегин жазган. Кыргыз этнопедагогикасында А.Э.Измайловдун, Ж.Койчумановдун, Н.Имаеванын, Т.Ормонованын, Б.Апышевдин, Ж.Бешимовдун, К.Кыдыралиевдин, Ж.Саипбаевдин, З.Кусейинованын эмгектерин атоого болот. Ошондой эле, А.Алымбековдун, У.Эгембердиевдин, А.Калдыбаеванын, А.Бердиевдин А.Исаевдин, А.Аттокуровдун, Ж.Орозбаевдин элдик педагогиканын ар кыл маселелерине арналган илимий изилдөөлөрүн белгилемекчибиз.

Педагогика илиминде «метод» түшүнүгүнө жыйырмадан ашуун аныктама берилген, мисалы, Герберт Нойнер менен Ю.К.Бабанский окутуунун методу дегенде "окутуу процессинде окуучу менен мугалимдин өз ара маилелелешүүсүндө окуу материалдарын кайра иштеп чыгуу менен кандайдыр бир максатка жетүү учурунда колдонулган ыкмаларынын улам алмашып, иш-аракеттердин системалуу жүрүп турушу» катары

түшүндүрүшөт. А мындай учурдагы иш-аракеттер « ыкмалар» болуп саналат. /69, с. 303/.

*“Метод”- деген сөз грек тилинен алынганда - изилдөө деген сөз ( гр. methodos - «исследование»)*-маанисин түшүндүрөт. Ал табиятты изилдөө жолу катары адегенде илимге кирген. Ал табиятты изилдөөгө, аны илмий түрдө табиятты изилдөө жолу, мамиленин жолу, ыгы катары таанылган. максатка жетүү жолу таанып-билүүгө багытталган мамиледен башталган, аны пландуу таанып-билүү, андан ары алдыга коюлган максатка жараша теориялык негизде изилдөөнүн жана практикалык түрдө жетүүнүн ыкмаларынын жана иш-аракеттердин биримдиги, чогундусу, катары таанылган /67, с. 162/.

Окутуу методу баарыдан мурда мугалимдин алдына койгон максаты жана анын колдо болгон каражаттарын колдонуудагы ишмердиги. Анын натыйжасында окуучунун максаты жана колдо болгон каражаттарын колдонуусундагы ишмердиги» да методо болуп калат /38, с. 187/.

И.Я.Лернердин айтуусу боюнча «бардык эле метод алдыга коюлган максатка жетүүдөгү ийгиликтерди камсыз клыуучу ырааттуу иш-аракеттердин системасы болуп саналат» /70, с.186/. Ушул айтылгандар боюнча ойлорду системалап олтурсак, «метод» дегенде, мындай корутундуга келсек болот, алдыга коюлган максатка жетүүдөгү формалар менен ыкмалардын биримдиги, т.а. метод ыкмаларды чагылдырат, ал ыкмалар студенттердин таанып-билүү иш-аракеттерин жүргүзүүдөгү көз карашын да чагылдырат. Тактап айткнада, методдун формадан айырмасы - студенттин өзү катышуусу менен жетилүүчү максат, ошол эле методдо билим алуунун жолу да, деңгээли да турат. Метод дегенде биз эки нерсени түшүнөбүз, т.а. жалпы дидактикалык методдор жана жеке дидактикалык же жеке предметтик методдор болуп бөлүнөт. *Жалпы дидактикалык методдор катары булар эсептелинет:*

-түшүндүрмө-иллюстративдик методдор**;**

-репродуктивдүү (кайра кайталап айтып берүү) методдор;

-проблемалуу баяндоо методу;

-жарымжартылай изденүүчү, эвристикалык методдор;

-изилдеп үйрөтүү методдор…./38/.

*Окуп-үйрөнүү методдору катар булар эсептелинет: оозеки аткаруу методдору:* лекция, айтып берүү жана аңгемелешүү.

Ал эми көрсөтмөлүүлүк методу:иллюстрациялоо, кол менен жана техкаражаттар менен көрсөтүүчү методдор;

Практикалык методдорго лабораториялык-практикалык методдордун тобу, студенттердин өз алдынчалу иштери, адабияттар, маалыматтык таяныч матеиалдар мене иштөө, өз алдынча жазуу иштери;

Методдорду тандоодо: окуу мариалдарын анализдөө, синтездөөгө байланышкан, репродуктивдүү жана таанып билүүдөгү ишмердик маиле, изденүүчү мүнөздөгү аткарылган иштер, ж.б. ишке ашат. Мында окуу таануу иштеринин ишмердикке багытталган мүнөз, окуу ишине кызыгуу, текшерүү жана өзүн-өзү текшерүү, ищке ашат.

Оозеки текшерүү иштеринде фронталдуу суроолор, жеке суроолор компьютердик текшерүү ж.б. ишке пайдаланылды. Ал эми жазуу жүзүндө текшерүү учурунда жазуу тесттик иштери, дилбаян-эсселерди жазуу ж.б. иштелип чыкты.

Өзүн-өзү текшерүү иштеринде-монологдорду айтуу, жазган иштерин оозеки баяндап берүү, диспуттарга катышуу, конференцияда доклад менен чыгуу, викторинада жооп берүү ж.б. ишке ашырылды.

Ал эми изилдөө иштерибизде иштин бир канча формалары колдонулду. Адегенде «иштин «формасы» тууралуу түшүнүктү тактап алалы.

Окутуунун формасы – бул, окутуучу менен студенттин өз ара уюштурулган мамилеси. Эң башкысы болуп, мында зарыл катары алынуучу билимге жана жетилүүчү максатка жараша жетүү процессиндеги иштин мүнөзү болуп саналат. Ал теориялык жана практикалык максатка жараша,

мисалы: лекция, семинар, экскурссия, жекечек жана фронталдык аткарылуучу иштер, өз алдынча аткарылуучу иштер, практикалык максатка жараша аткарылуучу курстук, дипломдук, долбоордук иштер ж.б.

*Окутуу формасы класс же тайпа боюнча жалпы аткаруучу иште (сабак, конференция, семинар, лекция, аңгемелешүү, лабораториялык – практикалык иштер, зачет ж.б.).* Ал эми тайпалык иш: тайпалык сабак, зачет, практиалык иштер. Ал эми жекече иштер: жекече аңгемелешүү, жекечке тапшырма, ж.б.

Биздин изилдөө иштерибизде мына ушул айтылган методдор жана иштин формалардын кыйла бөлүктөрү жана үлгүлөрү пайдаланылды. Алсак, жалпы тайпалык лекциялар өтүлдү, семинарлар болду, семинар, жеке консультациялар өтүлдү, аңгемелешүүлөр өттү, лабораториялык – практикалык иштер өттү, диспуттар уюштурулду, викториналар өткөрүлдү.

Студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандырууда колдонулган методдор менен иштин формаларынын жалпы моделин, алгач, өзүбүз үчүн түзүп алдык жана ошол моделдин негизинде иш алып бардык.

Педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларда улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга арналган илимий изилдөөбүздө биз **изилдөөнүн илимий-териялык методдорун пайдаландык.** Атап айтканда, **илимий булактарды окуп-үйрөнүү методу** аркылуу төмөндөгүлөр белгиленди:

Биринчиден - дүйнөдөгү бардык элдер сыяктуу эле кыргыз эли да канчалаган кылымдарды, доорлорду карытып, жалаң элдик, улуттук духтагы атуулдук-патриоттук алдыңкы таалим-тарбияны туу тутуп келгендиги менен азыркыга чейин өз алдынча эгемендүү мамлекет катары калыптанып, өнүгүп жаткандыгы;

Экинчиден - ата-бабалардан маданий мурас, таберик катары сакталып келген кыргыз балдар фольклору мектептерде эне тили, адабий окуу

предметтери аркылуу И.Арабаев, С.Нааматов, К.Тыныстановдордон баштап, окутулуп келгендиги;

Үчүнчүдөн - ал эми жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде учурда “Кыргыз балдар адабияты”, “Балдар ирторикасы” дисциплиналары “Мектепке чейинки билим берүү”, “Башталгыч билим берүү”, “Кыргыз тили, адабияты” жана “Мамлекеттик тил” адистиктеринде, ошондой эле, педагогикалык орто окуу жайларында да окутулаары, бул багытта М.Түлөгабыловдун “Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы” окуу куралынан баштап, кийинки А.Муратов менен К.Исаковдун “Кыргыз балдар адабияты” эмгеги кошумча окуу куралы иретинде пайдаланылып жаткандыгы;

Төртүнчүдөн – илимий-теориялык булактарды окуп-үйрөнүп, изилдөөбүздүн обьектиси менен предметин чечмелөө менен бирге эле илимий методологиялык жактан туура багыт алуу менен илимий ой-корутундуларыбызды аргументтештире алганыбыз.

Изилдөө мезгилинде бир катар жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, **изилдөөнүн байкоо методун** пайдалануунун натыйжасында мына булар аныкталды:

- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүүнүн азыркы учурдагы ал-абалы;
- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүүгө арналган жумушчу окуу программасы, типтүү окуу программалары менен окуу-методикалык комплекстердин ал-абалы;
- жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклорун окутуп-үйрөтүүдө окутуучулардын кесиптик даярдыктары;
- студенттердин балдар фольклору боюнча окуу материалдарын кабыл алуусу жана аны өздөштүрүү деңгээлдери;

- кыргыз балдар фольклору боюнча окуу материалдарын кабыл алуудагы студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышы.

Изилдөөгө тартылган жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, **изилдөөнүн жалпылоо жана салыштыруу методдорун** пайдалануунун натыйжасында мына булар аныкталды:

- изилдөөгө байланышкан бардык илимий-теориялык жана илимий-методикалык адабияттар жалпылаштырылды;
- кыргыз балдар фольклорун окутуу жаатындагы тандалып алынган жогорку окуу жайларындагы окутуучулардын иш тажрыйбалары топтолду.

Изилдөөгө тартылган жогорку окуу жайларында окутуучулар менен биргеликте иш жүргүзүп, **изилдөөнүн талдоо методун** пайдалануунун натыйжасында мына булар аныкталды:

- изилдөөгө байланышкан бардык илимий-теориялык жана илимий-методикалык адабияттар талдоого алынды;
- балдар фольклору боюнча жогорку окуу жайларындагы окуу-нормативдик документтер каралып чыкты;
- балдар фольклору боюнча жогорку окуу жайларындагы окутуучулардын иш тажрыйбалары талдоого алынды.

## 2.2. Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары

Балдар фольклору боюнча окуу материалдарын кабыл алуудагы студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн текшерүү, тактап айтканда, “балдар фольклору”, “элдик чыгармачылык”, “этнопедагогика” деген түшүнүктөрдүн тегерегиндеги студенттердин билим, ыкма, билгичтиктерин алдын-ала аныктоо максатында **текшерүү жана талдоо методдоруна** таянуу менен анкеталык сурамжылоолорду жана тесттик суроо-тапшырмалардын комплексин иштеп чыктык. Аларды ар бир окуу жайында практикалап сыноодон өткөрдүк. Төмөндө биз алардын айрымдарынын тесттик тапшырмаларынын топтомдорунан келтирдик:

**Тиркеме №1. Баткен мамлекеттик университетинин студенттери арасында өткөрүлгөн тесттик тапшырмалардын үлгүлөрү; Тиркеме №2. Ош мамлекеттик университетинин студенттери арасында өткөрүлгөн тесттик тапшырмалар; Тиркеме №3. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин студенттери арасында өткөрүлгөн тесттик тапшырмалар; Тиркеме №4. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун студенттери арасында өткөрүлгөн тесттик тапшырмалар.**

Натыйжада текшерүү, талдоо методу аркылуу жүргүзүлгөн тесттик тапшырмалардын жыйынтыктары төмөнкүдөй болду:

| Жогорку окуу жайынын аталышы | Студ. жалпы саны | Тесттик тапшырма-лардын саны | Туура жооп берген студенттин саны | Туура эмес жооп берген студенттин саны |
|---|---|---|---|---|
| БатМУ | 63 | 12 | 44 | 19 |
| ОшМУ | 55 | 12 | 40 | 15 |
| ЖАМУ | 52 | 12 | 38 | 14 |
| ОшМПИ | 49 | 12 | 36 | 13 |

**Таблица 2.1.1 – Педагогикалык эксперимент методунун максаты, милдети жана натыйжалары**

| | |
|---|---|
| Эксперименттин Максаты | Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максат-милдеттерин ишке ашырууга карата жогорку окуу жайларындагы теориялык жана практикалык сабактарга катышуу менен студенттердин билим, ыкма, билгичтиктери аныкталды.<br>Балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган окутуунун жолдору, ыкмалары, формалары практикада сыноодон өткөрүлдү |
| Эксперименттин Милдети | Эксперименттик иштерди жүргүзүүнүн негизин аныктоо менен аны ишке ашыруунун жолдору, максаттары жана милдеттери такталды. |

| | |
|---|---|
| | Педагогикалык байкоо жүргүзүлдү.<br>Алдыңкы эмгектерди, иш тажрыйбаларды үйрөнүү, изилдөө, талдоо, тиешелүү маалыматтарды жыйноо, иликтөө ишке ашырылды.<br>Студенттердин сабакка катышуу жана жетишүүсү иликтенилди. |
| Эксперименттеги изилдөөнүн натыйжалары | Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча окутуунун теориялык жана практикалык маселелеринин бүгүнкү абалы аныкталды. Студенттердин билими, өздөштүрүү деңгээлдери, кызыгуулары, мүмкүнчүлүктөрү аныкталды. |

Эксперименттик метод аркылуу ар бир окуу жайдын студенттери менен этнопедагогикалык багыттагы суроо-тапшырмалар, анкеталык сурамжылоолор, көнүгүү, машыгуулар, практикалык иштер жүргүзүлдү.

Атап айтканда, элдик накыл кептердеги этнопедагогикалык түшүнүктөрдү студенттердин билүү деңгээлин текшерүү иштери өткөрүлдү. *Баткен мамлекеттик университетинин* студенттери менен төмөнкүдөй элдик накыл кептердин үстүндө практикалык иштерди жүргүздүк (педагогика жана БББУ адистигинин 2-курсунан 63 студент катышты):

*Ата-энеңдин астын бөгөп, жолун тоспо.*

*Адамдарды колуң менен санаба.*

*Аксакал карынын жолун кыя өтпө.*

*Адамды айланып жүгүрбө.*

*Адамдын үстүнөн аттаба.*

*Ата-энеңдин төшөгүн тебелебе.*

*Адамга тап бербе.*

*Адамга аркаңды салып олтурба.*

*Акты жерге төкпө.*

*Айды сөөмөйүң менен сайып көрсөтпө.*

*Аягыңды асманга чыгарып жатпа.*

*Ак ккууну атпа.*

*Атка тескери карап минбе.*

*Ош мамлекеттик университетинде* төмөнкүдөй элдик накыл кептердеги этнопедагогикалык түшүнүктөрдү студенттердин билүү деңгээлин текшерүү иштери өткөрүлдү (педагогика жана БББУ адистигинен 55 студент катышты):

*Балтаны баскан жолго таштаба.*

*Бала жатпаган кур бешикти терметпе.*

*Бала жаткан бешикти айланып чуркаба*

*Балапанды өлтүрбө.*

*Баш кийимди жерге таштаба,*

*Баш кийимди белекке бербе.*

*Баш кийимди тескери каратып кийбе.*

*Бейитти колуң менен көргөзбө.*

*Бышкан ашты таштаба.*

*Бычактын учу менен тамак жебе, мизин кармаба.*

*Бычак менен күйүп жаткан отту көсөбө.*

*Ушак сүйлөбө, ууру кылба*

*Чымчыктын уясын бузба*

*Жалал-Абад мамлекеттик университетинде* төмөнкүдөй элдик накыл кептердеги этнопедагогикалык түшүнүктөрдү студенттердин билүү деңгээлин текшерүү иштери өткөрүлдү (педагогика жана БББУадистигинен 52 студент катышты):

*Аттын жүгөнүн аттаба.*

*Бычак менен казандагы этти сайып чыгарба.*

*Булакты булгаба*

*Булактын көзүн ач*

*Бутуңду жип менен тушаба.*

*Бут кийимди төргө чыгарба.*

*Бүрдөп турган бакты кыркпа.*

*Бүркүттү шыйракка чаппа.*

*Босогону баштанып жатпа.*

*Босогону эки колуң менен кулачтаба.*

*Босогого олтурба, бутуң менен баспа.*

*Тамакты жыттаба.*

*Улуу адамды кагып-силкпе.*

*Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда* төмөнкүдөй элдик накыл кептердеги этнопедагогикалык түшүнүктөрдү студенттердин билүү деңгээлин текшерүү иштери өткөрүлдү (педагогика жана БББУадистигинен 49студент катышты):

*Босогодон аттабай туруп, салам бербе;*

*Гүлдү үзбө;*

*Дасторконду тебелебе;*

*Жерге түкүрүнбө;*

*Калп сүйлөбө;*

*Каяша айтпа;*

*Кир сууну айды карап төкпө;*

*Күүгүмдө тырмак алба;*

*Нанды талаага таштаба;*

*Нандын күкүмүн тебелебе;*

*Тамак куюлган идишти сол колуң менен сунба;*

*Талаага таштанды калтырба.*

Жогорудагы элдик накыл кептер менен бирге эле элдик балдар ырлары, калптар, табышмактар, жаңылмачтар, макал-лакаптар, элдик жомоктор, уламыштарды окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу жаатында аларды оозеки айттыруу, көркөм окутуу, ролдоштуруп аткарттыруу, алардын тегерегинде студенттер менен баарлашуу, талкуулоо, диалог, полилогдорду түзүү, накыл кептерди жаздыруу, турмушунда ар дайым колдонууга багыттоо балдар фольклорунун

мазмунун камтыган окуу материалдарын окутуунун ар кыл формалары, ыкмалары жана методдору педагогикалык эксперимент методу аркылуу сыноодон өткөрүлдү жана тиешелүү натыйжаларга ээ боло алдык.

Педагогикалык эксперимент методунун негизинде, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде билим алып жатышкан болочок педагогдордун, балдар фольклорундагы этнопедагогикалык мазмуну боюнча билимдерин, б. а. компетенциясын реалдуу баалоону төмөнкү таблицада (2.1.2.-таблицаны караңыз.) көрсөтүлгөн баалоо системасынын моделин колдонуу менен ишке ашырдык:

Таблица 2.1.2. Студенттин этнопедагогикалык билимин баалоонун көрсөткүчү

| **Баасы** | **Студенттин этнопедагогикалык билимин аныктоочу негизги көрсөткүчтөр** | **Окуган деңгээли (баллы жана өздөштүрүү деңгээли)** | |
|---|---|---|---|
| | | **Баллы** | **деңгээли** |
| **“1”** | Балдар фольклору боюнча сабакка катышып, лекцияны укса, жазып алса жана доскадан көчүрүү менен чектелсе;<br>Элдик билимдер, тарбиялар боюнча семинардык же практикалык сабакка даярдыксыз келсе; | 1баллдан 4 баллга Чейин | Фольклордук маалыматты айырмалап түшүнөт (таанышуу деңгээлинде) |
| **“2”** | Жомоктор, макалдар, накыл сөздөрдү билет, бирок маанисин түшүндүрүп бере албаса (механикалык түрдө эстесе); | 5баллдан 9 баллга чейин | Укканын аңдаштырбай эске тутуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **“2”** | Фольклордук түшүнүктөрдү, этнопедагогикалык идеяларды билсе, бирок аларды көркөм чыгармадан табууда кыйналса, балдар фольклорундагы элдик тарбиянын предметин аныктай албаса; элдик билимдер боюнча практикада жеке көз карашын далилдей албаса ; | 10 баллдан 16 баллга чейин | |
| | Балдар фольклорундагы чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүн билсе, турмуш менен байланышкан этнопедагогикалык маанилерин практикада жеке чыгармачыл ишмердүүлүгүндө көрсөтө албаса; | 17 баллдан 32 баллга чейин | Теориялык түшүнүү |
| **“2”** | Улуттук салттуу тарбия боюнча семинардык же практикалык сабактарда өзүнүн жеке көз карашын айтса, бирок ал эч кандай илимий-практикалык жактан логикалык байланышы жетишпесе; лабораториялык иштерде жеке чыгармачылык ишмердүүлүгүн ачып бере албаса; | 33 баллдан 55 баллга чейин | |
| **“3”** | Балдар фольклорундагы теориялык материалды так жана | 56 баллдан | элементардык көндүмдөргө ээ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жеткиликтүү айтып бере алса,терминологияны билсе, бирок теория менен практиканы байланыштырууда кыйналса; | 65 баллга чейин | болсо (репродуктивдүү деңгээлде) |
| | Элдик билимдерди талдоо боюнча семинардык, сабактарда кээ бир мисалдарды келтире алса, бирок өз алдынча чыгармачылык менен фольклордук чыгармаларга талдоо жүргүзө албаса; | | |
| **“4”** | Балдар фольклорунун теориясын жеткиликтүү түшүнсө, адабий терминдердин маанисин айырмалап билсе, бирок билгенин практика менен байланыштырбаса мисал келтире албаса; Этнопедагогиканы, каада-салттарды, үрп-адаттарды билсе бирок аны колдонуунун эрежесине көңүл бурбаса; | 66 баллдан 70 баллга чейин | Теориялык билимди трансформациялоо (чыгармачыл деңгээл) |
| | лабораториялык иштерде чыгармачыл демилге көрсөтпөсө, теория менен практиканын байланышын өз алдынча иштер аркылуу далилдөөгө аракеттенбесе; | | |
| **“4”** | Балдар фольклорунун | 71 | Инсандык жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | мазмунундагы этнопедагогикалык билимдерди практикалык иште көрсөтө алса, фольклордук чыгармаларды талдоодо улуттук баалуулуктарды, элдик идеяларды, бала тарбиялоодогу эмприкалк түшүнүктөрдү талдоого жетишсе; каада-салттарды, үрп-адаттарды колдонууну белгилүү деңгээлде билсе;<br>фольклордук чыгармадан турмушка керек болгон маанилүү кырдаалды таап, аны коомчулукта талкууласа, изилдөөгө алса; | баллдан 85 баллга чейин | кесиптик компетенциялардын толук калыптанышы |
| **“5”** | Фольклордук-этнопедагогикалык билимдерди практикада колдонсо; Улуттук тилди, элдик идеяларды өнүктүрсө; каада-салт, үрп-адаттарды, улуттук кийим, буюм, оюндар, оймолорду мурас катары колдонсо; улуттук баалуулуктарды чыгармачылык менен кесиптик ишмердүүлүгүндө жайылтса; коомчулукта коомдук пикир түзө алса; | 85 баллдан 100 баллга чейин | Этнопедагогикалык компетенттүүлүктүн калыптанышы; |

***Жалпы абал белгилүү болуп, проблемалар аныкталгандан кийин биз эксперименталдык (тажрыйбалык) класстарга өзүбүз иштеп чыккан методикалык ыкмаларды жана жолдорду сунуш кылдык.***

**Алар: окутуунун жаңы интерактивдүү технологияларын сунуштоо;**

**окутуунун формаларын: лнкция, практика, семинар, конференция, диспуд, ийримдерди өркүндөтүү; окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүнө кеңири мүмкүнчүлүк берүү; экспериментатор мугалимдерге балдар фольклорунун теориясы жана этнопедагогика боюнча эмгектерди көбүрөөк сунуш кылуу; элдик аксакалдар менен жолугушууларды өткөрүү; балдарга балдар үчүн ыр жазуу тапшырмаларын берүү; окуу программасына, окуу китептерине кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү; кошумча материалдарды көбөйтүү; заманбап технологияларды (слайд, анимация, мультимедия, роликтер, интерактивдүү оюндар ж.б.) кеңири колдонуу ж.б..**

**Педагогикалык эксперименттин башталышында ар бир окуу жайдын педагогикалык факультеттеринде окуп жаткан студенттерин эки топко бөлдүк: биринчи топ – тажырыйба тобу, экинчи топ - байкоо тобу. Бул мезгилде али эксперимент үчүн материалдар берилген эмес болчу, эки топ тең бирдей эле шартта, бирдей эле методика менен окуп жатышкан. Натыйжа төмөнкү таблицада көрсөтүлдү. Т. - тажрыйба болуучу, Б. - байкоо болуучу класстар.**

**Балдар фольклорун өздөштүрүү боюнча студенттердин көрсөткүчү (тажырыйбага чейинки этап)**

**Таблица 2.1.**

| Жогорку окуу жайынын аталышы | Текшерүү -нүн түрү | Студент-тин саны | **Баалар** | | | | Көрсөткүч |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **“5”** | **“4”** | **“3”** | **“2”** | билим сапаты ( %) |
| БатМУ | Текшерүүчү | 88 | **9** | **24** | **58** | **9** | **37,5 %** |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Байкоочу | 62 | **8** | **15** | **31** | **8** | **37,1 %** |
| ОшМУ | Текшерүүчү | 94 | 10 | 26 | 47 | 11 | 38,3 % |
| | Байкоочу | 89 | 11 | 20 | 44 | 14 | 34,8 % |
| ЖАМУ | Текшерүүчү | 45 | 8 | 10 | 22 | 5 | 40,0 % |
| | Байкоочу | 40 | 6 | 9 | 19 | 6 | 37,5 % |
| ОшМПИ | Текшерүүчү | 36 | 4 | 11 | 16 | 5 | 41,6 % |
| | Байкоочу | 35 | 5 | 9 | 17 | 4 | 40,0 % |

Таблицадан көрүнүп тургандай, тажырыйба башталганга чейин БатМУнун педагогикалык факультетинде «5» жана «4» алгандар, б.а., билим сапаты тажырыйба тобунда 37, 5 % болсо, байкоо тобунда 37,1 % болду, айырма 0,4 % ж.б. ОшМУнун, ЖАМУнун, ОшМПИнин педагогикалык факультеттеринде да тажырыйба тобу менен байкоо тобунун айырмасы билинген эмес.

## ***2.2. Педагогикалык эксперименттин акыркы жыйынтыктоочу-текшерүү этабындагы студенттердин билим деңгээлдери - БатМУ***

| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал лакап-тар | Элдик жомок-тор |
|---|---|---|---|---|---|
| Текшерүүчү топ | 43% | 32% | 24% | 45% | 47% |
| Эксперименттик топ | 75% | 53% | 42% | 86% | 87% |

Экспериментке 63студент катышып, текшерүүчү топко караганда эксперименттик топтун билим деңгээлдери артыкчылыкка ээ болду.

Студенттер, айрыкча, элдик макал-лакап, элдик жомоктор жана элдик накыл кептер  боюнча жетишкендиктерге ээ боло алышты.

***2.3.Эксперименттин жыйынтыктоочу-текшерүү этабындагы студенттердин билим деңгээлдери – ОшМУ***

| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал-лакаптар | Элдик жомок-тор |
|---|---|---|---|---|---|
| Текшерүүчү топ | 44% | 32% | 29% | 47% | 49% |
| Эксперименттик топ | 65% | 55% | 47% | 84% | 86% |

Экспериментке 55 студент катышып, текшерүүчү топко караганда эксперименттик топтун билим деңгээлдери артыкчылыкка ээ болду. Студенттер, айрыкча, элдик макал-лакап, элдик жомоктор жана элдик накыл кептер  боюнча жетишкендиктерге ээ боло алышты.

***2.4.Эксперименттин жыйынтыктоочу-текшерүү этабындагы студенттердин билим деңгээлдери – ЖАМУ***

| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал лакап-тар | Элдик жомок-тор |
|---|---|---|---|---|---|
| Текшерүүчү топ | 42% | 39% | 38% | 49% | 51% |
| Эксперименттик топ | 66% | 57% | 59% | 85% | 89% |

Экспериментке 52 студент катышып, текшерүүчү топко караганда эксперименттик топтун билим деңгээлдери артыкчылыкка ээ болду. Студенттер, айрыкча, элдик макал-лакап, элдик жомоктор жана элдик накыл кептер  боюнча ийгиликтерге ээ боло алышты.

***2.5. Эксперименттин жыйынтыктоочу-текшерүү этабындагы студенттердин билим деңгээлдери – ОшМПИ***

| Текшерүүчү жана эксперименттик топтор | Элдик ырлар | Элдик табыш-мактар | Элдик жаңыл-мачтар | Элдик макал-лакаптар | Элдик жомок-тор |
|---|---|---|---|---|---|
| Текшерүүчү топ | 39% | 38% | 37% | 44% | 51% |
| Эксперименттик топ | 61% | 59% | 55% | 83% | 85% |

Экспериментке 49 студент катышып, текшерүүчү топко караганда эксперименттик топтун билим деңгээлдери артыкчылыкка ээ болду. Студенттер, айрыкча, элдик макал-лакап, элдик жомоктор жана элдик накыл кептер боюнча билим деңгээлдерин көрсөтө алышты.

Жалпысынан экспериментке төрт окуу жайынан 219студент катышып, аталган окуу жайларында билим алып жаткан студенттердин элдик педагогика жаатындагы билим деңгээлдери жагынан, албетте, эки топту салыштырып карап келгенде айырмачылыктар байкалды.

Жогоруда таблицада көрсөтүлгөндөй, текшерүүчү топко караганда эксприменттик топтогу студенттердин билим деңгээлдери бир кыйла алдыга озуп чыкты. Демек, биз тараптан коюлган окутуунун ыкмалары, формалары жана методдорунун алгылыктуу экендиги, артыкчылыктуу жактары практикалык жактан тастыкталды жана андан ары окутууга жайылтууга зарылдыгы аныкталды.

### Экинчи бап боюнча корутунду

**Экинчи бап “Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору” деп аталды** жана, алгач, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн ***изилдөөнүн обьектиси жана***

***предмети*** аныкталды. Ага ылайык, студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору чагылдырылды. *Жалпы дидактикалык методдор катары:*

түшүндүрмө-иллюстративдик методдор**;** репродуктивдүү (кайра кайталап айтып берүү) методдор; проблемалуу баяндоо методу; жарым жартылай изденүүчү, эвристикалык методдор; изилдеп үйрөтүү методдор ж.б. *Окуп-үйрөнүү методдору катары оозеки аткаруу методдору:* лекция, айтып берүү жана аңгемелешүү. Ал эми көрсөтмөлүүлүк методу: иллюстрациялоо, кол менен жана техкаражаттар менен көрсөтүүчү методдор. Практикалык методдорго лабораториялык-практикалык методдордун тобу, студенттердин өз алдынча иштери, адабияттар, маалыматтык таяныч материалдар мене иштөө, өз алдынча жазуу иштери ж.б.

Методдорду тандоодо: окуу мариалдарын анализдөө, синтездөөгө байланышкан, репродуктивдүү жана таанып билүүдөгү ишмердик мамиле, изденүүчү мүнөздөгү аткарылган иштер, ж.б. Оозеки текшерүү иштеринде фронталдуу суроолор, жеке суроолор компьютердик текшерүү ж.б. ишке пайдаланылды. Ал эми жазуу жүзүндө текшерүү учурунда жазуу тесттик иштери, дилбаян-эсселерди жазуу ж.б. иштелип чыкты. Өзүн өзү текшерүү иштеринде-монологдорду айтуу, жазган иштерин оозеки баяндап берүү, диспуттарга катышуу, конференцияда доклад менен чыгуу, викторинада жооп берүү ж.б. ишке ашырылды.

Педагогикалык эксперименттик методдо төрт окуу жайынан – БатМУдан – 63 студент, ОшМУдан 55студент, ЖАМУдан – 52студент, ОшПИден – 49студент - бардыгы 219 студент камтылды. Кыргыз элинин элдик ырларын, эддик табышмактарды, элдик жаңылмачтарды, элдик макал лакаптарды, элдик накыл кептерди, элдик жомокторду жана алардагы алдыңкы идеяларды окутуп-үйрөтүү аркылуу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу багытындагы биз тараптан иштелип чыккан окутуунун ыкмаларын, формаларын, методдорун камтыган көнүгүү,

машыгуулар, практикалык иштер экспериментке коюлуп, сыноодон өткөрүлүп, сурамжылоолор, анкеталык жумуштар, тесттик тапшырмалар, суроо-жooптор, интервью методдору ишке ашырылды.

Педагогикалык эксперимент методунун негизинде ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде билим алып жатышкан болочок педагогдордун, балдар фольклорундагы этнопедагогикалык мазмуну боюнча билимдерин, б. а. компетенциясын реалдуу баалоо максатында баалоо системасынын моделин иштеп чыктык жана натыйжалар көрстөтүлдү.

Жалпысынан текшерүүчү топто жана эксперименттик топто төрт окуу жайынан 219студент катышып, аталган окуу жайларында билим алып жаткан студенттердин элдик педагогика жаатындагы билим деңгээлдери жагынан, албетте, эки топту салыштырып карап келгенде айырмачылыктар байкалды.

Эксперименттин акыркы жыйынтыктоочу-текшерүүчү этабындагы сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр таблицаларда көрсөтүлдү. Текшерүүчү топко караганда эксприменттик топтогу студенттер билим деңгээлдери жагынан артыкчылыктарга ээ болушуп, ийгиликтерге жетишишти. Демек, биз тараптан коюлган окутуунун ыкмалары, формалары жана методдорунун алгылыктуу экендиги, оптималдуу, алдыңкы багыттары практикалык жактан окутуу процессинде тастыкталды жана ал методиканы жалпы окуу жайларына окутууга жайылтуунун зарылдыктары аныкталды.

# III БАП. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору

## 3.1. Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун ар кыл формалары тынымсыз түрдө системалуу жүргүзүлүп туруучу окутуу процессинин бир тутуму болуп саналат. Анын ичинде лабораториялык-практикалык иштерди өткөрүүдө мына бул иш-аракеттер системалуу түрдө эске алынган:

-практикалык иштин темасын тандоо;

-алдыга коюлуучу максатты тактоо;

-чечилүүчү милдеттери тактоо;

-студенттер ээ болуучу билим, билгичтик, макашыккандык, тактап айтканда, студенттер ээ болуучу компетенциялар;

-практикалык багытта аткарылуучу тапшырмалардын топтому;

-студенттердин практика жүзүндө ээ болуучу компетенцияларын баалоо критерийлери;

Жыйынтык чыгаруу

Мисалы, бир иштин формасы катары биз өткөргөн викторинанын бир үлгүсүн келтирели:

Студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүк боюнча билимдери менен түшүнүктөрүн текшерүү, бекемдөө жана өнүктүрүү боюнча иш-формалардын бири викторина болуп саналат. Төмөндө ошол

викторинаны кандай өткөрүү тууралуу методикалык сунуштардын бирин мисал катары келтирели.

**Викторинанын максаты:** студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн, билимдерин текшерүү жана бекемдөө; этнопедагогикалык түшүнүктөргө, иш –чараларга кызыгуусун арттыруу; тапкычтыкгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүү; топто жана өз алдынча иштөөсүн калыптандыруу.

**Викторинаны өткөрүүнүн эрежелери:**

1. Студенттер эки командага өз каалоолоруна жараша юөлүнөт, анын аты коюлат, девизи жана эмблемасын аныкташат;

2. Суроолорго жооп таба албай калган учурларда бири-бирине айтуу эсепке кирбейт;

3. Топто ынтмактуу жана эреже боюнча иштеген учурда алар сыйлыкка татыктуу болушат;

4. Суроого бир топ жооп бере албай калган учурда башка комана жооп берет.

Викториананын жүрүшү:

Викторина үч этапта өтөт, ошого жараша үч бөлүктөн турган суроолор коюлат. Биринчи бөлүктөгү суроолорго оозеки жалпы мүнөздө жооп беришет, экинчи бөлүктөгү суроолорго мисал келтирүү менен жооп беришет, ал эми 3-бөлүктөгү суроолорго иш-аракеттери менен бирге  кенениреээк мүнөздө жооптордун болушу зарыл.

Ар бир суроого берилшен туура жоопко 3төн балл коюлат, эгер жооп жеткиликтөө үү болбой калса, бир баал берилет.

Суроолордун мазмуну:

1-бөлүк: Оозеки мүнөздө жооп берилүүчү суроолор:

1.Этнопедагогика эмне жөнүндөгү илим?

2 “Этнопедагогика” термини илимий лексиконго канчанчы жылдары кимдин эмгектери аркылуу кирген?

3. Этнопедагогика илиминин обьектиси?

4. Этнопедагогика илиминин негизги проблемасы эмне?

5. Элдик тарбиянын максаты?

2-бөлүк: Мисал келтирип түшүнүктөрү менен жооп беррүүчү суроолор:

1. Турмуштун туткасы, элдин келечеги, таалим-тарбиянын предмети ким?

2. “Умай эне” кимдердин колдоочусу?

3. Кыргыздардын педагогикалык маданиятындагы “тарбия”, “тартип” сыяктуу терминдердин түпкү мааниси эмнеде?

4. Кыргыз элинин педагогикалык маданиятындагы инсан идеалына байланыштуу түшүнүктөр ?

5. Элдик педагогикада адамдын калыптанышына таасир тийгизүүчү көрүнүштөр?

3-бөлүк: иш-аракеттери менен бирге кенениреээк мүнөздө жооптордун болушу

1. Элдик педагогикада салттуу эмгектин түрлөрү?

2. Элдик педагогикадагы элдик негизги этикалык нормалар?

3. Кыргыз элдик педагогикасындагы адептүүлүккө тарбиялоонун методдору?

4. Кыргыз эл педагогикасындагы эстетикалык тарбия жөнүндө?

5. Элдик тарбиянын методдору?

Бул суроолорго берилген жооптор жыйналды

Жоопту талдоо. Жыйынтыктоо.

Төмөндө окутуу мезгилиндеги өткөрүлгөн диспуттан бир мисал келтирели.

**Диспут** да студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн бекемдөө, андан ары өркүндөтүү, ал туурасында алардын өз алдынчалуу ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү жагында эң пайдалуу иш-формалардын бири. Мындай иш-формаларды такай өткөрүү пайда гана бермек, бирок практикада ал эң аз санда кээде гана өткөрүлүп жүргөнү маалым.

Диспутту өткөрүүнүн планы:

**1. Өткөрүү мезгили жана убактысы: 2 саат (ошону менен бирге өткөрүү күнү белгиленет)**

**2. Окутуучунун кириш сөзү.**

Элдин педагогикалык табылгалары, тажрыйбалары көлөмү жагынан зор, көркөмдүгү көкөлөгөн ондогон дастандар менен чакан мазмундагы макал-лакап, табышмактарда, санат-насыяттарда, ырааттуу ар тараптуу чагылдырылып, өркүндөп-өсүп калыптанган. Ал эми байыркы бабалардын турмуш практикасынан жаралган каада-салттар, үрп-адаттар эчен муундардын акыл элегинен өтүп улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланды.

Ал эрежелер кыргыз этнопедагогикасындагы салттуу билим берүү системасынын принциптеринде камтылып, андагы акыл-эстүүлүккө тарбиялоонун каражаттары жана ыкмалары, өсүп келе жаткан жаш муундарды билимге, өнөргө ээ кылууга, тарбиялоонун мааниси жөнүндөгү элдик көз караштарда берилген.

Кыргыз элдик педагогикасындагы тарбиялоонун максаты төгөрөгү төп адам идеалы. “Эр жигит”-уул балдарды тарбиялоонун үлгүсү катары каралса, аял затынын идеалдары: “Ак жоолук делбир”, “Жабылуу кара инген”, “Ак көрпө жайыл” жана башка ушул сыяктуу.

Адамдын калыптанышына таасир тийгизүүчү көрүнүштөр табият, сөз, оюн, эмгек, турмуш-тиричилик, баарлашуу, салт, өнөр, өрнөк болуу жөнүндөгү көз караштарда орун алган. Ал эми тарбиялоонун методдору менен формаларын ылгап пайдалануу баланын табигый шык жөндөмүнө, курактык өзгөчөлүктөрүнө жана жыныстык айырмачылыктарына түздөн-түз байланыштуулугу элдин кылымдык тажрыйбасында далилденген. Ал тажрыйбалардын тарыхын, табиятын азыркы педагогикалык чен-өлчөмдөр менен астейдил талдоо жана практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн

өнүктүрүү, этонопедагогикалык компететтүүлүк түшүнүгү жөнүндө сөз кылууга мүмкүнчүлүк берет.

Бүгүнкү биздин бул иш-чаранын маани-маңызы силердин этнопедагогикалык билим-тажрыйбаңарды мындан ары өнүктүрүү максатында болмокчу.

**3. Иш чаранын максаты жана милдеттери:**

- студенттердин этнопедагогика илими, анын маани-маңызы, этнопедагогикаык тарбия тууралуу түшүнүктөрүн текшерүү жана бекемдөө;

- студенттердин этнопедагогикалык сезим-туюмдарын, элдик салттарды, нарктарды, элдик каада-салттарды билүүсүн текшерүү жана бекмдөө;

- этнопедагогикалык иш-чараларды өткөрүү жолдорун билүүсүн жана элдик тарбиячылар, этнопедагогика илиминин өкүлдөрү тууралуу билимдерин бекемдөө.

**4. Эксперттерди тандоо жана бекитүү.**

- эки тайпанын жоопторунун тууралыгын, тактыгын жана толуктугун текшерип туруу үчүн үч окуучудан турган эксперттер тобу шайланат;

- эксперттер тобу жооптордун туура болбой калган учурларын түшүндүрүп, калыс баалап турушат;

- эксперттердин бүтүмүнөн улам окутуучу жыйынтык чыгарат.

**5. Диспуттун жүрүшү**

Диспуттун материалдары сунушталат: материалдардын мазмуну изилдөө темасынын негизинде болот, ал бири-бирине атаандаш эки командага бештен он суроо берилип, алар эки командага тең экиге бөлүнүп берилет.

Суроолорго жоопторун даярдоого эки командага 5 мүнөттөн убакыт берилет. Белгиленген убакыт өткөн соң, эксперттердин билдирүүсү боюнча таймаш башталат.

1-топтун суроолору:

1. Элдик педагогика деген эмне?

2. Элдик тарбиячылар кимдер болушат?

3. Көчмөн кыргыз эли таалим тарбиянын мыйзамдарына ылайык кандай сапаттарды баланын мүнөзүндө калыптандырып келишкен?

4. Элибиздин каада-салттарын жаштардын аң-сезимине сиңирүүдө эмнелер негизги ролду ойногон?

5. Элдик оозеки чыгармалардын ички мазмуну негизги идеялары кандай мүнөздө болгон?

2-топтун суроолор:

1. Элдик педагогика эмнелерде сакталган?

2. Улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, уюткусу эмнеде?

3. Элдик педагогиканын жоболору эмненин зарылчылыгына негизделип келип чыккан?

4. Элдик педагогиканын жоболору кайсылар?

5. Элдик педагогика кандай себептерге ылайык өнүгүп-өсүп ылганып турат?

Командалар суроолорго биринин артынан экинчиси өз билимин, практикалык машыгууларын жана көз караштарын кезеги мнен билдиришет, алардын жооопторун эксперттер баалап турушат. Зарыл болгон учурда уюштуру маселелеринде окутуучу калыс болуп турат. Айрым учурларда суроолордун жоопторуна жараша каршы команда дагы өз пикирлерин билдирип турууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Командалардын жоопторун өз ара командалаштары толуктап турууга да уруксат берилет.

**6. Диспутту жыйынтыктоо жана аны баалоо.**

Соңунда эксперттер командалардын жоопторун талдап, өз бааларын берет.

Жыйынтыгында окутуучу өз баасын билдирип, жалпы жыйынтык чыгарат. Жеңүүчү командага сыйлыктар тапшырылат.

**Семинар** студенттердин этнопедагогикалык билимдерин өркүндөтүү максатында аткарыла турган иштин бир формасы катарында баалуу.

Семинардын максаты.

- студенттердин буга чейинку этнопедагогикалык билимдерин системалоо, жалпылоо;

- билимди өркүндөтүү, кошумча окуу материалдарды пайдалануу жолун үйрөнүү, маалыматтык түрдүү булактарды, илимий-методикалык адабаияттарды пайдаланып иштей билүүгө машыктыруу;

- окуу милдеттерине жараша маселеге карата өз көз карашын билдирүүгө көнүктүрүү, аны негиздей билүүнү, маселени жекече оюн билдирүү менен чече билүүнү үйрөтүү;

- реферат, докладда, конспектилөөгө жана тезистерди жазууга, изилденүүчү этнопедагогикалык материалдар боюнча өз алдынча даярдануу менен изилдөө ишин жүргүзүү компетенцияларын өркүндөтүү.

Семинардын материалдары:

1. Элдик педагогикадагы тарбия каражаттары
2. Балдарга арналган фольклордук чыгармаларда кандай идеялар айтылган?
3. Элдик педагогиканын булактары эмнелер?
4. Этнопедагогикадагы фольклордук маданият деген эмне?
5. Жаштарды тарбиялоо багытын аркалаган эрежелер эмнелер?
6. Элдик педагогикадагы идеялар жана табылгалар кимге таандык?
7. Салт-санааларда, улуттук оозеки чыгармаларда кыргыз элинин кандай ой-толгоолору орун алып келген?
8. Этнопедагогикалык изилдөөлөр канчанчы кылымдарда жөнгө салына баштаган?

**Изилдөө ишибизде студенттердин этнопедагогикалык компетенцияларын калыптандыруу максатында төмөндөгү жалпы дидактикалык методдорду колдондук:**

- түшүндүрмө -иллюстративдик методдор**;**

- репродуктивдүү (кайра кайталап айтып берүү) методдор;

- проблемалуу баяндоо методу;

- жарым-жартылай изденүүчү, эвристикалык методдор;

- изилдеп үйрөтүү методдор…./38.187/.

Бул методдордун ичинен, проблемалуу баяндоо методу кантип колдонулганынан мисал келтирип кетели.

***Сабактын темасы: "Бейиш - эненин таманынын астында "***

**1. Сабактын максаты:**

а) окуучуларга эненин кадыр-баркы, анын бала үчүн жасаган камкордугу, баа жеткис эмгеги, боорукерлиги, айкөлдүгү жөнүндө түшүнүк берүү;

б) окуучулардын сөз байлыгын, сүйлөө жана жазуу кебин өстүрүү, алардын энеге болгон сүйүүсүн бекемдөө;

в) окуучуларды энеге аяр мамиле жасоого, аны урматтоого, дүйнөдө теңдешсиз асыл зат экендигин билүүгө тарбиялоо.

**2. Сабактын тиби: жаңы билим берүү.**

**3. Сабактын түрү: өз алдынча жана топтор (группалар) менен иштөө**

**4. Сабактын жабдылышы**: кыргыз элинен чыккан белгилүү аялдардын сүрөттөрү, эне жөнүндө жазылган даанышмандардын накыл сөздөрү, макалдардын жыйнактары, слайд шоу, акын-жазуучулардын эне жөнүндө жазган чыгармалары.

**5. Сабактын усулу: проблемалуу изилдөө жан абаяндоо**

**6. Сабактын жүрүшү:**

а) сабакты уюштуруу:

Мугалим окуучулар менен саламдашып, класска жагымдуу жагдай түзүү менен алардын сабакка даярдыгын текшерүү иретинде төмөндөгүдөй суроолорду берип, сабагын баштайт.

**Суроо**: Балдар эне жөнүндө кандай макалдарды билесиңер?

**1-окуучу**: «Эне сыйлаган элге жагат, Ата сыйлаган абийир табат».


**2-окуучу**: «Энеден – акыл, Атадан –тарбия».

**3-окуучу**: «Эне - күйүп турган шам чырак».

**4-окуучу**: «Энесиз жашоо караңгы түнгө барабар».

Окуучулардын жоопторунан соң, мугалим эненин баа жеткис сапаттарын сыпаттоо менен класстер түзүү тапшырмасын берет.

Окуучулардын түзгөн кластерин сунуш кылабыз:




Класстерди мугалим студенттер менен талкуулайт, жетишпеген жерлерин биргелешип толукташат.

**Окутуучу**: Биз жогоруда эненин мүнөзүнө тиешелүү сапаттарды класстер аркылуу бердик. Эненин түркүн баалуу эмгегин, сапаттарын ар тарабынан талдап үйрөндүк. Эми биз эки топко бөлүнөлү. Биринчи топ- «Жазуучулар тобу» болсун, экинчи тобу «Сүрөтчүлөр тобу» болсун. Жазуучулар тобу эне тууралуу чакан жана мазмундуу эссе-дилбаян жазышат. Ал эми «Сүрөтчүлөр» тобу болсо, эне тууралуу сүрөттөрдү тартышат. Экөөндө тең эненин эмгеги, мээримүүлүгү жана образы чагылдырылуусу

тийиш. Силерге бөлүнгөн убакыт 7-10 мүнөт. Түшүнүктүүбү? Андай болсо, ишке киришели.

Мугалим окуучулардын элестетүүлөрүнө жардам берүү максатында кыргыз ырчыларынын эне тууралуу ырларын акырын уктуруп турат.

Окуучулар берилген убакытта чакан эссе –дилбаянды жазышат. Жазып бүткөн соң, ар бири эсселерин көрктүү окуп беришет жана сүрөттөрүн презентациялашат.

Төмөндө эң мыкты жазылган А.Осмонованын эссесин сунуш кылабыз.

«Энеке, менин алтын энекем! Сиз жөнүндө канча ак баракка толтуруп жазсам да аздык кылат. Сиздин мээримиңиздей мээримди мен бул дүйнөдө кездештире албадым. Кыштын күнү тумоолоп ооруп калган учурум эч эстен кетпейт, мени айланчыктап чарк айланып,уктабай таң атыргансыз. Мектептен бир аз кечигип калсам да, жол боюндагы теректин жанында мени күтүп турар элеңиз. Балалыктын шоктугун да, тентектигимди да канча көрсөттүм, ошондо да катуу айтып, көнүлүмдү оорутпастан: "Каралдым, эсиңе киргенде баары өз жайына келет, азыр ошондой курактасың да"-деп жылмайып койчу. Азыр ойлосом энемдин чачтарындагы ар бир ак чачы менин тентектигимдендир деп ойлоп кетем.

Менин боорукерим, жазуучу болсом сиздин мээримиңизди, акылмандыгыңызды даңазалаган чыгарма жазмакмын, обончу болсом не бир сонун сөздөрдү кынаптап обон жаратмакмын, а бирок сиз жөнүндө канча эмгек жаратсам да аздык кылат...

Энекебай, аппак аткан таңымсың,
Энекебай, жарык менин шамымсың,
Бир өзүңдү ардактаймын, даңктаймын,
Канткенде мен ак сүтүңдү актаймын.

Мугалим менен окуучулардын дагы башка эссе-дилбаяндарынан үзүндүлөрдү окуп, чогуу талдап, жыйынтыктайт. Андан соң, кийинки топтун тарткан сүрөттөрүн талдашат. Бул топтогу окуучулар өз

жөндөмдүүлүктөрүнүн негизинде энелеринин элесин чагылдырып тартышкан сүрөттөрүн презентациялашты. Алардын арасынан Элчиев Амантурдун апасынын жана гүлдөрдүн сүрөтүн чыгармачылык менен көркөм образдуу тартканы мыкты деп табылды. Аны мугалим тактага илип койду.

Жыйынтыктоодо мугалим окуучулардын макал-лакаптар боюнча түшүнүктөрүн, аларды турмушта колдонуу деңгээлдерин, тарткан сүрөттөрүн баалайт. Баалоодо мугалим төмөндөгүдөй критерийлерди тактага илет. Бул баалоонун обьективдүү болуусун шарттайт.

**Ал критерийлер төмөндөгүчө болуусу мүмкүн.**

1. Окуучулардын жазган эссеси жана тарткан сүрөттөрү темага дал келиши;

2. Окуучулар аткарган иштеринде мазмунду ача алышы;

3. Окуучулардын аткарган иштеринин нукуралуулугу;

4. Эссенин жана сүрөттүн көркөмдүүлүгү, образдуулугу;

5. Аткарылган иштердин сабаттуулугу.

Мугалим топ башылар менен бирдикте окуучулардын эсселерин жана тарткан сүрөттөрүн жогорудагы критерийлерге жараша баалайт,тактап айтканда, критерийлердин бешөөнө тең толук жооп берген иш «5» деген баага, ал эми төртөөнө төп келсе «4» ж.б. баалар менен баалап, жалпы жыйынтык чыгарат. Баалоонун жүрүшүндө мугалим окуучулар менен баалоонун тууралыгы тууросында да ачык маектешип, талкуулап турат.

**Үйгө тапшырма берүү: “Энелерди даңктайлы, энелерди барктайлы” - деген темада дил баян жазуу.**

Жыйынтыктап айтканда, мындай тарбиялык сааттар, класстык жана класстан тышкаркы түркүн иш-чаралар окуучулардын таанып-билүүчүлүк сапаттарын арттырат. Адептүү, ыймандуу болууга, элдик мурастарды аздектөөгө, Ата-Журтунун татыктуу перзенти кылып тарбиялоого өз салымын кошот, чыгармачыл түрдө ой жүгүртүүсүн активдештирет.

Демек, студенттердин этнопедагогикалык билимдерин калыптандырууда ишти аткаруунун формалары активдүү жана ыраатттуу, жана ойлонулган түрдө колдонулганда гана иш натыйжалуу болорун байкадык. Ал эми иштин жыйынтыгында студенттер компетенттүүлүктөргө ээ болгонун белгилей кетмекчибиз.

## 3.2. Балдар ырлары, табышмактар жана жаңылмачтары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу

Адабият таануу илиминин кыргыз адабиятынын окутуу курсундагы «Кыргыз балдар адабияты бөлүмүндөгү» кыргыз балдар фольклору өзүнө таандык эмоционалдуулугу менен балдардын баё сезимине руханий азык болгон көркөм элестерди калтыргандыгы менен оозеки чыгармчылыктын башка түрлөрүнөн айырымаланат. Анткени, балдар фольклорунун милдети-балдардын кичинекей кезинен баштап, руханий кайталангыс тунук, мөлтүр дүйнөгө алмаштырып, ошол эле мезгилде алардын жан дүйнөсу таза, сергек, сезимталдуу болуп калыптанышына, өсүп өнүгүп калыптанышына кам көргөндүгү менен өзгөчөлөнөт. Андай болгондо «Жаш муундардын туюу, кабылдоо сезимине жалпы элдик сапатты, адептүүлүктү, боорукерликти, адамгерчиликти байыр алдырганы, аларды асыл идеяларга тарбиялап келгендиги боюнча балдар фольклору - элдик педагогика” [М. Түлогабылов: кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» Б. Мектеп, 1991. 14-бет]. Ошондуктан балдарга арналган элдик оозеки чыгармаларда, алардын жаш курактарына жараша таалим - тарбия берүү жагы максат кылынган. Албетте ар бир оозеки чыгармалар атайын балдар үчүн маани-манызы логикалуу келип бир максатка багытталат. Тактап айтканда, ар бир дидактикалык, лирикалык, этикалык чыгармалардын мазмуну балдар үчүн түшүнүктүү, жеткиликтүү келип, алардын угуп жаткан ар бир чыгармасын алардын үйрөнүүгө

женилдиги, ойлоо жөндөмдүүлүгүн арттырууга жеткиликтүүлүгү менен айрымаланат.

Ошондуктан ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедогогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун моделин түзүүдөн мурун, бул маселеге негиз боло турган балдар фольклорунун классификациясына токтолуп алуу зарыл. Анткени студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн адегенде кыргыз балдар фольклорунун жанрдык теги, анын түрлөрү тууралуу түшүнүк берүүбүз керек.

Баарыбызга белгилүү болгондой элдик оозеки чыгармаларды классификациялоодо биринчи К.Рахматулин М.Богдановалардын, кийинчерээк З. Бектенов Т. Байжиевдин [З.Бектенов, Т.Байжиев, Кыргыз адабияты Ф. 1948]. Ж.Таштемиров, С.Мусаевдин [Ж.Таштемиров, С.Мусаев, «Кыргыз адабияты» (8-класс үчүн) окуу китеби, -Ф.: 1976, 37-бет] бөлүнүштөрү бар. Бирок ал классификациялардан айырмаланып М.Түлөгабыловдун жогорудагы атайын педагогикалык студенттердин студенттери үчүн жазылган окуу китебиндеги балдар фольклорун классификациясы бир топ ынанымдуу экендиги менен айымаланат. Анткени ал классификациялоодо автор аздыр көптүр факты – материалдарга, элдик аныктамаларга, өнүккөн адабий тажрыйбаларга негизделгендиги көрүнүп турат.

Маселен: **Ыр:**

1. Бешик ырлары.
2. Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар.
3. Беймарал маандайдагы ырлар.
4. Эмгек ырлары.
5. Насаат ырлары.
6. Тирилик ырлары.

7. Тарыхый ырлар.

**Жамак** (кенже жанр) 1. Жанылмач. 2. Табышмак. 3. Апыртма (калп). 4. Макал. 5. Ылакап

**Жомок:** 1. Уламыш. 2. Болмуш. 3. Тамсил. 4. Жөө жомок. 5. Дастан (эпос)

Булардын ич ара тармактары. Маселен:

**Бешик ырлары**: 1. Алдей. 2. Салбилек. 3. Тайбөбөк (тушоо кесүү)

**Дүйнө таануу жөнүндө ырлар**: 1. Өсүмдүктөр жөнүндө. 2. Макулуктар жөнүндө. 3. Айбанаттар жөнүндө. 4. Мезгил – маал жөнүндө.

**Беймарал маанайдагы ырлар**: 1. Теребел. 2. Саякаттама. 3. Оюн. 4. Эликтөө

**Жөө жомок:** 1. Кереметтүү. 2. Айбанаттар жөнүндө. 3. Тиричилик жөнүндө.

**Дастан** (эпос) : 1. Улуу эпос. 2. Кенже эпос. а) баатырдык, б)турмуштук, в) тарыхый болуп бөлүнөт.

Демек, жогорудагы элдик оозеки чыгармачылыгынын классификациясына саресеп салганыбызда өзгөчө балдар фольклоруна негизги көңүл бөлүнгөндүгү байкалат. Анткени элдик оозеки чыгармачылыгындагы балдар фольклорунун негизги максаты алардын кичинекей кезинен тартып, сезимтал, сергек, акыл-эстүү, адептүү, өзгөчө дени сак адам болуп тарбиялануусуна негизги көнүлдүн коюлгандыгы. Ошондон улам балада биз жогоруда белилеген өзөктүү мүнөздүк сапаттардын калыптанышы үчүн балдар ырлары булак болуп берген. Алар: «Баланын саламаттыгы жөнүндө камкордукту бешик ырларынан, оюн ырларынан; Баланын ыйманы жана акыл-эси туурасындагы тарбияны насаат ырларынан; эмгекке көнүктүрүүнү эмгек ырларынан, объективдүү дүйнө жөнүндө эстетикалык элес калтырууну – Дүйнө таануу ырларынан жолуктурабыз (аталган китептин 18 – бети).

Кыргыз элинин элдик педагогикасындагы баланы тарбиялоонун факторлорунун бири - бешик ыры. Бул ырлар жалпысынан бешикке бөлөө, баланы уктатуу учуруна байланышканы менен ырдын табиятын жалаң эле бешикке байлап койгондо болбойт, ошондой эле жалаң уктатуу максатында да эмес. «Эненин бешик ыры – уул-кыздын өмүр жашоосунун башаты. Анда эне сүтү да, эне тили да, ата салты да, Ата Журту да, анын тарыхы да чөгөрүлгөн» [С.Рысбаев Сөз жөнүндө дастан. –Б.: 2006, 13-бет]. Демек, бешик ыры – кыргыз элинин этнопедагогикалык идеялары сакталган ыйык куту, эне менен баланын мамилесинин, сүйүүсүнүн түйүлдүгү, «эненин бешик ырын укпай өскөн баланын энесиз жетим өскөн баладан айрымасы жок» (Р.Гамзатов). «Бешик ырын өз энесинен укпай чоңойгон бала кийин өз канынан жаралган баласын да эркелетип, мээрим төгө албай калат. Эркелетип өзүнүн чексиз арналган энелик сүйүүсүн айтып жеткирүүчү, мээрин төгүүчү сөз таба албайт. Тапса да, өзүнүн ата-бабасы, Умай энеси айткан ыйык сөздөрдү таба албайт. Тапса да, өзүнүн сөзү супсак болот, кунарсыз болот» [С.Рысбаев Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер –Б.: 1998, 8-9-бет].

Мына ошондуктан бешик ырлары – балдарды тарбиялоо үчүн арналып чыгарылган жана ырдалган. Бешик ырын энелер гана эмес, кыз балдар жашынан үйрөнүп, кийин эне болгонго чейин эле ал чыгармаларды куурчактарын «жаткырууда», «киринтип, ичинтүүдө», кичүү бөбөктөрүн кароодо пайдаланып келишкен. Орто кылымдагы улуу дарыгер жана азыркы медицинанын негиздөөчүлөрүнүн бири Абу Али ибн Сина баланын туура өсүшү жана тарбия алышы үчүн эки нерсе керек дейт, анын бири – аста-секин терметип туруу, экинчиси, ошол терметүүгө кошуп музыка угузуу, демек, бешик ырын ырдоо дейт [Абу Али ибн Сина. Тиб конунлари 1-китеп, - Ташкент, 1959. 293-б.]. Бешик ырлары орто кылымда түрк элдеринде ырдалгандыгы, алар «балу-балу» деп аталгандыгы Махмуд Кашкари-Барсканинин сөздүгүндө жазылып калган [Махмуд Кашкари Девани лугатит

түрк. 3-т. -Ташкент 1963, 251-б.]. Түрктөрдө «нинни», татарларда «элли», «бэлли», каракалпактарда «хэйя», хэйя», өзбектерде «алла» деп айтылган бешик ырлары дээрлик дүйнөнүн бардык эле элдеринде учурайт жана максаты окшош эле болот.

Кыргыз элинде бир эле доордо миңдеген энелер болсо, албетте, орток мурастар болуу менен ар бир эненин өзүнүн бешик ыры болгон, себеби ар бир эне баласына өзүнүн жеке тилегин билдирген. Эне бешик терметип жатып бүгүн ырдаган ырын эртең башкача ырдайт, анткени анын балага айта турган тилеги көп, анын көңүл жагдайлары да ар күнү ар кандай болот [А.Муратов, К.Исаков Кыргыз балдар адабияты. –Б.,2012. 130-131-б.]

Ал эми “Бешик той” салты бардык каада салттардын башталышы. Бешиктин бала тарбиялоодогу аткарган милдетин, касиетин, үй турмушундагы ээлеген орду жөнүндө айта келсек, өзүнчө сырдуу, адамга берген мукүнчүлүгү өтө жогору. Бул ыйык буюм, баланын үйүн, качан, ким тарабынан, кайсы доордо жасалганы жөнүндө эч ким далилдеп айта албашы анык. Элибиздин ичинде не бир укмуш усулдуу акылмандардын касиетинен боз үй жаралгандай эле, бешик да жаралса керек. Бешиктин баланы өстүрүүдөгү орду, өтө ыңгайлуу түзүлүшү жерден жогору болуп, ар кандай аба ырайына карабай бала үчүн жылуу жумшак жатканга оңтойлуу. Эң негизгиси арка омурткасы түз болуп өскөнгө шарт түзөт. Кайсы мезгил болбосун бала үчүн бирдей температураны сактаганы менен өзгөчөлүккө ээ. Көчүп-конуп жүргөн элибиз баланы бөлөп, алдына өңөрүп алып, кайсыл тарап болсо да жол жүрүүгө ыңгайлуу болгон. Канча убакыт жол жүрбөсүн баланын ден соолугуна зыяны тийбегендей шартты бешик түзгөн. Ошондуктан бели катканча, же басып калганча бешикке бөлөп, баланын ден соолугуна өзгөчө камкордук көрүшкөн. Баланын омуртка сөөгүнүн түз болушу анын өсүп жетилишине, бойдун узун болушуна шарт түзөөрүн билишкен. Эгерде баланын бел омурткаларына кичинекей зыян кетип, түз болбосо, өсүүсүнө терс таасирин тийгизээрин, ата-бабаларыбыз жер заманда

эле өздөштүрүп, бешикти ойлоп таап, бала өстүргөн бабалардын кыргыз турмушундагы өзгөчө сыры, касиети бар коомдон орун алган ыйык буюм - Бешик экенин билүүбүз зарыл.

Эми ушул жерден студенттердин Бешик ыры, баланы бешикке салуу ырасымдары тууралуу билимин мындан ары да өркүндөтүү багытында өтүлгөн. Бешикке салуу салтына байланышкан иш-чара тууралуу жана ал аркылуу калыптануучу компетенциялар жөнүндө сөз кылалы:

**Сабактын темасы: Бешик ыры**

**Сабактын максаты:** Элдик ырлар жана салттар аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу, өтүлгөн материалды кийин мектепте пайдаланууга үйрөтүү.

**Сабактын формасы:** сабак-сахна, диспут-сабак.

**Сабакта пайдаланылган каражаттар:** бешик, бешиктин жабуулары, чүкө, сары май

**Сабактын жүрүшү:**

**Алып баруучу:** Кыргыз салттарынын ичинен баланын өмүрүндөгү жентектен кийинки салт, той – бешик тойу, бешикке салуу. Бешикти арчадан, талдан, теректен жасайт. Бешик сатып алганда бешикчи уста менен баалашпайт, сураган акчасын берип алып кетет.

**Студенттерге суроо:** Бешиктин буюмдары, ороо-чулгоолору кайсылар?

**Жооп:** бир күлтүк, эки олпок, төрт жаздык, чарчы ороосу, капчыгы, шимеги, бортко.

**Студенттерге суроо:** Бешикти кайсыл тарап, кандайча кылып жасаган?

**Жооп:** Бешикти төрөгөн келиндин төркүнү тарап, таятасы, таенеси жасап келген, алар жок болсо ошолордун ордун баса тургандар жасаган.

**Студенттерге суроо:** Эмне үчүн? (Бул суроо талаш-тартыш жаратат)

**Студенттерге суроо:** Бешиктеги баланын уул же кыз экенин кайдан билебиз?

**Жооп:** 1-студент: Бешикке эркек бала болсо чүкө таккан, кыз бала болсо үкүнүн канатын же жипке тизилген шуру тагышкан.

2-студент: Кыз же бала бешикке бөлөнө тургандыгын шимектен билебиз. Шимек кыз балдар үчүн өзгөчө, уул балдар үчүн өзгөчө жасалган.

3-студент: Бешиктин жабууларынын билебиз, кыздардыкы кызыл-тазыл болуп өзгөчө шөкөттөлгөн.

**Алып баруучу:** Эми баланы бешикке бөлөйбүз. Бешикке бөлөөгө ким келиши керек.

**Жооп:** Баланын таянеси, чоң энеси.

*Таяне менен чоң эне "биссимилда" деп бешикке жакын келет, экөө эки жагына өтүп, сары май же койдун майы менен бешикти, шимекти майлашат, арча күйгүзүп аластайт:*

*Менин колум эмес,*

*Батма-Зууранын колу*

*Алас-алас,*

*Ар балээден калас! ж.б.*

**Студенттерге суроо:** Бешикти, шимекти эмне үчүн майлап, бешикти аластап, анан гана баланы жаткырат? (Бул суроо талаш-тартыш жаратат).

*Таяне менен чоң эне оң-сол чүкөлөрдү курук бешикке салып, бешикти баш жагынан көтөрүп акырын элеп эңкейтишет, чүкөлөр кыймылдап ылдый карай жыла баштаганда "бар бол", "оң бол", "оң бол", "оң", "оң" деп турушат.*

**Студенттерге суроо:** Бешикке эмне үчүн чүкөлөрдү салат да, "бар бол", "оң бол", "оң бол", "оң", "оң" деп турушат? (Бул суроо талаш-тартыш жаратат).

*Таяне менен чоң эне чүкөлөрдү алып, бешиктин төшөнчүлөрүн камдайт. Алар мындай бата-тилектерди айтат:*

*Бешик апа, бек карма,*

*Умай эне уйку бер.*

*Азем бешигиңе жата кой.*

*Атаң жаткан арча бешик*

*Ак бешик сага кут болсун! ж.б.*

**Студенттерге суроо:** Бешик апа деген ким? Умай эне деген ким? Байбичелер эмне үчүн аларга кайрылып жатат? (Бул суроо талаш-тартыш жаратат).

*Байбичелерге баланы алып келишет. Ошол учурда алардын оозуна боорсок же нан тиштетип коёт.*

**Студенттерге суроо:** Бешикке бөлөп жаткан энелерге эмне үчүн нан же боорсок тиштетип коюшат?  (Бул суроо талаш-тартыш жаратат).

*Ошол кезде келиндин төркүнү, күйөөсү тарап байбичелерге кийит кийгизет. Келиндин бешигине төркүндөрү жети нерсе: жууркан, куржун, кап, баштык ж.б. жабат.*

**Студенттерге суроо:** Эмне үчүн жети нерсе? Эмне үчүн жууркан, куржун, кап, баштык?  (Бул суроо талаш-тартыш жаратат).

*Баланы бөлөп жатканды бешиктин жанынакетмен, күрөк, балта, чот сыяктуу эмгек куралдарын айланта коюшат, же таар жабат.*

**Студенттерге суроо:** Эмне үчүн буларды коёт?  (Бул суроо талаш-тартыш жаратат).

*Баланы бөлөп жаткан байбичелер же дагы улуу аксакалдар мындай бата берет:*

*Бешигиң кептүү болсун,*

*Ата-энең эптүү болсун!*

*Энелүүдөн эрке бол!*

*Өмүрүң узун болсун*

*Өрүшүң жайык болсун,*

*Тукумуң журттан ашып,*

*Тууганың канат болсун ж.б.*

**Студенттерге суроо:** Эмне үчүн балага бата беришет?

*Бешикке бөлөнгөн баласын бешиги менен алып төрөгөн келин төр жакка жана эшик жакка жүгүнөт. Отургандар келинди алкайт.*

**Студенттерге суроо:** Эмне үчүн келин бешикти көтөрүп туруп төргө жана эшик жакка карай жүгүнөт? (Бул суроо да талашка жем таштайт).

**Студенттер хор менен бешик ырын ырдашат:**

Ыйлаба, балам, ыйлаба,
Ата-энеңди кыйнаба!
Эл жайлоодон түшө элек,
Арпа, буудай быша элек.
Куштун жүнү калпагың,
Эл сүйбөсө, сүйбөсүн,
Өзүм сүйгөн аппагым.
Ыйлаба, балам, ыйлаба,
Апакеңди кыйнаба!
Атаң тойго кеткендир,
Ак кисе толгон эт келет.
Энең тойго кеткендир,
Эмчеги толгон сүт келет.
Жийде бекен бешиги,
Жигит бекен акеси?
Өрүк бекен бешиги,
Өбөт бекен акеси?
Тоголок тору тайынан,
Тоголонгон жаныңан.
Алдей, балам, ыйлаба,
Энекеңди кыйнаба!

**Студенттер даярдап келген бешик ырлары тууралуу пикирлер айтылат:** Мисалы, мындай пикирлер айтылды:

“Бешик ырларынын педагогикасы – адамзаттын тарыхындагы эң эле жаратылышка жакын педагогика” [Волков Г.Н. Этнопедагогика. – М., 2000, 90-б.]

“Кыйла жылдары өткөндүн саркындысы, артта калуучулук катары бешикти жериген кездери да болгон. Бешик – ыйык буюм. Себеби, анда жарык дүйнөгө келген наристе жатат. Бул – баланын тазалыгы, организминин ойдогудай өсүшү үчүн тээ ата-бабалардан, касиеттүү Умай энеден калган таберик. Көчүп-конууга да ойдогудай шартташкан. Көчкөндө өз энеси өңөрөт. Жыгылып кетсе, баланын эти оорубайт. Анткени аны бешик сактайт. Ал ошондой оңтойлуу жасалган” [Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] / А.Акматалиев. – Б.: Шам, 2000. – 30-б.]

“Бул мезгилде бала эч нерсени түшүнбөйт, ал кыргыздын бир да сөзүн билбейт, бешик ырына карабай ыйлай берет деп андай чыгармаларды аткарбай койбогон. Бешик ырлары бала үчүн эмес, эне үчүн деп да айтышпаган. Наристе баарын түшүнүп жатат, баарын угуп жатат, бул ырлар бала үчүн дешкен. Чынында эле бешик ырын угуп чоңойгон баланын угуусу, туюусу, сезүүсү жогору болгон...Анда али дүйнөнүн эч нерсесин беле элек наристеге улуу адамдардын сүйүүсү, камкордугу сиңдирилген, гумандуу педагогиканын эң биринчи жана эң эле эффективдүү этабынын башталышы камтылган.” [ Муратов А. Кыргыз балдар адабияты: окуу китебине кошумча колдонмо [Текст] / А.Муратов, К.Исаков. – Б.: Айат, 2012. – 129-130-бб. ]

“Адам жашоосу айлампа сыяктуу. Бала төрөлөт. Төрөлгөн күндөн баштап ага дүйнөдөгү эң асыл ойлор, каалоо-тилектер, алкыш сөздөр багытталат. Анын жан дүйнөсү таза, тарбиясы оң, эмгекти, эл-жерин, адамзат тукумун сүйгөн, ата-энесине камкор адам болуп чоңоюшуна кам көрүлөт. Ал да өзүнүн баласына ушул эле процессти кайталайт. Адам акыры өлөт. Жаңы адам төрөлөт... Адам өмүрүндөгү мезгил менен мейкиндиктин мындай айлампа катышы тирүүлүктүн философиясы, жашоо маңызы. Адам менен табияттын өз ара гармониялуу байланышы. Ушул процесс бешик ырларында айкын сүрөттөлгөн» [Орозова Г. Балдар ырлары / Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук, 1-т. – Б., 2002, 386-387-б].

“...бешик ырынын мукам авазы, жагымдуу обону ымыркайдын музыкалык туюмун, тил татымын ойготууга, өстүрүүгө да көмөк берет. Бешик ыры аркылуу ата-эне чүрпөсүнүн келечеги жөнүндө ички ой-тилегин,

мүдөөсүн, кыялын, үмүтүн, санаасын билдирген” [Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар [Текст] / Ы.Кадыров. – Б.: 2011. – 62-б. 208 б.]

“Эненин бешик ыры наристени тынчтандырып, бейпилдикти тартуулайт, ошол сыяктуу эле чоң адамдарга да ошол балалык күндөрүн эске салып, бейпилдик берет.

Бешик ырларында баланын эле сезимдик кабыл алуусу жана тарбиялануусу берилбестен, эненин да сезими, ой-тилектери, б.а., эненин жан дүйнөсү берилет, ошондуктан бешик ыры аркылуу эне менен наристенин жаратылыштан бир бүтүндүгү далилденет” [Муратова А.М. Эненин бешик ыры – баланын сезимталдыгынын башаты 2013-жылдын 18-19-майында өткөрүлгөн “Этнопедагогика жана тарых: абалы жана келечеги” деген темадагы республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. Атайын чыгарылышы // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2013. - №3 (27). – 48-б]

Эненин бешик ыры – баланын сезимталдыгынын башаты

Андан кийин төмөнкүдөй **тапшырмалар** аткарылды:

1. Элдик бешик ырларын айтуу.
2. Энелери айткан бешик ырларын эстеп ошолорду айтып берүү.
3. Элдик фольклорго окшотуп бешик ырларын чыгаруу.
4. Студенттердин ичинен эне болгондору болсо баласына кандай бешик ырларын ырдап берерин суроо ж.б.

Булар талкуулангандан кийин **проблемалык суроо-жооптор**:

1. Бешик ыры эмне үчүн керек?
2. Бешик ырын ырдабай койсо болбойбу?
3. Коляскадагы жаткан биздин балдар бешик ырын угабы?
4. Бешик – баланын ден соолугун бузабы, же жакшыртабы? ж.б.

Төмөнкү кластердеги байланыштар боюнча ой-пикирлерди айтуу




**Сүрөт 2.1.1. – Бешик ыры менен байланышкан түшүнүктөр**

Өзгөчө балдар ырларындагы байыркы ырларда байыркы элибиздин карт тарыхындагы үрп-адат, каада – салттарыбыз, ырым – жырымыбыз элдин этнопедагокикалык максаттары, психологиялык, философиялык, этнографиялык, тарыхый түшүнүктөргө кеңеш берилген. Ошондуктан балдар ырларындагы этнопедагокикалык идеяларды, алардын таалим – тарбиялык ролун, алар аркылуу балдар фольклорун окуган студенттрдин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун форма методдоруна токтолуу максатка ылайыктуу. Ал үчүн «Этнопедагокикалык» терминине токтолуп көрөлү: Этонопедагоаика – этникалык үй-бүлөнүн, уруунун, элдин, улуттун  көз карашын кайталагыс баалуулуктарын, эмприкалык тажрыйбасын билүүчү илим. Ошол эле мезгилде этнопедагокика – конкреттүү бир этностун элдик каражаттар аркылуу тарбиялоого болгон көз карашы десек да болот. Ал социалдык жана педагогикалык процесстерди жана байланыштарды анализдөө менен элдик маданий салттарын педагогика

га байланыштырып, ошол элдин (этностун) элдик тарбиясынын законченемдүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн изилдейт ошодон улам анын негизги предмети тарбия процесси болуп эсептелет. Ал тарбия маселеси – илимий коомдук тайпада дискуссиянын активдүү предмети болуп саналат.

Этнопедагогика – тарбиянын реалдуу чындыгы жана тарбия процесси катары:

- ❖ - адам жана адамдардын ортосундагы мамилелери
- ❖ - этномаданий чөйрө
- ❖ - этникалык жүрүм-турумдун механизимин маданияты өсүп келе жаткан жаш муундарга өткөрүп берүү.
- ❖ - өзгөчө тарбиялык ишмердиги
- ❖ - ар кандай социалдык чөйрөдөгү шартты көркөм чыгармачылыкка, эмгекке, ж.б. адамдардын бири-бирине байланышы карым-катнашы аркылуу тарбиялоо!
- ❖ - Конкреттүү бир этностун өкүлү аркылуу этномаданиятты калыптандыруу жана өнүктүрүү.

Аталган концентрлик (борбордук) формадагы тарбиянын мазмуну белгилүү системадагы максатка багытталат. Ал максат – идеалдуу жыйынтыкка негизделет. Ошентип негизделген тарбиялык максаттын жыйынтыгы белгилүү бир нравалык баалуулуктарды белгилүү бир системада алып жүргөн тарбиялуу инсан болгуп чыга келет. Бул тарбия ишмердигинин жыйынтыгы жекече же биргелешкен натыйжалуу максатка негизделиши салыштырмалуу идеалдуу образды жаратканга түрткү болот.

Этнопедагогика тарбиялоо – таза жашоо образга терен дүйнөлүк көз карашка, улуттук маданиятка, рухий адеп-ахлакка багытталгандыгы менен өзгөчөлөт. Мына ошондуктан этнопедагокика көбүнчө талап кылууга келечектүү илимий багыт болуп саналат. Ошондуктан этнопедагокика баарынан мурда педагокикалык ишмердиктин аспектисинин мазмунун түзүп, маңызын аныктайт. Ошентип этнопедагогиканын предмети жана

категориясы – тарбия процесси. Анын негизи милдети – тарбиялык, социалдык, этносоциалдык болуп саналат. Же педагогикалык процесстин өнүгүшүндө, максаттын ишке ашышында аткарылат. Бул этнопдеагогикалык процесс – алгач ирет үй-бүлөдөн башталган эч нерсе ажыратууга мүмкүн болбогон бөлүм катары “Этнопедагогика” же ”элдик педагогика“ терминин ар кандай мааниде колдонуп жүрүшөт: В.С. Кукушкинанын ою боюнча “этнопедагогика” жалпы түшүнүк болуп ар кандай элдердин салтын тарбиясына салыштырыпмалуу анализи. “Элдик педагогика” – белгилүү бир этникалык топтук салттык тарбиясы катары каралат. [Московского психолого-социального института -Г.:2002.-С302.]. Ошентип, бул эки терминдин маңызында келечек муундарын тарбиялоо иштери. камтылат Анткени жыл өткөн сайын белгилүү бир эпостун тарыхый тарбиялык традицяларын анын өзгөчөлүктөрүн улам жаңы келечек муунга жашоо тиричилигиндеги улуттук тарыхый жүзүн жоготпостон өткөрүп бергенге умтулат. Этностун бул традициялык өзгөчөлүгү алардын ал же бул маданий традициясын, маданий өзөгүн эле көрсөтпөстөн, ал муундан муунга өткөн маданий нравалык асыл баалууктарын, традицияларындагы элдин тажрыйбалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.

Ал элдик тарбиянын каражаттары катары төмөнкүлөр эсептелет:

*1.* **Руханий:** *1. Эне тили. 2.Ишеним жана дин. 3. Элдик искусство*

2. **Материалдык:** *1. Жаратылыш факторлору. 2. Этностун эмгек ишмердигинин спецификасы.*

*3.* **Социалдык нормативдик:** *1. Салттык система. 2. Ырым-жырым ишмердиги.3.Оюн.4. Коомдук менталитет.*

Чындыгында баланы тарбиялоодо бир гана маданият менен тажрыйбадан чыкпай тарбиялоого мүмкүн эмес. Анткени дүйнө өтө чоң жана ар түрдүү, ал ошондой болгон менен жалпы адамзаттын баалуулугуна жалпы адамзаттын жашоо-тиричилигине байланышкан закон ченемдүүлүгүнө баш иет жана ага таасир этип жашайт. Бирок дүйнө канча чоң болбосун, анда

канча улут жашабасын, ар бир улуттун өзүнчө традициясы болбосун баарында жашаган ата-эненин максаты, эртенки келечек үчүн татыктуу баланы тарбиялап чыгаруу б.с. Ошентип, этнопедагогикалык – конкреттүү бир этносу калыптандырууда тарбиянын негизги каражаты катары рухий маданият, традициялар, тил, дин, жашоо-тиричилик, үй-бүлөлүк бир туугандык ишмердин катары кызмат аткарат.

Ошондуктан балдарды этнопедагогикалык жактан калыптандырууда кыргыз фольклорунун жалпы классификациясы менен балдар фольклорунун классификациясында олуттуу айырма дале жок, себеби кыргыздар улут катары оозеки чыгармаларды айтууда балдарды чондордон бөлүп караган эмес [А. Муратов, К. Исаков. Кыргыз балдар адабияты. –Б.: -2012, 46-47 бет]. Ошондуктан М. Түлөгабылов биз жогоруда белгилегендей балдар фольклорун ыр, жамак ( кенже жанр) жомок деп бөлүп келип буларды да өзүнчө ар бирин жикке бөлгөн. Балдар фольклорун классификациялоодо атайын өзүнчө балдар ырларын жанрдык жикке бөлүүдө Г.Орозованын балдар ырларын 2ге бөлгөнү тагыраак жиктелген сыяктуу. Анда 1-балдар ырлары: 1. Бешик ыры, 2. Оюн ырлары: жаш өзгөчөлүгүнө, аткарылышына жана маанисине карата экиге бөлүнөт.

1.а. Майда жаштагы бөбөктөргө арналган ырлар ( Сал-сал билек, тай-тай балам, манжалардын оюну ж.б.у.с.)

б. Балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылуучу чымчыкейлер.

в. Айлана- чөйрөнү кабыл алуу, баамдоого карата айтылуучу ырлар.

2. Тестиер балдардын оюн ырлары:

а. Акыйнек айтышуу

б. Мал-жанга, жаратылыш кубулуштарына арнап чыгарылган балдар ырлары

в. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги балдар ырлары [Орозова Г. Баш сөз,  балдар фальклору. " Эл адабияты сериясынын 20-тому. Түзгөн жана баш сөзүн жазган Г. Орозова. –Б. 1998, 6-7 бет] деп.

Биздин максатка туура келбегендиктен балдар ырларынын классификациясына кенен токтолгон жокпуз. Ошондуктан балдар ырлары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү биз, Г. Орозованын бөлүштүрүүсү боюнча талдоону эп көрдүк. Анткени "элдик оозеки адабиятыбыз жаш урпакка таалим-тарбия берүүнүн бай-көөнөрбөс тажрыйбасын өзүнө топтогон, ошону менен бирге, жаш муундарды улуулардын үлгү салттарында калыптандыруунун мыкты эрежелеринин көөнөрбөс системасын жараткан. Ал үлгү салттар муундан-мунга өткөн жана жалпы элдик моралдык-психологиялык нормага айланган. Атап айтканда баланы жаштайынан эмгекти сүйүүгө, адептүү, намыстуу болууга, ата салтын, эне адебин урматтоого, аны ыйык тутууга, тапкычтык менен сөзмөрлүккө, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоого жана да көптөгөн мыкты элдик тарбия үлгүлөрүнө үйрөтүү улуулардын милдети катары эсептелет. Бул учурда улуулар эзелтеден эле баланы тарбиялоодо буйрукчулдук менен зордук-зомбулукту эмес, унгулуу сөз каражаттарын, атап айтканда, макал менен ылакаптарды, табышмак менен тамсилдерди, жанылмачтар менен жомокторду, алардагы учкул, таасын ойлор менен образ үлгүлөрүн пайдаланышкан. Мындай маани-мазмундагы адабият баланы тарбиялоонун каражаты болуу менен алардын жан-дүйнөсүнө жетүүчү рухий көпүрө болуп милдет аткарган. Ошентип, эл адабияты элдик тарбиянын алтын бешигине айланган, бала ошол бешике тарбияланып өскөн! Элибиз эзелтеден эле оозунда сөзүнүн эми бар чеченди ко лбаштаган көсөмдөн кем көргөн эмес. Ошон үчүн эл оозунан адамдыктын асыл касиеттерин камтыган өлбөс көркөм сөз байлыктары жаралган, ал өлбөс эл байлыгы- элдик педагогиканын негизин бүгүн да түзүп турат! [Рысбаев С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар  жана портреттер.-Б. 1998 3-4бет]. Анткени ар

бир элдин нарк насилдүү маданияты, ал элдин дөөлөт даражасын, өсүп өнүгүүсүн аныктайт.

Бул маселеден алганда кыргызды таанып билүү үчүн, кыргыз элинин салттарын, адат-жөрөлгөлөрүн, ырым-жырым ишенимдерин тактап айтканда, жогоруда белгилегендей кыргыздын улуутук маданиятын таанып билишибиз абзел. Анткени адамды таанып билбей туруп, анын ички сырткы маданиятын таанып билүү кыйын. Демек буга караганда таанып-билүү адамдан башталып, адамдан бүтөт. Ошол адам турмушундагы ички кайгы, сүйүнүч, толкундануу сыяктуу сезим билдирген лирикалык балдар фольклорунда арбын кездешет. Маселен, бул өзгөчөлүктөр балага байланыштуу каада-салт жөрөлгөлөрдө алар аткарылып келген. Адегенде “азан чакыруу”, “ат коюу” кыргыздарда жакшы каада болгондугун жана анда адамдардын ички дүйнөсүндөгү сүйүнүү, толкундануу сезимдери чагылдырылгандыгын төмөндөгү “Ат коюу” айтымдарынан даана көрүнөт:

Азан айтып атын коём,
Тенир берген затын коём,
Уул болсо жоодон сактаар,
Эне эмизген сүтүн актаар.
Атаандашпай малын багаар,
Жерин айдап, данын табаар
Атасынын мээнети кайтаар,
Алдына булбул тартаар.
Аз кыз болсо кырк женеке,
Кийиз жасап үйүн жабаар.
Энесинин ишин ачаар,
Гүлдөй, гүлдөп сайма саяр”- деп, уул болсо, элин жоодон коргоп баатыр, адилет, иштерман, жетекчил, адептүү болуп атасынын тилегин аткараар, кыз болсо, энесинин жолун жолдоп, эмгекчил, эпчил, үй ишине тын, үйүн чебер колу менен гүлдөткөн билерман болуусун тилек кылышкан.

Мындай жөрөлгөлөргө “Бала оозантуу”, “Сүйүнчүлөө”, “Көрүндүк”, “Жентек”, “Жентектөө”, “Бешик той” берилүү менен бала бешикке салынганда бала тынч уктоо үчүн бөлөнгөн. Ошол эле мезгилде бешикке салынган баланы жөн гана уктатуу үчүн бөлөнбөстөн, эне бешиктеги баласын назик терметүү аркылуу, ар кандай тилек, үмүттөрүн обонго салып ырдап терметишкен:

Алдей-алдей бөбөгүм,
Алдей-алдей бөбөгүм!
Элин багып, сыйлаган.
Эмгекчил болгун бөбөгүм!

Алдей-алдей бөбөгүм,
Алдей-алдей бөбөгүм!
Короон толгон койлуу бол,
Өрүшүн толгон малдуу бол!
Кампан толгон дандуу бол!

Алдей-алдей бөбөгүм,
Алдей-алдей бөбөгүм.
Бабан айкөл Манастай,
Баатыр юолгун, эр болгун,

Кабылан болгун, шер болгун!-деп, эмгекчил, бай, короон толо кой болсун, өрүшүн толо мал болсун, кампан толо дандуу бол! Бабан айкөл Манастай кабылан, шер бол, деп терметкен бешигинин ыргагына карата бир калыпта солгун ырдоо менен баласынын мүнөзүндө жогоруда апасы тилек кылганмүнөздүк сапаттардын болушун тилеп каалашкан.

Ошол эле мезгилде ал ырларда эненин баласына болгон мээрими, сүйүүсү берилген.

Алдей балам, ак балам,

Ак бешикке жат балам.

Айланайын көзүндөн,

Атасына нак балам.

Айланайын чырагым,

Колго бүткөн курагым.

Жакадагы кундузум,

Асмандагы жылдызым.

Демек буга караганда Расул Гамзатов белгилегендей “эненин бешик ырын укпай өскөн баланын энесиз жетим өскөн баладан айырмасы жок. Анткени бешик ыры- кыргыз элинин этнопедагогикалык идеялары сакталган сыяктуу, эне менен баланын мамилесинин, сүйүүсүнүн түйүлдүгү” [А.Муратов, К.Исаков Кыргыз адабияты.-Б 2012. 130-бет]. Анткени “бешик ырын өз энесинен укпай чонойгон бала кийин өз канынан жаралган баласын да эркелетип, мээрим того албай калат. Эркелетип өзүнүн чексиз энелик сүйүүсүн айтып жеткирүүчү, мээримин төгүүчү сөз таба албайт.Тапса да өзүнүн сөзү супсак болот, кумарсыз болот” [Рысбаев С. Жогоруда аталган китептин 8-9 бетинде].

Ошондуктан эне өзүнүн сүтү менен болгон мээримин бешик терметип жатып наристенин ички жан дүйнөсүнө калыптандырат жана аны аруу тилектериндеги касиет, мунөздөргө тарбиялоого аракеттенет. Ошентип убакыт өтүп, наристе чонойгон сайын эне анын жаш өзгөчөлүгүнө жараша оюн ырларын аткратышат. Алардын бири “Салбилек” ыры бала эми отурууга жарап, талпынып, умтулуп калганда аткарылуучу обондуу ыр. Баланын колун көтөрүп, бутун созуп, тилек айтып, денесин чыйралтуунун, эрте бастыруунун эн ийкемдүү жолу:

**1.а.** Сал-сал,сал билек.

Сары майга мал билек.

Коен кошту кош билек.

Көмөктөшкөнак билек.

“Тай-бөбөк”, “Каз-каз”, “Тай кулун”-деген ырлар да баланын алгачкы кыймыл аракетине карата арналып чыгарылып, ата-эненин ички сезиминдеги кубанууну,сүйүнүүнү билдире турган баа жеткис сезимдер:

Тай-тай бөбөк, тай бөбөк,

Алды артына май бөбөк.

Каз-каз бөбөк, каз бөбөк,

Жалкоолонбой бас бөбөк.

Балдардын улам жаны алга умтулууларын өсүп, чоноюп бараткандыгына ата-эненин ичи элжиреп, жүрөгүнүн эзилиши, мээриминин төгүлүшү [Акматалиев А. Балдарга арналган салт жөнүндө ырым-жырымдар. Кыргыз адабиятынын тарыхы.7 томдук.1-т-Б,2002, 446-бет].

Баланын кыймыл аракет менен коштолгон эненин бул ыры аркылуу наристенин ички дүйнөсүндөгү кубануу сезими козголуп эне менен баланын ортосунда жагымдуу маанай түзүлөт. Улам балага акыл кире баштаганда өзүнүн беш манжасын таанытуу үчүн баш бармагын көрсөтүп бул-баш бармак,сөмөйүн көрсөтүп бадал жүрөк ,ортонун көрсөтүп, ортон оймок ою чиймек, чыпалагын көрсөтүп чыйпылдаган чыпалак деп жагымдуу обон менен улам ар бир колун жумдуруп тааныштырышкан. Муну менен балдарды манжалары менен гана тааныштырбастан, алардын эске тутуусун, дене боюн билүүсүн да калыптандырышкан. Адегенде бул ырды эне аткарса улам наристе чоноюп ал оюнга кызыгып, бара-бара балдар арасында ойнолгондугу бала эмгекке көнүгө баштагандыгынын жана көп нерсе жасоого мүмкүнчүлүгүнүн баардыгынын белгиси болуп саналат. Наристеге мындай тарбия берүүнүн мындай ыкмалары муундан-муунга өтүп адатка айланган.

Кээ бирде ата-энелер баласын алаканына отургузуп алып, экинчи колу менен көкүрөгүнөн кармап өйдө-ылдый же онго солго термелткен. Бул аркылуу наристени акырындан коркпостукка, көнүлүн көтөрүшкө үйрөткөн:

Кана, кана шумкар,

Кана, кана тулпар.

Мына,мына сызды,

Мына,мына тызды.

Кана, кана тоо,

Кана,кана зоо.

Мына,мына энен,

Мына,мына атан.

Ырдын ыргагы тез, жандуу күүлөнгөн кыймылдан корпоосу үчүн бул мэримдүү айтылган ыр балага сүрөөн болот.

“Сал билек”-ырынын өзгөчөлүгү баланын дене-боюнун чыналып өсүшүнө таасир берүүчү тарбиялык ыкмалардын колдолунушу болуп саналат.

Андан кийинки бешик ырынын бул түрү “Тай бөбөккө” наристе кичине аягына туруп калганда айтылып, ата-эне, бир туугандары наристенин бул аракетине кубанып, ага жөлөк-таяк болушуп, ага узун өмүрдү, бактылуу турмушту, ак жолду каалашып:

Тай-тай, тай бөбөк,

Сары майга той бөбөк.

Ата-эненди кубантып

Бактылуудан бол бөбөк!- дешип, наристенин колунан жетелеп бастырышкан. Себеби ага туугандын жагымдуу обон менен коштолгон ырлары балага дем, күч берип, арышын көп ташташына себепкер болгон. Арышын көп-көп таштап тез басуусуна аракеттенгендигинде. Экинчиден наристени жетелеген аамдардын тааныш-бейтааныш болушу анын көпчүлүккө аралашып мамиле түзүшүнө көмөкчү болгондугунда. Бала “чон адамдар менен бирге өз алдынча кадамын шилтейт, мезгил аралыгы, мейкиндик алкагы боюнча чексиз узун жолун баштайт. Бул наристенин өз өмүр жолу. Демек, ал жол эми турмуштун кыймыл-чиймесине алып кирет.

Ал-бүтпөс күрөш жолу" [М. Түлөгабылов. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.-Б: Мектеп 1991. 25-бет].

**1.б.** Балдардын жаман жоруктарын жоюу максатында айтылуучу чымчыкей ырлар мурдагы социалдык таптык мамилелердеги келишпөөчүлүктөрдөн улам келип чыккан.

Бирок бул ырлар эки тараптын көнүлүн калтырган стадияга жетпей, бири-бирин мыскылдап, мазакташуу менен:

Керегеде тарамыш
Пейли жаман кара кыз
Босогодо тарамыш

Бою жаман кара кыз - деп ал каармандын мүнөзүнүн жамандыгын, боюн таза кармай албагандыгын ашкерелешсе, экинчи бир ырда кыз баланын тентектигин, үстү башын таза кармай албагандыгын мыскылдап;

Жерге ойногон улактай,
Тетиги кыз кимдики.
Жабуулаган тайлактай,
Тетиги кыз кимдики.

Кумга ойногон улактай,
Тетиги кыз кимдики.
Куйкалаган шыйрактай,

Тетиги кыз кимдики- деп ырдын ички мазмунун белгилүү турмуштук көрүнүштөр камтып, эки тарап айтышкан кыздардын образдары аркылуу алардын мүнөздөрүндөгү терс кыялдары ачылып, ырдын таалим-тарбиялык, эстетикалык мазмуну этнопедагогикалык жактан күчтүү таасир калтырып, балдар мүнөзүндөгү кемчиликтерин түшүнүп, аны жоюуга аракет кылгандыктарында

**1.в.** Айлана-чөйрөнү кабыл алуу, баамдоого карата айтылуучу ырларда балдар акыл калчап, кичине болсо да айлана-чөйрөсүн таанып-билип:

Кармап алдык талаадан,
Калдырган чаар көпөлөк.
Карагайдын ичинен,
Кыргый куудук бөпөлөп.

Же Үркөр-үркөр топ жылдыз
Үркөп кайда барасын?
–Жоо желимге барамын
–Жоо желимде эмнен бар?
–Аштык айдаар уулум бар.
Жибек созоор кызым бар.

Же Каак-каак каргалар
Камыш түбү жорголор.
–Жорголор деп ким айтат?
Жортуул жүргөн киши айтат.
–Тай айтат деп ким айтат?
–Таякеси кулду айтат.
–Кулпу айтат деп, ким айтат?
–Кудуктагы бака айтат.

–Киши айтат деп, ким айтат?
–Кишенделүү тай айтат.
–Бака айтат деп ким айтат?
–Бешиктеги бала айтат.

Жогоруда биз мисалга алган ырларда жаратылыштын ар кандай кубулуштарына, асмандагы жылдыздарга, кудуктагы бакага, жан жаныбарларга жана алардын жашоо тиричилигене, жашоо-турмушуна болгон мамиле сүрөттөлөт. Анткени жогоруда окумуштуулар белгилеп өткөндөй

кыргыз фольклорунун ички идеялык мазмунун камтыган элдик этнопедагогикалык ойлор элдин маданиятынын бир бөлүгү болуп саналат. Анткени “табышмак, жанылмач, арман, жомок, кошок, терме, сүйүү, салттык ырлар, санжыра, сынчылык, насаат, чечен сөздөр оозеки чыгармачылыгыбыздын эн түпкү булак башаттары” [Жусупов К. Келечек ээлерине белек: Баш сөз// кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. Түз. А. Кадыров, Д. Сулайманов.-ф: 1987. 5-6 бет] болуп саналуу менен бирге аларда кыргыздын тарбиялык кору, эстетикалык рахаты сакталып, муундан муунга өткөрүлүп берилип келүүдө. Ошондой адабий казынабыздын бири табышмактар болуп эсептелет. Анткени баардык тарбиялардын ичинен акыл тарбиясын биринчи улантып акыл айтуу, үлгү көрсөтүү, буйруу, кенешүү, эркелетүү ж.б.у.с. усулдарды колдонуу зарыл катары санашкан өз тажрыйбаларында колдонуп келишкен. Кыргыз элинин жашоосунда коомдук, тарбиялык, таанытуучулук функциясы жогору турган табышмактардын ролу чон болуп саналат. Анткени табышмактар “чечүү жообун ойлоп табуу үчүн түзүлгөн, көбүнчө ыр сыяктуу уйалышып келеген кыска текст.

2. Сыры жашыруун, белгисиз” [Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. 2-том-Б “ Avrasiya Press 2011. 486-бет] табышмактар аркылуу балдардын акыл-сезимин өстүрүүнү ниет кылышып, ошол эле мезгилде өзүн когоп турган дүйнөнү абстрактуу кабыл алып, кабыл алган нерсесин образдуу ойлоо менен өз оюн ошол алган нерсеси аркылуу, ан-сезиминде пайда болгон, элес, түшүнүктөрдү ага окшош же карама-каршы элести эске түшүртүү сезимдерин калыптандырууга аракет жасашкан. Ошол эле мезгилде алардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну максат кылышып, акылдуу, паам-парасаттуу, кыраакы, сезгич болуштары үчүн ар кандай тапшырмаларды берип, аны изденип табуусу үчүн кам көрүшкөн. Айрыкча өзүн курчап турган табияттын кубулуштарын андап билүүсү үчүн:

“Үчөө ынтымактуу дешет,

Бирөө куюлуп түшөт.

Бирөө кубанып ичет,

Бирөө кулпунуп өсөт. ( Жаан, жер, өсүмдүк)

Оор килем, кага албаймын,

Майда ташты тере албаймын. ( Жер, жылдыз)

-деп жандырмагын талап кылышса, кээде бир эле кубулушка ар кандай мазмундагы табышмактардын жаралгандыгын көрүүгө болот.

Маселен: "Айга" карата;

Он беш күнү достошуп күлөт,

Он беш күнү кабагын бүркөп жүрөт. (Ай)

Они беши терек,

Они беши бак.

Они беши кара,

Они беши ак. (Ай)

Үй үстүндө жарты нан (Ай)

Жабыктагы жарты нан,

Жатып жесем түгөнбөйт. (Ай)

Муз үстүндө булан сөйкө (Ай)

Өзү асманда,

Жарыгы жерде.

Тептегерек чон айнек,

Көлгө түшүп төкпөдү. (Ай)

Бир чети кара,

Бир бети ак.

Терен ойлоп аны тап,

Бир калыпта жүгүрбөс, шок.

Түндө бар да, күндүз жок. (Ай)

Бар десе бар эмес,

Жок десе жок эмес.

Женил бирок көзгө көрүнбөйт.

Жара чапсан бөлүнбөйт,

Суугa окшоп төгүлбөйт. (Аба)

Желип кетсе жеткирбейт.

Жерге түшсө көрүнбөйт. (жамгыр)

Үйүмө кирет,

Жиниме тиет.

Урайын десем,

Таягым тийбейт. (шамал) ж.б.у.с. табышмактарды улуу муундар жаштарга айтып, жандырмагын талап кылуу менен алардын айлана-чөйрөгө, табият кубулуштарына болгон ан-сезимин өстүрүүнү максат кылышкан.

Ошодой эле жомоктордогу окуялардын чиелендириш, же кульминациясын эн жогорку чекке жеткирүү үчүн, же чыгарманын баш каарманы болгон баатырдын кыз тандоосунда же хандык тактыны алууда анын акыл даражасын текшерүү максатында чиеленген табышмактарды берип, эгер ушул табышмактын жандырмагын чече алсан максатына жетесин, же кызды аласын деген шарттарды коюшкан.

Балдар арасында табышмак айтуунун ыкмасы ар түрдүүчө. Маселен; команда же топ-топ болуп жарышкан табышмакты таба албаган топ, женилүүгө учурайт, шарт боюнча коюлган талапты же жазаны аткарышкан.

Келечек муундун чыгрмачыл ойлоосун, логикасын, сөздүк корун өстүрүүдө, акыл-сезимин жогорулатууда табышмактын элдик педагогикада орду баа жеткис. “Табышмактар акылга ылайыкталган, поэтикасы жогору, көбү нравалык идеяларды алып жүрөт” [Волков Т.Н. Этнопедагогика – М. 2000. 80-бет]. Анын чыгыш доору, типтик тарбиялык мааниси жагынан эн байыркылардан болуп эсептелет. Ошондуктан жаратылыш, анын кубулуштары тууралуу табышмактардын басымдуу болгондугу да ошого байланыштуу болсо керек деген ой келет. Табышмактардагы дагы бир белгилөөчү нерсе, ички мазмунунун адам турмушу менен байланыштуулугу.

“Кармаласам колума кирбейт,
Көрүнбөй келип, көзүмдү ирмейт.
Доошу кулагыма чуулдап турат,
Дүйнөдө жансыз учкул зат. (Шамал)

Же Элексиз элеп
Даяр ун берет
Жебейбиз аны
Бирок турмушта керек (Кар)

Же Ааламга бир жан келди,
Үнү бар, сөзү жок ( Жаны төрөлгөн бала)

Же Конок келди алсыз,
Ат байладым жалгыз.
Кой союп бердим кансыз,
Үйүбүзгө мейман келди.
Сүйлө десе алы жок,
Мингени бир сонун ат.
Бирок анын жаны жок,
Союшу бар эки кой,
Эти бар да, сөөгү жок. (Бала, бешик, эмгек)

Наристе кичине чоноё баштагандан баштап, аларды аалам менен тааныштыруу максатында өзүн курчап турган чөйрө (үй-бүлө, эмеректер, табигаттын кубулуштары) тууралуу маалымат берген чыгармалар пайда болгон. Анткени эми эле тили чыгып ширин сөздөрү аркылуу үй-бүлөнү сүйүнтгөн балдар үчүн аалам кубулуштары менен тааныштыруу эң негизги тарбия болуп эсептелген. Себеби чөйрөнү балага тааныштыруудагы ырлардын тематикасы, мазмуну да ар тараптуу келип, наристелерге эстетикалык элестерди аң-сезимдерине калтырууда аталган ырлардын ролу чоң болгон. Анткени наристелер айлана-чөйрөнү табигый көрүнүштө кабыл алуу аркылуу алардын жан дүйнөсүндө боорукердик аёо сезимдери

калыптанып, өзүн курчап турган айланага аяр мамиле жасоо менен аларга камкордук кылууга аракеттене тургандыгын кубатташкан. Анткени наристелер айрыкча өзүн курчап турган өсүмдүктөр анын жашоо тиричилиги менен тыгыз байланышта экендигин сезип, ички психологиясында ал өсүмдүктөр өзүнүн жашоо тиричилигинин бир жагы экендигин аңдап билгенден улам:

Жер жарылып чөп чык
Желин жарылып сүт чык.

Какум, какум камкаймак,
Какум,какум камкаймак.
Казан толо, бал каймак,
Жеп коёюн мен аймап.

Ай карагат карагат ,
Мөлтүрөйсүн самсаалап.
Алайын деп кол сунсам,
Асмандашың жарабас.

Кон-кон көпөлөк,
Катуу кеттиң көкөлөп.
Кармап алам качсан да,
Канатың кооз көрүнөт.

Кон-кон көпөлөк,
Кайда учасын көкөлөп.
Куйругуна боо тагып,

Гүлгө салам бөпөлөп-деп, жаратылыштын ар кандай кубулуштарына көңүл буруп алар жөнүндө ой жүгүртүп, айлана-чөйрөнү өзү көргөндөй

кабылдап, баам салып, алар менен өз алдынча карым-катыш жасай баштагандыгын көрөбүз.

Андан тыщкары коомдун өнүгүшүндөгү балдардын жашоо тиричилигиндеги прогресске жараша балдар ырларынын тематикасы кенейип социалдык, саясий, тарыхый окуяларга байланыштуу балдар ырлары пайда болгондугун, Улуу Ата Мекендик согуш мезгилдеги эпистолярдык формада жазылган атасына, агасына, баласына, жалпы жоокерлерге арналып чыгарылган ырлардан да көрүүгө болот. Алардын негизги мазмуну чакырык, үндөө стилиндеги патриоттук сезимге жыш толгон ырлар болгон. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинен кийинки балдар ырларынын ички идеялык-тематикалык мазмунун баё бактылуу балалык, келечекке болгон таттуу кыялдар, үмүт-тилектер түзгөндүгүн байкайбыз.

Эскерте кетүүчү жагдай ЖОЖдордо окуган студенттерге балдар ырларын окутуу аркылуу компетенттүүлүгүн калыптандыруу көбүнчө жогорудагы маалыматтардын баарын лекция жана практикалык семинардык сабактарда ар кандай ыкмаларды колдонуп, өнүктүрүүгө болот. Анткени студенттер балдар ырларын үй-бүлөдөн угуп, бала-бакчадан, мектептен окуп, балдар ырларынын идеалык мазмунунан калыптанган компетенттүүлүктүн андан ары өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Дагы бир белгилөөчү нерсе байыртадан эле ата-бабаларыбыз элдик оюндарга чоң маани берип келгендиги. Анткени кыргыз элинин жашоо тарыхы канчалаган кылымдарды башынан кечирсе да, балдар оюндарын толук болбосо да сактап калгандыгы. Анткени ал оюндарда кыргыз элинин карт тарыхы, үрп-адаты, салт-санаасы сакталып, ал оюндарды ойноо аркылуубалдардын көңүлдөрү көтөрүлүп, ошол эле мезгилде дене түзүлүшү чыңалып, сергек, сезимтал болуп чоңоюшкан. Демек? бул жерде балдар оюндары бир эле көңүл алуучу каражат эмес, баланын аң-сезими өсүп, турмушка болгон даярдыгы негизделе баштагандыгы, кыз-бала куурчак жасап, аны көчүрүп, көчүрүүдө анын жорук-жосундарын жасагандыгы, эркек бала чыбыкты ат кылып минип,

жыгачтардан кылыч, найза жасашып, алар менен урушуп, жаа менен атышып, таштын ар кандай түрлөрүнөн машиналарды жасап ойношкондугунун өзү эле эртенки келечекке көрүлгөн камкордугу болуп саналат. Анткени балдар чоңдордун жүрүм-турумун, жашоодогу ар кандай аракеттерин тез кабыл алып, уккан, көргөндөрүн кайталаганга жөндөмдүү келишет. Ошондуктан карыялар ар бир үй-бүлө ээсин адептүү, ыймандуу болуусун талап кылгандары да элдик педагогиканын акылмандыгы болуп саналат. Белгилөөчү жагдай, кайсы оюндарды албайлы, анда өткөндөгү элдин жашоо-тиричилигине тиешелүү каада-салттык, традициялык элементтер, улуттук атрибуттар сиңдирилип, ар бир оюн белгилүү бир ойду, максатты берип тургандыгы. Ар бир оюндун ойноло турган мезгили, максаты, аткарылуучу жол жобосу бар, жана алар өтө кызыктуу келет. Мисалы "Чикит" оюнунда:

Ак бай, ток бай,
Уяттары жок бай.
Катуу жорго кашка тай.
Кадик болгон башка тай.
Катуу чапса чарчаба,
Жеткирбегин башкага.
Үстүңдөгү жаш бала,
Чабендесиң башкача
Жеткирбегин башкага

Чабалекей чам чуу-уу-у-ум - деп жеңилген баланын артына минип алып баратып ырдаган. Бул көрүнүш бир караганда шаңдуу маанай тартууласа, экинчиден утулган тараптын намыстуу, аракетчил, шамдагай, тырышчаак мүнөздүү касиеттерге ээ болуусуна чакыруу менен тарбиялаган. Ошондой эле тарбиялык мазмундагы "Ак-терек, көк-терек" балдар оюнунда да:

-Ак терек, көк терек,

Бизден сизге ким керек.

-Кетирекей Керимбек,

Келсин бизге тезирээк - деп бет катар тизилген эки тарап, бир-биринен экинчи кол кармашып турган тарапты жарып өтүү менен жеңилген тараптан бир баланы сурашкан

-Ак терек көк терек,

Бизден сизге ким керек.

-Санитарка жетишпейт,

Салый бизге эң керек. - деп экинчи топко келүүчү баланын мүнөздүк артыкчылыктарын сыпаттап чакырышкан.

Ал эми "Чымчыкей" (“Кытыгыламай”) оюнунда " эки бала өздөрү биринин колунун учунан колтугуна чейин чымчып, же кытыгылап, төмөнкү ырды айтып токтогон жерине чейин барып, колтугун кытыгылаган, адегенде алакандан баштап:

Арпа куур, буудай куур,

Ток талкан, ток талкан,

Бул жеринде ак бит,

Бул жеринде көк бит,

Бул жеринде түлкү,

Бул жеринде күлкү - деп кытыгылап,

-чымчыкей

-Чийдин башына конду,

-Өгөй энем сойдукей,

Боор этиме тойдукей-деп ойношкон.

Ал эми манжалардын кеңеши ырда

Бармак: -Ууру кылбайлыбы?

Сөөмөй: -Кылса кылалы.

Ортоң: -Кудайдан кантебиз.

Аты жок: -Кудай келгиче,

Чыпалак: -Кууруп-суурup, жутуп ийебиз.

Мында, бармак -"Уурулук кылбайлыбы?" деген кеңешти баштаган үчүн күнөөсү көп болуп, кыска болуп калган экен. Ортоң -"Кудайдан кантебиз? деп ыйбаа кылгандыгы үчүн күнөөсү жеңил болуп, узун болгон экен. Башка манжалар да өздөрүнүн күнөөсүнө карай, узун, кыска болуп, беш манжа бирдей болбой калган имиш:

Баш бармаак,
Бадал иймек.
Ортоң иймек,
Оюу чиймек

Кичинекей бөпөлөң [Балдар фольклору 20-том.-Б. "Шам" 1998. 44-бет] “Манжалардын кеңеши" оюнунун идеясы аркылуу балдар жаман иш жасоонун аягы жамандык менен бүтөөрүн аңдап билүү менен адилет, чынчыл, намыскөй болууга тарбияланышкан.

"Таш мелжөө"(Таш урганда, урган ташка айтылган"

Акты көр,
Караны көр,
Как жүрөктүн башын көр.
Олокой, солокой,
Оңго тий, солго тий,

Как жүрөктүн башына тий-деп, мелжеген нерсени, же максат кылган нерсесин так аткарууга тарбияланышса, ооз комуз менен коштолуп, ооз комузга уланган жипти чыпалакка илип алып чертишкен "Так-теке" ырында:

Так теке, ай,
Так теке, ай,
Муундарың бош теке ай,
Мүйүздөрүң кош теке ай,
Туяктарың шалактайт.

Кулактарың шалактайт-деп, текелердин кыймыл-аракетин комуздун ыргагына айкалыштырып ырдашкан. "Коён томук тутуу" ырында балдар жакшы мүлжүлгөн коён томукту жутушкан да, алар коён томук адамдын жөндөмүн кууйт дешкен. Анткени коён томук дененин кайсы жерине дөмпөйүп чыкса, ошого жараша жөндөмдүү болот деп таанышкан. Ошондуктан:

Баатыр болсом маңдайыман чык,
Чечен болсом таңдайыман чык.
Чебер болсом колуман чык,
Көрөгөөч болсом көзүмө чык.

Басагаан болсом таманыман чык -деп ниеттенишкен. Мындан тышкары "Каак-каак каргалар", "Каркыра", "Үркөр, үркөр топ жылдыз", "Томпогум", "Турумтай", "Кырмычык", "Мышык", "Баштыгым", "Тайлак", "Биздин кой", "Төл", "Улар", "Тарагым", "Балдар ыры", "Торпогум", "Көпөлөк", "Улагым"," Жээрде тай", "Кайырмак" ж.б. ырларда балдар табигаттагы ар кандай кубулуштарды, айбанаттарды жана алардын жашоодогу ордун ырга кошуп ырдашкан.

Согуш мезгилиндеги балдар ырларынын тематикалары көбүнчө согушка жана кан кечип жүргөн жоокерлерге арналгандыгын "Кырк биринчи жылында", "Аскердеги агайыма", "Баатыр бол", "Агайыма", "Фронттогу аталарга" деген ырлардын идеялык мазмунунан көрүүгө болот.

Балдар фольклорундагы дагы бир жанр калптар болуп эсептелинип, бул жанрдын максаты балдардын фантазиясын өстүрүүдө алардын туйгу-сезимдеринде жашоо-тиричилик, аалам жөнүндө көркөм элес жаратуу менен бирге чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү, кометенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналган. Ошол себетүү калптардын тарбиялык мааниси башка жанрларга караганда өзгөчө спецификага ээ. Анткени калптардын ички мазмуну реалдуу эле көрүнүш, кубулуштарды өзгөчө ыкмада болгондо да күлкү келтирээрлик, таң калыштуу, кызыктуу маанай,

мазмунда сүрөттөп бергендигинде. Анткени калптардын ички мазмунун ачууда эң негизги көркөм каражаттар катары литота менен гипербола колдонулат.

Идеялык-эстетикалык максаты балдардын калп айтууга үйрөтүү жана тарбиялоо эмес, тескерисинче кичине нерседен чоң нерсени таанууга, тапкычтыкка, ар кандай кубулушту көркөм образдуу ойлоп, образдуу кабыл алууга, жалгандан реалдуу чындыкка ажырата билүүгө, ар кандай көрүнүштөн эстетикалык рахат алууга тарбиялайт. Анткени аталган көркөм каражаттар калптардын идеялык-мазмунун, эстетикалык даражасын ачып тургандыгы менен башка жанрлардан айырмаланып тургандыгын "Чегирткеге ишенген кишинин" мисалында көрөлү:

"Көпөлөктүн сүтү менен бет жууганмын, Айт-арапа күнү болгонунда, Чегирткенин тору айгырын минип алып, чекчериле кыз кууганмын. Чылым тарттым көпөлөктүн куу башынан, чыкта түйдүм боз торгойдун чуудасынан. Айыл кечпеген дайрадан кечип чыктым, чегирткенин тору айгырын минип алып туурасынан” [Балдар фольклору 20-том -Б "Шам" 1998. 148 бет].

Элестетип көргүлө кантип адам баласы жок көпөлөктүн сүтү менен бетин жууп, чегирткенин жок тору айгырын туурасынан минип алып кыз кууп калсын, кантип көпөлөктүн куу башынан чылым чегип, айыл кечпеген дайрадан кечип калсын. Бирок ар бир калпты окуп, же угуп жатып жыйынтыгында күлөсүң, анткени анда сатира, ирония коштолуп жүрүп отургандыгы менен да башка жанрлардын өзгөчөлөнүп жаткандыгы. Анткени ар бир калпта көркөм сөздүн сыйкырдуу кудурети менен өзүбүздү курчап турган табигаттын кубулуштары, аалам тууралуу маалымат алып, анын миң түркүн сырларын билип, таңдануубуз артканы чындык.

Кичинемде турна бактым,
Арка-арыгына жабуу жаптым.
Өз энемдин ичинде экенимде,
Чоң атамдын жылкысын бактым.

Чоӊ атамдын баскан изине көл токтоттум,
Көл токтотуп, кырк кулач балык алдым.
Балыгымдын жоон терисин тилип алдым,
Олтуруп тур, дегенде олтуруп тур,

Карагайдын башында,
Кайнап-кайнап көл туруптур,
Бир кумурска менен бир карышкыр күрөшүп туруптур,
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр.
Кумурсканы кой кылып кумга жайдым,
Чегирткени ат кылып, черге миндим.
Чегирткени куш кылып көл кыдырдым,
Чылым кылдым чычкандын куу башынан.
Чылбыр эштим торгойдун чуудасынан.
Сөөгү менен көккө көпүрөө салдым,
Башкасы калп болсо да ушунум чын. [Балдар фольклору 20-том -Б "Шам" 1998. 150-бет].

Ар бир калпты окуп жатып жыйынтыгынан күлүүгө аргасыз болосуӊ. Анткени калптагы лирикалык каармандын образы окурманды ага аргасыз кылуу менен, андагы көркөм сөз каражаттарынын колдонулуу ыкмасына, алардын касиети менен берилип жаткан тарбиялык маанисине таӊ бересиӊ.

Бир жолборс менен бир карышкыр,
Кармашып туруптур.
Жолборсту карышкыр басып алып жеп туруптур,
Башкасы калп болсо да ушунум чын (150-бет ошол китеп)

Демек ар бир айтылган калптарда адам турмушу, жаратылыш, табигый кубулуштарга жасалган логика, реакция, туйгу, сезим, фантазия жуурулушуп, синтезделгендиги менен тарбиялык мааниси жогору болуп саналат.

Дидактикалык жанрдын ичинен табияты, сапаты, формасы, мазмуну

колдонуу ыкмасы боюнча өзгөчөлөнгөн жанр жаңылмачтар болуп саналат.

Анткени байыртадан кыргыз элинде жаш муундардын ички руханий жан дүйнөсүн тазалыкка калыптындырууда бир катар ыкма, формаларды колдонушкан. Себеби негизги максат – балдарды так, таза сүйлөөгө тилин жатыктырып, айтууга оор сөздөрдү туура колдонуу болгон. Себеби сөз байлыгы начар балдар үчүн бул колдонгон ыкмалардын тарбиялык мааниси чоң болгон. Анткени жаңылмачтарды шыдыр айтуу оор. Ошондуктан жаңылмач айта турган бала айта турган жаңылмачын өз алдынча кайталап, ар бир сөзгө аяр мамиле жасап, ар бир сөздү так, жаңылбай, ошол эле мезгилде эрежеси боюнча бат айтууга далаалат жасашкан. Эгерде так айталбай калса, күлкүгө кабылган. Ошондуктан балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жаңылмачтардын жеңил жана оор түрлөрү жаралгандыгы белгилүү. Жаңылмачтардын кандай түрү болсо да күлкү тартуулагандыгы менен өзгөчөлөнөт. Анткени чиеленишкен фонетикалык тосткоолдуктарды жеңишип, ар бир сөздү так айтууга көнүгүшөт. Анткени "жаңылмачтардын өзүнчө көркөм ыкмасы, коодугу бар. Ал негизинен бирдей тыбыштардан жана окшош муундардан турган сөздөрдүн түрмөктөлүп айкалышынан, үндөштүк ээрчишинен келип чыгат жана сөздөрдү бат, ылдам буйдалбай тез айтуу шартын коёт” [Т.Түлөгабылов. Балдар адабияты. –Б. 1991.61-бет.]. Анткени сөздөрдөгү үндөштөрдүн ээрчиши эгер жөнөкөй  болсо тез, татаал болсо алибетте айтуу кыйындыкты туудурат. Ал эми ички идеялык мазмуну турмуштук көрүнүштөрдөн алынып, тематикалык жактан да ар кандай кырдаалдарды камтыйт. Маселен, Атчан барып, алты кучак отун алдым, Алты котур нарга артып алдым- деп мында күнүмдүк эле жашоодогу адам менен жаратылыштын байланышы жөнөкөй формада берилсе, ал эми татаал үндөштүктөрдүн курулушунан жасалган жаныл мачтардын түрмөгү аз болгон менен так айтууга татаалдыкты жаратат. Мазмунунда кадимки Алабатага малды оттотуу төмөндөгүчө берилген.

Алабатага алабаталатпастан,

Алабатага алабаталатып,

Алабатага алабаталатабыз.

Ошондой эле татаал бирок элестүү чагылган жанылмачтардан:

Бир түп тыт туруптур,

Тыттын түбүндө түрп туруптур.

Тытты түрп түртүп туруптурбу,

Түрп тытты түртүп туруптурбу.

Жогорудагы жанылмачтарды балдар айтып жатып, жаратылыштагы кубулуштар, өсүмдүктөр тууралуу кенен маалымат алганга жетишүү менен ар сөздү так, даана адашпай айтканга жетишишет.

Ат семирсе, соорусун чокмоктошмокчу эмес белек,

Эки кайыш, бир тизгин токмоктошмокчу эмес белек!

Мынабу жаш кайышты токмоктошпойсуздарбы?-деген жанылмач татаал жанылмачтарга кирүү менен атты таптоодогу саяпкерлердин иш-аракетин чагылдырат. Биз жогоруда белгилегендей жанылмачтарда балдардын жаш курагына жараша жаралгандыгы белгилүү. Кичинекейлер үчүн тилине анча оор эмес, айтканга женил келген жанылмачтар, балдардын тилин сүйлөөгө тез жатыктырганга ыңгайлуу келгендигин байкайбыз. Мазмуну да кандай темада болбосун элестүүлүгү менен балдар жаттаганга оной келет.

Көзү бүтүк,

Үч күчүк үшүп,

Үч күчүк үшүп,

Үнү бүтүп.

Же,

Кезек-кезек,

Тезек терсек,

Керек дешет,

Кезек тезек.

Белестеги беш кашка кой,
Бешөө беш башка кой.
Беш аласы кунан кой,
Беш аласы дөнөн кой.

Бул жанылмачтардагы көрүнүштөр балдардын күнүмдүк жашоосундагы кездешүүчү көрүнүщтөр. Кадимки эле үч күчүк үшүп, суукта турса, экинчисинде тезекти кезек менен терүү керектиги, үчүнчүсүндө, белестеги беш кашка кой, беш кашка койдун бешөөсү- кунан, бешөөсү дөнөн экендиги айтылат. Буларды айтууда балдар канчалык бир аз болсо да кыйналган менен улам жашы жогорулаган сайын айтуудан кыйналышпай калат. Анткени алар күчүктөрдү, тезектерди, койлорду өз көздөрү менен көрүп, алар менен аралашкандан кийин алар үчүн бул темадагы жаңылмачтарды айтуу анчалык кыйынчылык туудурбашы абзел. Демек, балдар ырлары аркылуу студенттердин компетенттүүлүктөрүн жогоруда белгилегендей лекция жана семинардык сабактар менен бирге өз алдынча иштерди аткарууда да калыптандырууга болот.Ооз эки, жазуу, жана ар кандай графикалык ыкмаларды колдонуу менен.

## 3.3. Элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу

Кептин элдик тарбияда кандай өзгөчө ролу бар экендигин Г.Н.Волков мындай дейт: “кеп-бул адамзатынын улуу руханий байлыктарынын бири жана улуусу”. Күнүмдүк турмушта бала энеси менен сүйлөшүп жатып эле эне тилин өздөштүрөт. Анткени эненин кеби-эң сонун кеп. Ал эми Г.Н.Волковдун “Этнопедогогика” деген эмгегинде Искандер тил жөнүндө: “тил-адамзат жашоосундагы улуу, мистикалык кубулуш. Мен тилдин пайда болуусуна кандайдыр бир анык түшүндүрмөлөр бар экенин билбейм, бирок

тил-адамдар бири-бири менен түшүнүп, чогуу жашаш үчүн берилгенин билем. Ошондуктан элдердин ортосундагы мамиледе өз ара түшүнүүнү издөөдөн башка эч кандай жол жок. Башка жол-адамга болгон зордук-зомбулуктун, бузулуунун, жек көрүүнүн жолу. Элдерге (улуттарга) болгон жек көрүүнү да кошуп коюуга болот”-деп белгилейт.

Чындыгында элдик педагогикада эне тил кол жеткис бийиктикте турат. Ошону менен бирге окутуунун жана тарбиялоонун оозеки каражаттары да бийик даражада турат. Мисалы: акыйнек, макалдатып айтылган сөздөр, жаңылмачтар, макал-ылакаптар, санат-насыяттар, тамсилдер, анегдоттор ж.б. Анткени адам баласынын акыл-ою, анын сөзү, тили, кеби менен байланыштуу. Ошондуктан кыргыз элинде “башында болсо, тилине чыгат” же каймана түрдө адамдын акылын “казанда болсо чөмүчкө чыгат”, “айтылган сөз, атылган ок” деп бекеринен айтылбаган. Адам баласынын жашоосунда сөздүн күчү укмуш. Ошондуктан бир сөз аркылуу өлүүгө да, тирилүүгө да болот. Анткени адам баласынын тооба кылуусу, өкүнүүсү, кечирим суроосу, үгүттөөсү, ант ичүүсү, бата берүүсү, осуят айтуусу- бул ошол адамдын жан дүйнөсүнүн эң жогорку көрүнүшү болуп саналат. Себеби, тооба кылуунун өзү–ощол адамдын өзүн - өзү таанып билүүсү, акыл оюнун, уятынын, адептүүлүгүнүн б.а. компотенттүүлүгүнүн жогорку деңгээли болуп саналат.

Элдик педагогикада адамдын жүрүм-турумуна, аң сезимине, сезимдерине болгон таасирдин оозеки формалары көп түрдүү б.а насаат айтуу, акыл айтуу, түшүндүрүү, буйрук өтүнүч, тапшырма берүү, ырым-жырым, үйрөтүү, каалоо айтуу, кенеш берүү, четин чыгарып сүйлөө, алкыш, айыптоо, жемелөө, убада берүү, сөз-кеп, сүйлөшүү формасында ишке ашат. Анткени сүйлөшүү-элдик тарбиянын эң негизги факторлорунун бири болуп саналат. А.В.Мардахаев; “сүйлөшүү – татаал пландуу, көп кырдуу адамдардын баарлашуусунун өнүгүүсүндөгү процесс”-деп белгилейт. Албетте бул зарылдык өзүнө ишмердүүлүктөгү маалымат алмашууну,

бирдиктүү карым-катнаш стратегиясын башка адамды кабыл алууну, аны түшүнүүнү өз ичине камтыйт. Демек мындан адам баласынын руханий адеп-ахлахты анын оозеки кебине, тилине байланыштуу экендигин, адам баласынын турмушунда сөздүн тарбиялык күчү баа жеткис байлыктыгын белгилөө менен элдик накыл кептер аркылуу ЖОЖдордо студенттердин этнопедогогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга боло тургандыгын аңдадык, өзгөчө накыл кептер аркылуу башкача айтканда нуска сөздөр менен.

Накыл кептер элдик педагогиканын башаты болуу менен бирге ал өзүнө адам баласынын жүрүм-турум эрежелерин, элдик ырым-жырымдарды өз ичине камтыйт. Анткени жүрүм-турумдар-элдик нормаларды камтыган элдин адеп- ахлактык тарбиясы, маданияты, элдин коомдук саясий экономикалык көрсөткүчү. Алар адамдын айлана-чөйрөгө, өз ара жана дүйнө менен карым катнаштарындагы көз караштарынын философиялык туундуларынын көп кылымдык тажрыйбаларынын натыйжасы. Булар жазылбаган мыйзам эреже катары аткарууга милдеттүү болуп, балдарды күнүмдүк турмуш-тиричиликтин маданиятына чакырган. Маселен, бешикке баланы салып жаткан аялдын оозуна боорсок салып турушкан, бул–бала ыйлаак болбосун, оозу дайым нанга толук турсун деген ишеним.Боюнда бар аялын таштап күйөөсү алыс сапарга кете турган болсо, ырымдап аялынын үстүнөн аттап койгон. анткени толгоосу күйөөсү менен кошо кетип калбасын дешкен. Жакшы малды сатаарда же тартууга берээрде шилекейин акырына сыйпап калган.анткени малдын жакшылыгы акырында калсып дешип. Эгерде кулак чуулдаса,”өлүмдөн кабарым бар, бирок камым жок” деп үч жолу айтып коюу керек дешкен. Анткени ал азырынча камым жок деген ишенимди билдирген. Меймандын көзүнчө мышыгыңды”пыш” дебе, себеби меймандын көңүлүнө кетип калышы мүмкүн “мени сүйбө жатат” деп.Үйдү бузаарда эл чакырып. кой союп куран окутат. Анткени үйдүн ээси жана Алла ыраазы болсун деп. Үйлөнүп жаткан бала жактын ата-энеси кыз тарапка келгенде

кудаларына ун чачып тосуп алган. Ундай ак, таза куда бололу дешип ырымдашкан.

Ошол эле учурда бул жасалган ырым-жырым, жөрөлгөлөр улуулардын таалим-тарбия берүүчү негизги милдети катары кабыл алынган. Жаштарды адептүүлүккө, түз жолго, нысатуулукка, абийирдүүлүккө, калыстыкка, адилеттүүлүкө, ыймандуулукка ж.б. үндөгөн жүрүм-турумдар, ырым-жырымдар улам кийинки муундан акыл-туюмуна орноп, атадан балага, кылымдан кылымга өтүп, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет [Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор (Баш сөзүн жазган Ж.Ы.Койчуманов; түзгөн. Ж.Ы.Койчуманов, Н.Кадыров К.Р Билим берүү академиясы-Б.2012.459.б.]. Бул накыл кептер жөнөкөй сөздөр катары сезилгени менен анын ички маани-маңызында философиялык тереңдик жана олуттуу тарбиялык касиет жатат. Накыл кептерди анализдөөдө тематикалык-идеялык аспекте анализге алууну максат кылдык. Маселен накыл кептердеги "адам" темасында "Адамга бычак кезебе, анты болот", "Адамга далынды тозуп турба, бул адепсиздиктин белгиси", "Адамга жакшылык кылууну унутпа", "Адамды ийнинен баспа (кемсинтпе, өзүндү төмөн санаба)", "Адамды малча санаба", "Адамдын айыбын издөөчү болбо", "Адамдын башынан жаздыкты сууруп алба" (өлгөн адамдын башынан жаздыкты сууруп алат) ж.б.у.с оозеки формада айтылган накыл кептер адамга буйрук иретинде айтылуу менен бул баардык руханий кептер адамдын руханий жан-дүйнөсүндө адептүү, гумандуу мүнөздөрдү калыптандырууга аракет жасалат. Анткени биринчи накыл кепте бычак бул өткүр курал эгер бул куралды акыл калчап колдонбосоң, жаман нерсе жасап алышын мүмкүн. Ошондуктан акылың менен иш кыл деген таалим жатса, экинчисинде адамга далысын салып отуруу, адепсиздик экендиги, үчүнчүсүндө адам баласы ар дайым бири-бирине жакщылык кылуу керектиги, анткени жакшы чөйрө бири-бирине жакшы мамиледен түзүлөөрү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы кепте, ар бир адамды кемсинтип, өзүңдү алардан жогору койбоо малча мамиле

жасабоо, айбын ачпоо, өзүн көтөрүү адамдын мүнөзүндөгү терс касиет болоорлугу, жетинчи накыл кепте адамдын башынан жаздыгын сууруу адепсиздиктин белгиси бул кылыкты жасабоо керектиги сыяктуу таалим тарбия улуу адамдар тарабынан айтылып келген.

Ал эми “айран, сүттүн калдыгын тебеленди жерге төкпө” деген накыл кепте актыктын аруулугун, “Айткандын айдоочусу болбо” деген сөздө – жетеленди болбо, адам болгондон кийин өзүңдүн сөзүң, өзүңдүн көз караш, пикириң болуу керектиги, экинчи бир адамдан ошол касиети менен айырмалана тургандыгы, “Айткандын айдоочусу болбо, жалкоонун жардамчысы болбо” деген накыл кеп аркылуу дагы бир жолу бул таалим бекемделет. Анткени ар бир накыл кеп бул жерде компетенттүү- тарбия берүүнүн продуктусу катары экинчи бир инсандын таанып билүүчүлүк, дүйнөдө өз ордун табышына таасир этүүчү эң чоң күч катары колдонулду “Алты саны аман адам буюмду кесирленбей, колу менен жылдырышы лаазим”. Себеби колу жок адам гана буюмга ошондой мамиле жасайт делсе, “Ардактуу адам алдында озунба, кадырлуу адам көзүнчө каткырба” деп, бир нерсени алаарда улуу адам жанында турса андан озунуп кол сунуу же каткыруу адепсиздик, ошондуктан ал жаман адаттан кач, “Адам бол” деген улуу насыят жатса, “Атым теппейт, итим каппайт” дебе анткени алар канткен менен- айбан. Ошол эле мезгилде бул накыл кептин терең мазмунунда, бардык эле мезгилде адам баласы жакшы боло бербейт. Ошондуктан ар дайым өзүңө ишен деген идея жатат, адам баласынын турмушунда накыл кептер баа жеткис байлык катары роль ойнойт.

Элдик педагогикада сөздүн кудуретинин сезимге болгон таасири, адамдын жүрүм-турумунда, аң-сезиминде көп образдуу чагылат. Ошондуктан сөз кудуретинин адамга болгон таасири, таалим-тарбиясы көп бөлүктүү жана алар ар кандай ыкмада берилет. Маселен элдик педагогикадагы накыл кептердин насаат, каалоо ыкмасында (аялдарга, кыздарга карата) айтылгандары: “ Балага жаңы кийим кийгизгенде бетинен

өөп кой", "Беймаал убакта орулууну сурап барба", "Бешикке өбөктөбө", "Бешикти бутуң менен теппе", "Бирөөгө карап керилип чоюлба", "Бирөөнү шылдыңдап күлбө, өзүң ошол кишинин кейпин кийип калышың мүмкүн". "Бирөөнү ыйлатпа көз жашы сени акыры сени соо койбойт", "Дасторконду тетири салба", "Жаны келген келинге күйөөсү жок аял биринчи жоолук салбайт" деп насаат айтылган.

Накыл кептердин ичинде буйрук берүү ыкмасында айтылгандары да арбын кездешет маселен: "Жол жүргөндө улуудан озбо!", "Жума күнү жолго чыкпа!", "Кайрылып ачаар эшикти катуу жаппа!", "Каратып туруп калп айтпа!", "Керексиз кепти сүйлөбө!", "Колдон келгенди элден аяба!", "Колуңдун майын нанга аарчыба!", "Күн шашкеге чейин жатпа!", "Нанды жерге таштаба!" деп, улуулар кичүүлөргө карата буйрук берүү ыкмасында тарбия беришкен. Элдик фольклордо кеңеш, сунуш катары айтылган накыл кептер, ырым-жырымдар да арбын: "Конок үйдөн чыккыча ичиңдеги уйгу-туйгунду басып тур", "Көп сүйлөбө, маныз болосун, адашасын, ушакка, жалганга берилип кетесин", "Күн баткандан кийин эркек киши сакал-мурутун алууга болбойт. Жагымсыз окуяга кабылат", "Кыбыланы карап ыйлабаш керек. Улуп жөнү жок ыйлаган жамандыкка алып келет", "Кыз бала жыйылган жүктүн үстүнө отурбайт, ошол үйдүн кутун, ырыскысын баскан болуп эсептелет", "Нанды тегеретип сындырбай, тең бөлүп сындыр, ырыскы үйгө тең болот", "Үй-бүлөнүн ичинен бирөө алыска кетип жатканда үйдү жыйноого, тазалоого болбойт", "Үйдөн чыгаарда оң бут менен кадам ташташ керек, ишиң алдыга жылат", "Үйдү төргө карай шыпырба, душманын көбөйөт".

Жогорудагы накыл кептердин ички мазмунундагы кадырман кыргыз элинин көөнөрбөс идеялары, каада-салты, колдонгон ырым-жырымдарынын терең тарбиялык маани жатат.

Демек ЖОЖдордо окуп жаткан болочок адистин накыл кептер аркылуу компетенттүүлүгүн калыптандыруу ал студент болуп "Кыргыз балдар

адабиятын" окуй баштагандан баштап калыптана баштайт. Башкача айтканда балдар фольклору боюнча лекция угуп, семинарларды өтө баштагандан тартып. Маселен бир семинардык сабактын үлгүсү менен өз оюбузду далилдегенге аракеттенели.

**Сабактын темасы:** Балага байланыштуу накыл кептердин идеялык-тарбиялык мааниси.

**Сабактын максаты:** Аталган тема аркылуу студенттердин лекцияда алган билимин тереңдетүү.

**Билим:** Этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу. Накыл кептердин терең акылга, бай тажрыйбага, баа жеткис тарбияга ээ экендигин билдирүү, көрсөтүү, түшүндүрүү.

**Билгичтик:** Лекцияда алган билимдерин бышыктап, терендетишет. Кыргыз элинин көркөм ойлоосунун бийиктигин, сезиминин даражасын, байыртадан келген бай тажрыйбабызды, накыл-кептерди жашоо-турмушта колдонуунун жолдорун билишет.

**Күндүмдөр** (мамилелер): Алган билим билгичтиктерин практикада колдоно билгенге тарбияланыщат. Фольклордогу бай, асыл, көркөм дөөлөттөрүбүздү аздектегенге үйрөнүшөт. Акыл сезимдери өнүгөт "Адам бол" деген улуу сөздү жүрөгүндө уютуп, ага жетүү үчүн компетенттүү, башкача айтканда чыгармачыл активдүү адис болууга далаалаттанышат жана тарбияланышат.

**Компетентциялар:**

**Сабакта калыптандыруучу компетенциялар жана окутуунун натыйжалары:**

| **Компетенциялардын коддору жана формулировкасы** | **НКББПда көрсөтүлгөн ОН жана аормулировкасы** | **Дисциплина-нын ОН жана Формули ровкасы** | **Теманы ОН жана формулировкас** |
|---|---|---|---|
| **ЖК-13.** Өзүнүн оозеки жана | **Окутуунун** | **Дисциплинан** | -Балдар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жазуу кебин мамлекеттик жана расмий тилде логикалык так, аргументтештирип жана түшүнүктүү кура билүү: жөндөмдүүлүгү.<br>**ЖК-15.** Коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин негизинде социалдык өз ара карым-катышка жөндөмдүүлүк, адамдарды сыйлай билүү, башка маданиятка толеранттуулук, өнөктөштүк мамилелерди колдой билүү<br>**1. Окурмандык компетенттүүлүк**<br>1.1. Накыл кептерди этнопедагогикалык жактан өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында фольклордун өзгөчөлүгүн түшүнүү;<br>1.3. Накыл кептердин идеялык-тарбиялык маанисин талдай билүү;<br>1.4. Ар кандай формадагы накыл кептерди оозеки жана | **натыйжасы 2 -** Накыл кептердеги социалдык-экономикалык жана маданий баалуулуктарды талдоого жана баалоого жөндөмдүү болушат, накыл кептер боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт, өздөрүнүн оюн мамлекеттик жана официалдуу тилде так жана аргументтүү айта алышат, чет тилдерин өздөштүрүшөт.<br>**Натыйжа (1-3)** Балдар фольклорундагы ар бир чыгарманы өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, фольклордогу чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды | **ын окутуунун натыйжасы ОН 2) –** Өздөрүнүн оюн мамлекеттик тилде так жана аргументтүү айта алышат.<br>**Дисциплинаны окутуунун натыйжасы (ОН 1-3) –** Балдар фольклорундагы чыгармаларды өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, балдар фольклору чагылдырган адеп-ахлактык баалуулуктарды түшүнүү жана ар түрдүү типтеги жазуу иштерин жазуу | фольклорундагы боюнча алган билимдери тереңдейт<br>-Накыл кептердин идеялык-тарбиялык маанисин талдашат.<br>-Кыргыз элинин үрп-адаты, каада салты. ырым-жырымдары тууралуу маалымат алышат.<br>-Студенттер этикалык, моралдык жүрүм-турумдун тазалагына тарбияланышат.<br>-Сабырдуулукка үйрөнөт, каада-салтты урматтай билет.<br>-Кечиримдүүлүккө, гумандуулукка, руханий тереңдикке |

| | | | |
|---|---|---|---|
| жазуу түрүндө билүү;<br>**2. Баалуулук-дүйнө таанымдык компетенттүүлүк**<br>2.1.Накыл кептерде чагылдырган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таанымдык категорияларды түшүнүү. | түшүнүү, өз элинин маданиятына жана башка улуттун маданиятына болгон сыйлоо жана ар түрдүү типтеги жазуу иштерин жазуу | | тарбияланышат.<br>-Студенттердин ой жүгүртүүсү, дүйнө таанымы өсөт.<br>-Өз алдынча иштөө жөндөмдүүлүгү калыптанат.<br>-Чыгармачылык жөндөмдүүлүгү өнүгөт.<br>-Сөз байлыгы өсөт. |

**Сабакта колдонулган ыкма:**

1. Эки бөлүктүү күндөлүк
2. Т схемасы
3. Чыгармачыл топ (акындар, артисттер).

***Сабактын жүрүшү:*** Уюштуруу.

Аудитория уюштурулуп, бир тартипке келгенден кийин доскага окутуучунун чакыруусу менен бир кыз, бир эркек студент чыгып алардын көздөрү таныла т да колдоруна бор берилип, эркек балага гүл, кызга китеп тартууну өтүнөт. Убакыттын өтүшү менен доскадагы тапшырма даяр болот. Бирок алардын көзү таныл уу болгондуктан берилген тапшырмалар орундуу чыкпаганы аудиторияны күлкүгө бөлөйт. Студенттердин маанайы көтөрүлөт. Жалпы аудиториянын жандуулугунан пайдаланып окутуучу аудиторияга: Эмне үчүн Жылдызды китеп Эркинди гүл тарттырдым? деп ойлойсунар? деген суроо менен кайрылат. Ар ким аркандай ойлорун айткандан кийин окутуучу алардын пикирин Эркинди гүл тарттырганымдын себеби

байыртадан кыргыз эли кыздарды өтө сыйлап, урматтап келен, ошол сый-урматты улантып Эркин Жылдызга гүл тартуулады. А Жылдыз, акылмандыкты, терең билимди, улуу жана бийик тарбияны үйрөткөн өтө барктуу белек болгон китепти Эркинге тартуулады. Бул жакшы тилектер үчүн экөөнө ыраазычылык билдиребиз-деп колдор чабылат. Кызуу кол чабуулардан кийин окутуучу үйгө берилген тапшырманын Жылдыз менен Эркиндин жасаган белектерине байланышы барбы? деген суроону берет. Ар ким темага байланыштырган оюн айтышат. Жыйынтыгында окутуучу: көрсө, биздин улуу фольклорубуздагы, көөнөрбөс накыл кептер мурдатан эле эл оозунда жашап биздин заманга жетип, алар азыр китептерге жарыяланып, бизди адептүүлүккө, руханий баа жеткис улуу мүнөздүк сыпаттарга тарбиялап жаткандыгы менен баалуу болуп эсептелет экен. Ошондой элдик казынабыздан биз “бала” темасындагы накыл кептерди окуп келүүгө үйгө тапшырма бергенбиз. Анда тапшырманы силерден сурап алуудан мурда силер жуптан болуп тапшырма боюнча ойлорунарды топтоштуруу үчүн 5 минут убакыт берем дейт.

Убакыт бүткөндөн кийин окутуучу студенттерди бирден үчкө чейин санатып, үч тайпага бөлүп, биринчи тайпага “Эки бөлүктүү күндөлүк”, 2-тайпага “Т схемасы”, 3-тайпа “Чыгармачыл топ” катары үй тапшырмасын презентациялоолорун өтүнөт.

Ар бир тайпа бул ыкмаларда мурдатан тапшырмаларын презентация кылып жүрүшсө да, окутуучу баары бир кошумча багыт берип жүрүп отурат. Бул жерде окутуучу келечектеги мугалимдердин этнопедогогикалык компетенттүүлүгүнүн калыптанышында мындай темадагы материалдардын милдеттүү түрдө өздөштүрүлүшү негизги фактор болсо да, бул семинардын сабакта педагогикалык тажрыйбанын ишке ашып жатышы эч нерсе менен алмаштыргыс мааниге ээ болуп саналгандыгына жардамчы болот. Анткени бул процесс болочок мугалимдер үчүн *биринчиден* педагогикалык практика болсо, экинчиден практикалык көмөк болуп саналат. Анткени ал студенттер

биринчиден өзүлөрүнүн мугалимдик кесибин белгилүү бир убакытта практикалап жатса, *экинчиден* өзүнүн адистик компетенттүүлүгүн теориялык- практикалык жактан терендетип жатат. *Үчүнчүдөн,* өз идеяларын тема боюнча презентациялоо менен өздүк этнопедагогикалык компетенцияларын калыптандырып жатышат. *Төртүнчүдөн,* алган теориялык билимдерин практикалап, эртенки жашоо турмушунда, өзгөчө билимди окуучуларга өткөрүүгө даяр адис катары кайтарым тажрыйба жыйнаганга көнүгүшүүдө.

Ошентип белгиленген убакыт өткөндөн кийин студенттер өз идеяларын презентация жасаганга өтүшөт. Биринчи “Эки бөлүктүү күндөлүк” стратегиясын аткарган топ, үч ватмандан турган идеяларын төмөндөгүдөй формада аудиторияга баяндашты.

Тема: “Бала” темасына байланыштуу накыл кептердин идеялык тарбиялык мааниси.

**Тайпа №1**

| | ***Цитата*** | ***Комментарий*** | ***Идеялык-тарбиялык мааниси. Компетенттүүлүгү.*** |
|---|---|---|---|
| | **Жазуу методунда:** Бала адамдын канаты.<br>Бала бактынын бир шооласы.<br>Бала боор эт менен тең.<br>Баладан пайгамбарлык сөз чыгат.<br>Бала жылмайса аалам жылмаят.<br>Балалуу үй-күлкүнүн куту. | Бул жашоодогу баланын орду, бала адамга канат, шоола, боор эт менен тең, пайгамбардай улуу, аруу сөздүн ээси, бала жылмайса аалам жылмаят, балалуу үй-базар сыяктуу баардык жогуң түгөл, эгер ал жок болсо үйүң мазар сыяктуу өтө суук, ал барда күлкүнүн куту жаңырат. Жок болсо | Балалуу болуу, ата болууга умтулуу көп балалуу болуудан качууну тыюу. Ар бир бала өз ырыскысы менен төрөлөөрүн ар бир кыз балага эскертүү менен ыймандуу эне болууга тарбиялайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Баласыз үй-кубанычтын жуту | кубанычтын жуту сыяктанат. | |
| | **Буйрук, кеңеш методунда:** Бала бар үйдө калп сүйлөбө. Балага байкап сүйлөсөң акылына коноор, байкабай сүйлөсөң өрт ичинде болоор. Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр. Баланын тентек болмогу-үйүнөн, эрдин тентек болмогу бийинен. Баланы таяк менен урба, сөз менен ур. | Балалуу болуу бул жашоодо аздык кылат, баланы баягынын баласы деген жакшы атка кондуруу үчүн ага толук кандуу тарбия берүү керек, өзгөчө үйдө ата-эне калп сүйлөшпөстүгү, туура насаат берип, жакшы адамдарга кошуу керектиги, эгерде үйдөн туура тарбия берилсе, ал келечекте жакшы адам болоорлугу, ошон үчүн баланы таяк менен эмес сөз аркылуу тарбиялоо керектиги айтылат. | Баланын адеп-ахлактуу болуусу үйдөгү тарбиядан, үйдө тарбия жакшы болуу үчүн, ата-эне өзү адептүү, паам-парасаттуу, ыймандуу, сабырдуу, позитивдүү көз караштa тарбияланган болушу керек. |

Аткарган күнү: Студенттин аттары:

Экинчи тайпа “**Т** схемасын” түзүүчүлөрдүн идеялары төмөндөгүдөй презентацияланат.

**Тема**: “Бала” темасына байланыштуу накыл кептердин идеялык-тарбиялык мааниси.

| | **Накыл кептер** | + | - |
|---|---|---|---|
| | **Каалоо, кеңеш методунда, оозеки формада:** Балалуу болбогон кубанганды көрбөгөн**,** | Балалуу адамдын көбү кубаныч шаттыкка бөлөнөт. Ошон үчүн ар бир адам балалуу болуу үчүн аракеттенсе**,** | Баласыз болуу жашоодогу эң жаман көрүнүш. Андан дагы, баласы өлүү эне үчүн эң жаман кайгы. Анткени эне өлгөн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | баласы өлбөгөн-күйүттү көрбөгөн (билбеген). | өлкөбүздүн келечеги эң жакшы болот. | баласын, өзү өлгүчө эсинен чыгара албайт. Себеби ал жанынан жаралган данеги. |
| | Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр. | Баланын эр жетип жетилүүсү ар бир ата-эне үчүн сыйлык. Ал үчүн ата-эне балага туура тарбия берип, туура мүнөздөрдү калыптандырууга далаалат кылуу жакшы көрүнүш. | Эгер балага туура эмес тарбия берсең, ал бала агрессивдүү, орой, адепсиз, мурдунун учун көргөн бала болуп тарбияланат. |
| | Баланын көптүгүнө чиренбе, ыйманына чирен. | Балдарың ыймандуу болсо, эл алдында кадыр баркың бийик болот. Ыйман-адептүүлүктүн белгиси. Ыймандуу болуу-парз. | Балдарың көп болгону менен алар тарбиясыз болсо, эл алдында кадыр-баркың тебеленет. Марыбайсың, жарыбайсың, башың ийилет, көзүң жер карайт. |
| | Балапандуу казга куш шилтеген мүнүшкөр акмак, балалуу аялга камчы көтөргөн эркек акмак. | Балапандуу казга куш шилтебөө, балалуу аялга кол көтөрбөө керек. Себеби алар ыйык, алар аруу. Аларсыз дүйнө караңгы | Акмак боор таш адамдар гана балалуу казды өлтүрөт, балалуу аялга кол көтөрөт. Бул иш түркөй адамдардын гана колунан келет. |
| | 1.Баласы жоктун-ырысы жок.<br>2.Баласыз үй бактысыз.<br>3. Баласы жоктун небереси жок. | Балалуу болуу бул бакыт, ошондуктан көөп балалуу бизге насип кылсын. Ал үчүн ыймандуу бололу. | Баласыз болсоң ырыскың кем болот. Үйүң бактысыз, тегерегиңде турган, ойногон неберелериң жок, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | кууураган жыгачка окшоп каласың, ээн талаа, эрме чөлдөгү. |
| | 1. алаң жакшы болсо өргө чыгарат, балаң жаман болсо көргө тыгат.<br>2. Балаң жакшы болсо эл башы, жаман болсо эл душманы. | Жакшы тарбия алган бала атаны өргө чыгарып, эл башы кылат. Атанын кадыр-баркын көтөрөт. Эл жерге атын чыгарып, таанытат. Ата баласы менен сыймыктанат. | Эгер балаңа начар тарбия берсең, сени көргө тыгат, эл душманы аталтат, эл караган жүзүңдү жер каратат. Эл ичинде кадырың тебеленет. Пас адам болосуң. |

**Үчүнчү** "Чыгармачыл топ" аталган темада накыл кептерди айтып, анын тарбиялык маанисин чечмелеп түшүндүрүп беришти. Бала темасындагы обондуу ырларды аткарып, анын идеялык-тарбиялык маанисин анализге алышты. "Өнөрлүү бала" жомогун сахналаштырып, кемпирдин жалгыз жетим баласынын өнөрүн ролдорго кирип аткарып беришти.

Жыйынтыгында студенттер мурдатан көнгөн адаттары боюнча үч тайпа бири-бирин баалашат. Окутуучу алардын (студенттердин) жыйынтык сөздөрүнө өз пикирин билдирип, бүгүнкү сабакты баалоонун алдында өтүлгөн сабак боюнча сунуштарды угуу менен сабактын максатына жетилгендиги тууралуу акыркы сөзүн айтып, баа коюп жыйынтыктап, келерки сабакка тапшырма берилет.

Ошентип аталган тема боюнча окутуучу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда биринчиден, ал компетенттүүлүктүн мазмундук жагы болгон билимди, экинчиден компетенттүүлүктүн практикалык жагы болгон билгичтикти пайдаланды. Ошол эле мезгилде студент окутуучунун туура, так багыт берүүсү менен теориялык жактан өздөштүргөн билиминин өзөгүн, маани-маңызын билип, өздөштүрүү менен, аны практика жүзүндө кантип колдонууну жаңыча

формада, жаңыча идеяда, алган билимдерин ыңгайлуу чөйрөдө натыйжалуу колдонушуп, жаңы маалыматтарга мобилдүү билимге ээ болушту. Бул жерде этноподагогикалык компетенттүүлүккө калыптануунун каражаты билим, билгичтик болду. Окутуучу бул жерде  болгону багыт берүүчү гана ролду аткарды. А студент эркин окутуучуга көз каранды эмес педагогикалык иш-аракеттин объектиси катары таанылды. Ошентип студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн элдик накыл кептерди окутуу аркылуу калыптандырууда негизинен бул процессте: “предметтик так материал боюнча билим берүү иши жаңыланууга туш болду: окутуунун технологиясын жаңы идеялар, методдор, ыкмалар менен байытууга жол ачылып, мектептин, мугалимдин, окуучунун өз алдынча иштөөсүнө шарттар түзүлдү. Балдардын жекече демилгелери, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү күчөйт; окутуу ишинде жергиликтүү аймактык өзгөчөлүктөр эске алынат, педагогикалык кызматташтыкты, инсанга багыттап окутууну, окутуучу оптималдаштырууну ишке ашырууга мүмкүнчүлүктөр ачылат; креативдүү ой жүгүртүүгө шарт түзүлүп, окуучулар долбоор түзүүгө, изилдөөчүлүккө машыгат; интерактивдүү доска, электрондук окуу китептери баштатан маалыматтык- компютердик технология сабакка киргизилет” (Мусаева В. Кыргыз тилин компотенттүүлүктүн негизинде окутуу.-Б:2014.100б.)  деген В.Мусаеванын пикирине кошулуу менен мындай окуу процессинде *биринчиден,* студенттердин иш-аракети өз алдынча жетектөөчү ишмердүүлүккө айланды. *Экинчиден,* кесипке багыт алып, аны тандоодо дагы чоң роль ойноду. *Үчүнчүдөн,* бул окуу процессиндеги өз алдынча чыгармачылык мүнөздө ишке ашкан педагогикалык ишмердүүлүк кыргыз фольклорундагы көөнөрбөс көркөм баалуулуктардагы этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрдү таанып, билип аны өз мүнөзүндө калыптандырып, белгилүү бир кесиптин ээси болуп, турмуштагы өз ордун таба билүүгө, компетенттүү кесипкөй адис болууга багыт берилди. *Төртүнчүдөн*, студенттердин сбактагы иш-аракеттери жекече турмуш пландарын түзө алгандыгы, аларды иш

жүзүнө ашыруу жолдорун билгендиги алардын билим, билгичтик, көнүмдөрүнүн өсүш деңгээлин далилдөөчү саясий-эстетикалык, моралдык идеяларды иштеп чыгуга көмөк болду. Ошол эле кезде студенттин этнопедагогикалык компетенттүүлүгү көркөм дөөлөттөрдөгү б.а элдик накыл кептердеги баалуулукка багытталуу менен алардын активдүүлүгү негизги мааниге ээ болуп, өз алдынчалыкка умтулуу багыты менен байланышты. Натыйжада студенттер өз алдынча тема боюнча иш-аракет жасоого даяр болушту. Ошол эле мезгилде студенттердин компетенттүүлүгү предметтик-практикалык мамиле менен жеке тажрыйбанын татаал синтези катары жүзөгө ашты.

### 3.4. Элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу

"Адабий билим берүүнүн жалпы максаты - мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп атуулдук адеп-ахлактык позициясын бекемдөө. Мындай максат милдеттерди аткаруу үчүн өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабиятынын мыкты үлгүлөрүн окуучуларга окутуп-үйрөтүү керек: окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылган билимин жана билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырып, адабиятты улуттук жана бүткүл адабияттык негизде кабыл алуусун иштеп чыгуу: инсандык личность катары эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искуствого болгон мамиле-жообун, социалдык калыптандыруу: адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезимдерин жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк көз караштарын өстүрүү:

окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу: окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу" [Кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары: -Б 2006. -206,-207-б.] - деп белгилегендей педагогикалык окуу жайларында билим алып жаткан студенттерге кыргыз балдар фольклорун окутуунун максаты:

- Кыргыз балдар фольклорунун ички мазмуну тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу менен бирге андагы чыгармалардагы эстетикалык, тарбиялык, тематикалык өзгөчөлүктөрүн болочок мугалимдерге ачып берүү менен бирге алардын этнопедагогикалык компоненттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Жогоруда биз көп ирет белгилеп өткөндөй кыргыз балдар адабияты предмети гуманитардык-педагогикалык ЖОЖдордо окутулат. Тактап айтканда педагогикалык факультеттерде жана кыргыз тили жана адабияты адистиктеринде.

Бирок бүгүнкү мезгилдеги илимий-технологиянын арасында жүрүп жаткан атандашуу доорунда мектеп окуучуларынан баштап ЖОЖдордогу студенттерге чейин көркөм чыгармага болгон кызыгуу начарлады. Коомдогу мындай негативдүү көрүнүштүн басымдуулугун жоюу үчүн эзелтеден бери муундан муунга чейин колдонулуп келген улуттук кор, көрөңгөбүздүн руханий асыл баалуулуктарын ЖОЖдун студенттерине, алар аркылуу бала бакчадан баштап, мектеп окуучуларына атайын кесипчилик орто окуу жайларына жеткирүү билим берүү системасындагы улуттук интеллегенциянын зарыл милдеттеринен болуп саналат. Анткени руханий-адептик тарбия - кыргыз балдар фольклорунун ички маани-манызында жатып, ал көөнөрбөс дөөлөттөр кыргыз балдар фольклору аркылуу педагогикалык адистиктеги ЖОЖдордо билим алып жаткан студенттерге

жеткирилет. Алар бул предметти окуп үйрөнүү менен биринчиден, тилдик-коммуникативдик, экинчиден этномаданий, үчүнчүдөн этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрү калыптанат. Жогорудагы 1-бөлүмдөрүбүздө болочок адистерди этнопедагогикалык жактан тарбиялоо боюнча бир нече окумуштуулардын эмгектерин мисалга келтирип кеттик, бирок тилекке каршы бул проблема проблема каралган эмес.

Ошондуктан кыргыз элинин балдар фольклорунда ошонун ичинен жомоктор аркылуу балдарды тарбиялоо эн негизги ролду ойной тургандыгын улуу педагогдор өз эмгектеринде көрсөтүп, белгилеп келишкен. Маселен, К.Д. Ушинский: "жомоктор элдик педагогиканын эн алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким тендеше албайт" десе ал эми улуу педагог В.А.Сухомлинский:" жомоктор- эл маданиятынын рухий байлыгы","бала жомокту окуп, аңдан түшүнүп жатып элдин турмушун жүрөгү менен туюп билет. Жомоктордогу сөздөр баланын аң-сезиминде дайыма жашайт. Фантастикалык көрүнүштөгү жомокту укканда бала өзүн унутуп коёт, мен окутууну жомок угуусуз жомок жаратуусуз элестете албайм" десе, Т.А. Волков жомоктор-адабий чыгарма, фольклор-элдик педагогиканын мурастары, дээрлик алардын баарында таалим-тарбиялык ойлор камтылган" дейт. Ал эми В.Г. Белинский орус жомокторунун элдүүлүгүн, аларда элдик мүнөздүн берилишин жогору баалап, кыялдагы нерселер менен ойдон чыгарылган окуялардын ары жагында реалдуу турмуш, социалдык маселелер турат" деген. Н.А.Добролюбов "эл тарабынан чыгарылган жомоктордо ошол элдин турмушка жана учурга мамилеси, психологиясы чагылдырылат, жомоктор-элдин тирүү физиономиясы" деп эсептеген. К.Д.Ушинский: "балдар жана жомоктор- ажыралгыс, алар бири-бири үчүн жаралган, андыктан аларды кеңири колдонуу керек [Волков Т.Н .Энопедагогика. -М: АКАДЕМА, 2000. -109-б]. Демек, "элдик жомоктордо адеп-ахлак, акыл-эс, эмгек, эстетикалык, дене-бойду өстүрүү, атуулдук, мекенчилдик, ж.б. тарбиянын

баардык түрү ишке ашырылгандыктан, баланы ар тараптуу жетилген инсан даражасына жеткирүүдө жомоктордун мааниси өтө чоң. Ал эми ошол жомоктор жалпы эле дүйнөлүк балдар адабиятынын баа жеткис казынасы" [Абдраева Н.Э. Элдик жомоктор- баланын калыптануусунун башкы каражаты.- Ош. Ош университетинин жарчысы. №4-2015 3-чыгарылыш. 36-б]. Чындыгында бала бакчадан баштап ЖОЖдорго чейин жомоктор аркылуу улуттук баалуулуктарга тарбиялоодо жана ар бир муундун жан дүйнөсүнө бул касиет б.а. улуттук тарбия аркылуу компетенттүүлүгүн өнүктүрүү негизги маселе. Анткени биринчиден ЖОЖдо окуган ар бир студент кыргыз элинин жомокторун үйрөнүп-окуу менен эртен өздөрү барган метептердеги окуучуларга өз билимин өткөзүп, ал жаш муундар ата-бабалардан келе жаткан бул фольклордук чыгармалар менен аларга тиешелүү руханий байлыктарын сездирип билдиришсе, экинчиден бул фольклордун чыгармалар элдик каада-салт, үрп-адаттарды калыптандыруунун, таалим-тарбиянын эң биринчи негизги каражаты экендигин көрсөтүп билдиришет. "Элдик жомок-уламыштар аталардын баатырдык күрөштөрдүн өз эл-жерин сүйүүгө, коргоого, ага аталарча кызмат кылууга үндөө менен, улуттук сезим-туюмун, улут жандуулугун калыптандыруунун эң мыкты каражаты болуп берет жана социалдык активдүүлүгүн, моралдык этикалык жогорку сапаттарын калыптандырууга кызмат кылат" (Рысбаев С.К. "Педагогикалык технологиялар" кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы-Б: 2014.№1 112-бет).

ЖОЖдордо жомокторду окутуу процесси лекцияларда, семинардык сабактарда ишке ашат жана алардын идеялык тематикалык сюжети аркылуу студенттердин компотенттүүлүгү калыптанып өсөт. Маселен жомоктор боюнча лекция өтүү аркылуу студенттердин компенеттүүлүгүн калыптандырууда адегенде жомоктордун тематикасына карай айбанаттар, турмуштук, сыйкырдуу-кереметтүү болуп бөлүнөөрүн жана алардын идеялык мазмунунда кыргыз элинин кылымдар бою оозеки жашап муундан

мууга өтүп келе жаткан улуу фольклору жаштарды улуттук баалуулуктарга тарбиялап келген акылман философиялык көз караштарынын орду, ролу белгиленип өтүлөт. Андан соң айбанаттар жөнүндөгү жомокторго токтолуп, турмуштук, сыйкырдуу жомоктордон болгон айырмачылыгын жана жалпы идеялык окшоштуктары тууралуу маалымат берилет. Өзгөчө окуучулардын руханий адеп-ахлагын калыптандырууда ушул айбанаттар тууралуу жомоктордун ролу чоң экендиги белгиленип өтүлөт. Маселен "Каркыра менен түлкү” жомогу аркылуу түлкүнүн митаам, алдамчы, таш боор, туруксуз, жалганчы экендигин ошол эле мезгилде Каркыранын достукка бекемдигин, мээримдүүлүгүн, боорукерлигин, туруктуулугун, ишеничтүүлүгүн жомоктун сюжетине токтолуу менен студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга болот. Өзгөчө түлкүнүн образындагы терс мүнөздүк сапаттардын саналып өтүшү менен адам баласы мындай мүнөздүк сапаттарды өз мүнөздүк касиеттеринен алыстатуу сунушталат. Ушундай мүнөздөгү турмуштук жомоктордон болгон " Ак көнүл менен Кара көнүл" жомогу аркылуу да студенттердин компетенттүүлүгүн калыптандырууга болот. Маселен: Адам-1. Акылы, ойлоо, сүйлөө жөндөмдүүлүгү бар, өндүрүш куралдарын жасап жана эмгек процессин пайдалана билген жан, киши. 2. Жогорку моралдык жана интеллектуалдык касиеттерди өзүнө топтогон жакшы сапаттары бар киши. 3.Бой тарткан, акыл-эси, билими бар, колунан иш келген киши (өспүрүм, жаш адамдарга карата) [Кыргыз тилинин сөздүгү. 1-бөлүк.-Б: "AVPASYA PRESS"-2011. 32-бет] аталат. Демек, адам-жогорудагы аныктамаларга таянсак, адамгерчилиги жогору инсан. Анткени коом ушундай мүнөздүк касиеттерге толо инсандар көптүгүнөн улам өсүп, өнүгүп олтурат. Ушул көз караш биз мисалга алган жомоктун идеялык мазмунун камтыйт. Анткени жомоктун сюжетиндеги Карасантай өз досу Аксанатайдын адамгерчиликтүүлүгүнөн пайдаланып, колундагы күл азыгын, астындагы минип турган атын, акырында эки көзүн убадасына турбай, достук шертин бузуп тартып алды да ээн талаа, эрме чөлгө

таштап кете берди. Анткени Аксанатай чындыгында ак көнүл адам, ак көнүл- деген көнүлүндө кири жок, арамдыгы жок, кишинин көнүлүн калтырбаган, оюна кек албаган, кекчил эмес адам. Ошол эле мезгилде Ак көнүл ак көрпө жайыл, башкача айтканда- пейили ниети таза, маанайы жарык, келишимдүү, билерман адам. Ошондуктан Кара көнүлдүн берген убадасына ишенип, оокатынан, азыгынан, эки көзүнөн ажырады.

Бирок элде ак көнүлгө Алла берет делинет. Ал эми жамандыктын арты кууш. Ошондон улам Ак көңүл темселеп жүрүп отуруп, шаркырап аккан суунун боюна келип, бир аз суу ичип, чарчаган неме жата кетет. Бою талыкшыган неме бат эле уйкуга кирет. Уктап жатып түш көрөт, түшүндө туулган жеринде, туулган элинде жүрүптүр, алты саны аман экен. Эки көзү мурдагыдан да жакшы көрөт. Айланасына суктана карап жаткан кезде, кимдир бирөө "тур" дейт. Шак тура калса эч нерсе билинбейт, эки көзү мурдагыдай ордунда. Түшүндө көргөн туулган жери ага күч кубат берип, демденип калыптыр. Андан ары жолун улап, жэрге эч нерсеси жок ээн талаа эрме чөлдөн 5 күчүктүү канчыкка жолгуп, колунда болгон бир бир үзүм нанын берип жолун улап, кеч киргенде бир коргонго туш келип, ал жерден түн ортосунда ээн коргондун четине келип аңгемелешкен 9 баатырдын сырларын угуп, эртеси алар айткандай ошол коргондун артындагы 9 дилдесин жайган чычкандын дилдесин алып, андан ары Кунакун деген сарттын короосундагы алтын жамбыны 9 дилдесин берип сатып алып, ошол шаардын ханынын суранчы менен алтын казынасына 600 саржан аркан улаштырып түшүп алтынын ар дайым алып чыгып берип отуруп, ошол шаардын чоң байы атыгып, катын-балалуу болот.

Ошол мезгилде Каракөңүл тентиреп жүрүп отуруп жайылган малга туш болот, аны сураса "Ак көңүлдүкү" дешет. "Тигил алтын чатыр кимдики десе "Ак көңүлдүкү" дейт малчы. Ошондо өз кылыгын сезген Кара көңүл кечирим сурап, Ак көңүлдүн алдына кулдук уруп келет. Ак көрпө жайыл Ак көңүл анын жамандыгын кечирип, сыйлап кийит кийгизип узатат. Ушул даражага

кантип жеткендигинин сырын ичине жашырбай айтып берет. Дагы эле ичи ириген Кара көңүл баягы Ак көңүл конгон коргонго келип жатат. Жаман оюнда Ак көңүлдөй байлыкка жетем деп ойлойт. Аны сезген баягы 9 баатыр баардыгынан айрылдык, бирөө ошондо угуп калган окшойт, эгер бүгүн аны тапсак өлтүрөбүз дешип жабыла чуркап издешет. Кара көңүлдү төбөсү түшкөн коргондун ичинен сүйрөп чыгышын, өлтүрүп, күнүн көккө сыгырып жиберишет. Ошондо улам элде: "Бирөөгө ор казсан терен каз, балким өзүн түшүп калаарсын" деген накыл кеп бар, Анткени Кара көнүл дегендин өзү кыялы терс, таш боор, кыянатчыл, адамга жакшылык кылбаган, кара санатай, ою бузук, ниети жаман, катаал, уятсыз дегенди билдирет. Демек? жогорудагы жомокторду студенттерге түшүндүрүп жатып, билгичтиктерин өнүктүрүп, компетенттүүлүккө тарбиялайбыз. Анткени болочок кесип ээси, эртенки жаш муундарына өз билимдерин элдик педагогиканын казынасы, жомоктор аркылуу жеткирүүгө мүмкүнчүлүгү бар анткени "аларда педагогикалык идеялар камтылган" [Жахангиров Т. Узбек балалар фольклору.- Ташкент 1975. 34-бет].

"Жомоктордун балдарга тарбиялык таасири - кандай гана оор, кыйын нерсе болбосун адам баласы аларды жене алат, акыры чындык, актык адамды бакытка бөлөйт деген ойду синдире алгандыгында" [А.Муратов, Б.Тажикова, К.Акматов. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-китеп. Ош 2015. 128-бет]. Ошентип, бул жерде жомокторду окутуу аркылуу студенттерди компетенттүүлүкө үйрөтүү мүмкүн эместей корүнүнүшү ыктымал. Бирок эгер студент кааласа ал предметтердин билим, билгичтик, көндүмдөрүнөн өздүк жүрүм-турумдарынын түрдүү моделдерин табуу жана аны ар бир сабактарда аппробация-презентация жасоо менен студенттин көнүлүнө жаккан, өзүнүн эстетикалык табитине шайкеш келген адеп-ахлактык жактан ылайыктуу багытты тандап алса да болот. Анткени компетенттүүлүк индивиддин жеке мүнөздүк касиети катары түрдүү формаларда маселен, өзүнүн үстүнөн иштөө, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу ыкмасында да болушу

мүмкүн. Себеби, компетенттүүлүктүн табияты - окутуунун продуктусу, студенттин өзүн-өзү чыгармачылык активдүүлүгүн өркүндөтүүсүнөн келип чыгып, окутуунун технологиясына караганда чыгармачылык өсүү менен чыгармачыл кесипкөйлүктүн (ишмердүүлүктүн) жалпылыгынан көбүрөөк пайда болот. Анткени компетенттүүлүк - студенттин өзүн-өзү өркүндөтүүгө өбөлгө түзүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн иш жүзүндөгү натыйжасы, катары ар бир ЖОЖдун студенти өзүлөрүнүн Кыргыз балдар фольклору боюнча алган билимдерин мектеп окуучуларына натыйжалуу өткөрүп берүү менен компетенттүү окуучуларды мамлекетке даярдап бере алат.

Элдик жомоктор, уламыштар жана аныз кептер аркылуу студенттер этнопедагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууда кесипкөй педагогдун ролу чон. Анткени студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүгүнүн калыптанышында ЖОЖдордун окутуучуларынын иш билгилүүгү негизги ролду ойнойт. Бул аспектиден алганда А.Касымов окутуучунун ( иш билгичтиги ) компетенттүүлүгүн төмөнкү багыттар боюнча аткарылаарын белгилейт: 1) педагогикалык, кесиптик иш билгилик. 2) окутуу- үйрөтүү процессин уюштура билгичтик. 3.) Инсандык психологияга аяр мамиле жасай билгичтик. 4). Билим денгээлинин жетиштүүлүгү, тармактык билимдин бекемдиги. 5). Мугалимдик кесипке берилгендик, педагогдук ишмердүүлүктү аркалоо. 6). Окуу программалары боюнча түшүнүк, кабардарлык денгээли. 7). Коммуникабелдүүлүк. 8). Билимди, билгичтикти жана көндүмдү баалай алуу, баалоо критерийлерин билүү. 9). Квалификацияны жогорулатуу, мыйзамдуулукту билүү.

Негизинен келечектеги компетенттүү мугалимдер жогорудагы тогуз багытты ЖОЖдордо окуп, билип, үйрөнүп чыгуусу керек. Ал үчүн жогоруда көрсөтүлгөн “ кесиптик иш билгилик” ишке ашырылуусу абзел. Бул билгилик 1-кесиптик билгиликтен, 2-педагогикалык ишмердүүлүккө даярдыктан турат. **Биринчисинде** болочок мугалимдердин көз алдында өтүлө турган теманын технологиялык картасы даана, так элестеп туруусу

керек. Башкача айтканда студенттерге бере турган билими, билгичтиги, көндүмдөрү жалпы компетенциялар менен бирге, окуу процессинде кайсы методдор колдонулары, алар кандай формада аткарылаары дайын болуусу шарт. Экинчиден окутуучу- студент өзү окуткан балдар фольклорунун ички мазмунун, ар бир жанрдагы көркөм чыгармаларды, аларга тиешелүү теориялык аныктамаларды эн жөнөкөй жатык тилде түшүндүрүп бере алуусуна жетишүүсү керек. Ал эми “педагогикалык ишмердүүлүккө даярдыкта” мугалимдин берген билими канчалык денгээлде студентге жетти, эгер түшүнбөй калса, кандай ыкмада кайрадан жеткирүү керектигин алдын ала ойлонуштуруу абзел. Ошондуктан берген билимге студенттин физиологиялык, психологиялык, социалдык жактан өнүгүүсү да себеп болоорун андап билүү зарыл. Себеби, студенттин бул өзгөчөлүктөрүнө ылайык окутуунун технологияларын колдонуусуна туура келет.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

**“ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору” деп аталган үчүнчү бапта с**туденттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары катары:

- лабораториялык-практикалык иштерди өткөрүү;
- практикалык багытта аткарылуучу тапшырмалардын топтому;
- окуу викторинасын өткөрүү;
- окуу диспуттарды практикалоо;
- семинар; реферат; тезис;
- конспект;
- лекциялык  сабактардын иштелмелери;
- практикалык сабактардын иштелмелери ж.б.

Балдар ырлары, калптары, табышмактары жана жаңылмачтары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун методдору иштелип чыкты.

Мисалы: Ырларды окутуу: 1. Бешик ырларын окутуу  1. Алдей. 2. Салбилек. 3. Тайбөбөк (тушоо кесүү)

2. Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар.

3. Беймарал маандайдагы ырлар.

4. Эмгек ырлары.

5. Насаат ырлары.

6. Тирилик ырлары.

7. Тарыхый ырлар.

1. Жанылмач. 2. Табышмак. 3. Апыртма (калп). 4. Макал. 5. Ылакап

Жомокторду окутуу: 1. Уламыш. 2. Болмуш. 3. Тамсил. 4. Жөө жомок. 5. Дастандарды окутуу

Дүйнө таануу жөнүндө ырларлы окутуу: 1.Өсүмдүктөр жөнүндө. 2. Макулуктар жөнүндө. 3. Айбанаттар жөнүндө. 4. Мезгил – маал жөнүндө.

Беймарал маанайдагы ырлар: 1. Теребел. 2. Саякаттама. 3. Оюн. 4. Эликтөө.


Жөө жомокторду окутуу: 1. Кереметтүү. 2. Айбанаттар жөнүндө. 3. Тиричилик жөнүндө.

Бул бөлүмдө элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу багытында иликтөө иштери аткарылды.

Элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруунун ыкмалары иштелип чыкты. Стандарттуу окутуунун ыкмалары катары лекция сабагы, семинар сабагы, практикалык сабактар,ал эми, алар менен бирге эле стандарттуу эмес окутуунун ыкмалары да сыноодон өткөрүлдү. Мисалга алсак:

- ✓ Сабак –сахна
- ✓ Сабак-диспут
- ✓ Эки бөлүктүү күндөлүк
- ✓ Цитата комментарий
- ✓ “Т” схемасы ж.б.у.с. окутуунун ар кыл ыкмалары практикадан өткөрүлдү.

Андыктан болочокто мектептерде адабий билим жана тарбия берүүчү мугалимдер, азыркы ЖОЖдун студенттери «Кыргыз балдар адабияты» дисциплинасы курсунда окуу стандартына ылайык төмөндөгүдөй маселелерди этнопедагогикалык, психологиялык, этикалык, философиялык аспектиден өздөштүрүүгө тийиш:




Келечекте педагогикалык адистикке ээ боло турган студенттерге кыргыз элинин элдик балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү аркылуу алдыңкы этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү - ар бир студентте абдан зарыл болуп саналган адамдык асыл сапаттарды калыптандыруунун жалпы методикалык системасын түзүүгө аракеттендик. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз балдар фольклорунда элдик педагогикалык бай идеялар топтолгон, алар улуттун кылымдар бою жыйналып, тазаланып келген руханий байлыгы болуп эсептелет, ошол байлык болочок мугалимдерге, тарбиячыларга өз деңгээлинде үйрөтүлүп, кийинки муунду тарбиялоого кызмат кылышы керек.

## Жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар

**“Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы” деген аталыштагы биринчи бапта к**ыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, андагы этнопедагогикалык билимдер жана алардын азыркы шарттагы маани-

маңызы тастыкталып, кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызынын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы иликтенилди. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгына филологиялык, философиялык, ж.б. илимдин тармактарындагы А.Н Берштам, В.В.Радлов, Г.Валиханов, М.Ауэзов, В.М.Жирмунский, П.Б.Берков, К.Рахматуллин, С. М.Абдрамзон, А.А.Петросян, Е.Д.Поливанов, М.Багданова, Г.Алмаши, К.Тыныстанов, С.Закиров, Б.Керимжанова, А.Акматалиев, С.Мусаев, Ж.Койчуманов, Э.Калдымолдаева, Г.Жамгырчиевалардын эмгегинде дидактикалык чыгармалардан баштап кыргыз элинин энциклопедиясы болгон, "Манас" эпосуна чейин илимий пикирлери белгиленди. Т. Молдо, А.Тыныбеков, И. Арабаев, К.Мифтяков, Ы.Абдырахманов, К.Карасаев, К.Рахматуллин, Ж.Мусаева, Ж.Мукамбаев, А.Токомбаева, П.Ирисов, О.Сооронов, Т.Танаев, Т.Орозовалар эл оозунан фольклорлук чыгармаларды жыйноо менен аларды басмадан чыгарып эл алдына тартуулашкандыгы белгилүү. Жаш муундарды элдик идеялардын негизинде тарбиялоо максатында кыргыз элинин педагог окумуштуулары И.Б.Бекбоев, М.Р.Рахимова, Н.Имаева, Н.Асипова, Э.Мамбетакунов, А.Алимбеков жана башкалардын айткан илимий-методикалык жоболорун белгилеп кетүүгө болот.

Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары катары дидактикалык талаптардан болгон адабий-теориялык, эстетикалык-рухий компетенттүүлүгүн өркүндөтүшүбүз зарыл. *Биринчиден,* адабий-теориялык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдө элдик фольклордун бардык жанрлары башкача айтканда дидактикалык, лирикалык, эпикалык жанрлары боюнча теориялык терең билимдерге ээ кылуубуз керек. *Экинчиден,* студенттер окуган жанрлардагы чыгармалар боюнча рухий – эстетикалык, идеялык коммуникативдүүлүккө ээ кылуубуз керек. Ал үчүн адегенде аларга ал чыгармалардын идеялык-

тематикалык табиятын чыгарманын идеялык-эстетикалык, мазмундук өзгөчөлүгүн ачууга негиз болгон андагы образдар системасынын руханий табиятын билдирүү керек. *Үчүнчүдөн,* ошол образдардын ички мүнөздүк дасмиясы аркылуу элибиздин ички жан дүйнөсүндөгү философиялык көз карашын, улуттук психологиясын, нравалык идеялардын, улутубузга тиешелүү менталитетин билүүгө үйрөтүүменен ага тарбиялашыбыз зарыл маселелерден. *Төртүнчүдөн,* аталган жанрдагы чыгармалардын ички мазмунундагы образдар аркылуу, алардын мүнөзүндөгү он жана терс касиеттерин талдап, анализдеп, алардын мүнөздөрүнөн этнопедогогикалык тарбиялык көрөңгөнү өздүк жан дүйнөлөрүнө сиңирип калыптандырууга үйрөтүүнү көбүнчө практикалык сабактардар ишке ашыруу эффективдүү натыйжа берет. Муну менен балдар фольклорун окуу менен студенттердин компетенттүүлүккү ээ болуусу, демек алардын практикалык сабактарда өзүлөүнүн лекцияда алган билимдерин иш-аракеттери аркылуу жүзөгө ашырууга аракеттенген ишмердиктеринин натыйжасы болуп гана кала берет. Албетте алардын сабакта жараткан ийгиликтери – студенттин билим билгичтик, ккөндүмдөрүн иш жүзүндө тажрыйбалоосунун натыйжасы болуп эсептелет. Мунун өзү – студенттердин билиминин окуу стандарттарынын негизинде, окуу програмамасына ылайык милдеттерди талапка ылайык жөндөмдүүлүктө ишке ашыруусу болуп эсептелет.

**Экинчи бап “Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору” деп аталды** жана, алгач, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн ***изилдөөнүн обьектиси жана предмети*** аныкталды. Ага ылайык, студенттердин этнопедагогикалык

компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору чагылдырылды. *Жалпы дидактикалык методдор катары:*

түшүндүрмө-иллюстративдик методдор**;** репродуктивдүү (кайра кайталап айтып берүү) методдор; проблемалуу баяндоо методу; жарым жартылай изденүүчү, эвристикалык методдор; изилдеп үйрөтүү методдор ж.б. *Окуп-үйрөнүү методдору катары оозеки аткаруу методдору:* лекция, айтып берүү жана аңгемелешүү. Ал эми көрсөтмөлүүлүк методу: иллюстрациялоо, кол менен жана техкаражаттар менен көрсөтүүчү методдор. Практикалык методдорго лабораториялык-практикалык методдордун тобу, студенттердин өз алдынча иштери, адабияттар, маалыматтык таяныч материалдар мене иштөө, өз алдынча жазуу иштери ж.б.

Методдорду тандоодо: окуу мариалдарын анализдөө, синтездөөгө байланышкан, репродуктивдүү жана таанып билүүдөгү ишмердик мамиле, изденүүчү мүнөздөгү аткарылган иштер, ж.б. Оозеки текшерүү иштеринде фронталдуу суроолор, жеке суроолор компьютердик текшерүү ж.б. ишке пайдаланылды. Ал эми жазуу жүзүндө текшерүү учурунда жазуу тесттик иштери, дилбаян-эсселерди жазуу ж.б. иштелип чыкты. Өзүн-өзү текшерүү иштеринде-монологдорду айтуу, жазган иштерин оозеки баяндап берүү, диспуттарга катышуу, конференцияда доклад менен чыгуу, викторинада жооп берүү ж.б. ишке ашырылды.

Педагогикалык эксперименттик методдо төрт окуу жайынан – БатМУдан – 63 студент, ОшМУдан 55студент, ЖАМУдан – 52студент, ОшПИден – 49студент - бардыгы 219 студент камтылды. Кыргыз элинин элдик ырларын, эддик табышмактарды, элдик жаңылмачтарды, элдик макал лакаптарды, элдик накыл кептерди, элдик жомокторду жана алардагы алдыңкы идеяларды окутуп-үйрөтүү аркылуу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу багытындагы биз тараптан иштелип чыккан окутуунун ыкмаларын, формаларын, методдорун камтыган көнүгүү, машыгуулар, практикалык иштер экспериментке коюлуп, сыноодон

өткөрүлүп, сурамжылоолор, анкеталык жумуштар, тесттик тапшырмалар, суроо-жооптор, интервью методдору ишке ашырылды.

Жалпысынан текшерүүчү топто жана эксперименттик топто төрт окуу жайынан 219студент катышып, аталган окуу жайларында билим алып жаткан студенттердин элдик педагогика жаатындагы билим деңгээлдери жагынан, албетте, эки топту салыштырып карап келгенде айырмачылыктар байкалды.

Эксперименттин акыркы жыйынтыктоочу-текшерүүчү этабындагы сандык жана сапаттык көрсөткүчтөр таблицаларда көрсөтүлдү. Текшерүүчү топко караганда эксприменттик топтогу студенттер билим деңгээлдери жагынан артыкчылыктарга ээ болушуп, ийгиликтерге жетишишти. Демек, биз тараптан коюлган окутуунун ыкмалары, формалары жана методдорунун алгылыктуу экендиги, оптималдуу, алдыңкы багыттары практикалык жактан окутуу процессинде тастыкталды жана ал методиканы жалпы окуу жайларына окутууга жайылтуунун зарылдыктары аныкталды.

**“ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору” деп аталган үчүнчү бапта с**туденттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары катары:

-лабораториялык-практикалык иштерди өткөрүү

-практикалык багытта аткарылуучу тапшырмалардын топтому

- окуу викторинасын өткөрүү

-окуу диспуттарды практикалоо

-семинар; реферат; тезис

-конспект

-лекциялык сабактардын иштелмелери

практикалык сабактардын иштелмелери ж.б.

Балдар ырлары, калптары, табышмактары жана жаңылмачтары аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр, аларды калыптандыруунун методдору иштелип чыкты.

Мисалы: Ырларды окутуу: 1. Бешик ырларын окутуу 1. Алдей. 2. Салбилек. 3. Тайбөбөк (тушоо кесүү)

2. Дүйнө таануу жөнүндөгү ырлар.

3. Беймарал маандайдагы ырлар.

4. Эмгек ырлары.

5. Насаат ырлары.

6. Тирилик ырлары.

7. Тарыхый ырлар.

1. Жанылмач. 2. Табышмак. 3. Апыртма (калп). 4. Макал. 5. Ылакап

Жомокторду окутуу: 1. Уламыш. 2. Болмуш. 3. Тамсил. 4. Жөө жомок. 5. Дастандарды окутуу

Дүйнө таануу жөнүндө ырларлы окутуу: 1.Өсүмдүктөр жөнүндө. 2. Макулуктар жөнүндө. 3. Айбанаттар жөнүндө. 4. Мезгил – маал жөнүндө.

Беймарал маанайдагы ырлар: 1. Теребел. 2. Саякаттама. 3. Оюн. 4. Эликтөө

Жөө жомокторду окутуу: 1. Кереметтүү. 2. Айбанаттар жөнүндө. 3. Тиричилик жөнүндө.

Бул главада элдик накыл кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу багытында иликтөө иштери аткарылды.

Элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруунун ыкмалары иштелип чыкты. Стандарттуу окутуунун ыкмалары катары лекция сабагы, семинар сабагы, практикалык сабактар,ал эми, алар менен бирге эле стандарттуу эмес окутуунун ыкмалары да сыноодон өткөрүлдү. Мисалга алсак:

сабак –сахна, сабак-диспут

эки бөлүктүү күндөлүк, цитата комментарий

“Т” схемасы ж.б.

Келечекте педагогикалык адистикке ээ боло турган студенттерге кыргыз элинин элдик балдар фольклорун окутуп-үйрөтүү аркылуу алдыңкы этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү – ар бир студентте абдан зарыл болуп саналган адамдык асыл сапаттарды калыптандыруунун жалпы методикалык моделин түзүүгө аракеттендик.

**Практикалык сунуштар**

1. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттериндеги балдар адабиятынын сааттарын көбөйтүү менен анын мазмунун этнопедагогикалык багытта байытуу

2. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттерине кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында атайын (спец) курстарды киргизүү

3. Аталган курстун жумушчу окуу программасын, окуу-методикалык комплексин түзүү менен окуу куралдарын басып чыгаруу

4. Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында илимий изилдөөлөрдү мындан ары да тереңдетүү

## Пайдаланылган адабияттар.


1. Абдраева Н.Э. Педагогикалык жогорку окуу жайларында “Балдар адабияты” дисциплинасын окутуунун методикасы. Педагогика илимдеринин кандидаттык диссертация. [Текст] Н.Э. Абдраева - Б.: 2012.
2. Абдыракунов Т.Бабалардан калган сөз. [Текст] Т.Абдыракунов – Ф.: Адабият, 1990.
3. Абдыраимованын Р.А. "Истоки духовный культуры кыргызского народа" [Текст] Р.А.Абдыраимова А.П.Н Украины. Ин-т проблем воспитания. -К.: Довира, 1997. -167с.
4. Абдымомунова Г.А. "Манас" эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо. П.и.к окум. д.и.алуу үчүн жазылган дисс-нын авторефераты. [Текст] Абдымомунова Г.А -Б. : 2009. 19-бет.
5. Абдырахманов Т.А., Ногоев М.А., Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле: Окуу-методикалык колдонмо.-Б.:2013.-16б.
6. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы броюнча тандалган эмгектер. [Текст] С.М.Абрамзон. –Б.: 1999. -305с.
7. Абрамзон С.М. Рождение и детство киргизского ребенко. [Текст] С.М.Абрамзон. –М-Л. 1949.
8. Абу Али Ибн Сина.Тиб конунлари.1китеп,Ташкент.-1959.-293б.
9. Айтматов Ч. Балалыгым. [Текст] Ч.Айтматов – Стамбул, 2003.
10. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. [Текст] А.Акматалиев. –Б.: 2000. -124б.
